Каныбек Бокоев




# ЖУСУП МАМАЙ МЕНЕН АРТЫШТАГЫ ЖОЛУГУШУУ


Бишкек -2015

Каныбек Бокоев

# Жусуп Мамай менен Артыштагы жолугушуу

(*эскерүүлөр, ой-толгоолор, тактоолор, суктануулар*)






Бишкек -2015

УДК 821.51
ББК 84ku7-4
Б 78

**Бокоев Каныбек**

Б 78 **Жусуп Мамай менен Артыштагы жолугушуу;** (эскерүүлөр, ой-толгоолор, тактоолор, суктануулар). Б.: «Техник» ББ, 2015. – 145 б.

ISBN 978-9967-467-10-1

Бул китеп-2003-жылы алп манасчы Жусуп Мамай менен Артыш шаарында болгон жолугушуудагы ой толгоолор менен тактоолорго, толуктоолор менен суктануулларга арналды. Көпчүлүк кыргыз жаштары 1918-ж.-2014-ж. чейин жашап, XX жана XXI кк. тирүү гомери атыккан манасчы Жусуп Мамайдын «жети-атасы» КЭРдин аймагына кайдан барып калган деген суроо берип жүрүшөт. Негизи эле 10к.-19к. чейин Үрүмчүдө, Нарында, Улуу Жибек Соода Жолунун боюнда, Чыгыш Түркестанда жашап келген каракыргыздар тууралуу Кыргызстан тарыхы эмне дейт. Балким бир кездерде Жусуп Мамайдын түп аталары Ала-Тоо, Теңир-Тоо, Нарын, Ат-Башы, Какшаал, Кашкар, Ташкент, Букар, Могол тоосуна чейинки зор аймактарды ээлеп, Кара хан жана Моголстан мамлекеттерин кургандыр. Балким алар Самаркандык баскынчы Аксак Темир жана анын уулу Өмөр Шейхтен, Калмак, Цин, Кашкар, Кокон хандыктарынан о.э. Аблай менен Кененсарыдан Кыргыз-Атажуртун коргоп, Кыргыз-Кытай чегин аныктап, Кыргыздын ыйык туусун көтөрүп тургандыр. Эмне үчүн азыркы КЭР жашап жаткан кыргыз жаштары биз бул зор өлкөнүн карамагына кандай шартта келип калганбыз дешсе. Ал эми азыркы эгемен Кыргыз Республикасынын жаштары «кытайлык кыргыздар» бизден кандайча болуп бөлүнүп КЭР карамагында туруп калган дешет. Негизи эле Теңир-Тоолуктар 10-12кк. Кара хан доорунда, 1331-ж. Ата-Башы (Кошой-Коргон) шаары дүйнөлүк картага түшкөндө кайда болушкан. Эмне үчүн 1337-1390-жж. баскынчы Аксак Темирдин регулярдуу армиясына каршы согушкан Нарындык каракыргыздарды «моголстандын жапайы токой арыстандары» деп аташкан. Эмне үчүн Нарындык каракыргыздар 1635-1758-жж. Калмак хандыгынын чапкынында башка кыргыз урууларындай Ала-Тоосун таштап Кулябга кире качпай, «кези келсе колуна курал алып» бир кылымдан ашык мезгил ошол калмактар менен кармашып жанаша жашап, Ала-Тоосунда байыр алып турушкан. Эмне үчүн ошол каракыргыздар 1863-ж Орусия императору Александр-IIге Кыргызстанды кошуп, бүтүндүгүн сактап, 1855-1870-жж. Ысык-Көлдө болуп келген уруу-уруу чабыштарды орус аскерлеринин от чачкан замбиректеринин күчү менен басканга өбөлгө түзгөн. Эмне үчүн 1863-ж.23-апрелинде Орус Өкмөтүнө жазылган катта нарындык каракыргыздар башка кыргыз урууларына «үлгү» болушу мүмкүн деп баса белгилеген деген көптөгөн суроолорго тарыхый туура жооптор изделди.

Б 4702300100-15
ISBN 978-9967-467-10-1

УДК 821.51
ББК 84ku7-4
© **Каныбек Бокоев**, 2015

## Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы

### Жусуп Мамайга «Кыргыз Республикасынын Баатыры» эң жогорку артыкчылык даражасын ыйгаруу жөнүндө

Улуу «Манас» эпосун жана башка эпикалык чыгармаларды сактоо ишине кошкон өзгөчө жеке салымы, ошондой эле Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын байытууга сиңирген зор эмгеги үчүн манасчы Жусуп Мамайга «Ак-Шумкар» өзгөчө белгисин тапшыруу менен «Кыргыз Республикасынын Баатыры» эң жогорку артыкчылык даражасы ыйгарылсын.

Кыргыз Республикасынын
Президенти А.Атамбаев

2014-жылдын 30-майы

# КИРИШҮҮ

Айетул-курсии дубасынын мааниси араб тилинен кыргыз тилине: «Алладан башка теңир жок. Ал тирүү жана түбөлүктүү. Ал үргүлөбөйт да, уктабайт да. Көктө жана жерде эмне бар болсо, баардыгы аныкы. Анын уруксаты болбосо, Анын жанында ким шапаат кыла алат. Алардын алдында жана артында болгон ар нерсени билет. Анын илиминен, анын каалоосунан сырткары эч нерсени биле алышпайт. Анын Курсиими (*билими*) көк менен жерди каптап турат: аларды коргоо Ага эч качан оор келбет. Ал өтө бийик жана өтө улуу» деген түшүнүктөр менен дин китептерине которулуптур. Демек: Жер-Эненин үстүндөгү жалпы адамзат баласына өтө Улуу Теңирдин билими каптап, буюруп турарын советтик мезгилде кайдан билдик. Ооба ошол совет убагында о...ии... Шолохов деген улуу жазуучу экен, бул кишиге акылы жагынан чак келе турган азырынча СССРде адам жокко эсе деп кесе айтып мойнуна койкойгон галустук тагынып жүргөн улууларды бала кезде көп эле кездештирдик. Андагы акыл менен азыркы акылды салыштыруу турмуш чындыгы. 1855-1863-жылдары Ысык-Көлдө болуп жаткан бугу, сарбагыш, саяк чабыштары кыргыздарга жокчулук алып келип, мал менен жан кырылып, эл Текес-Кыяска чейин тентип журт чайпалат. Муну кулагы менен угуп, курсагы кайнап турган Турдуке баатыр менен хан Карымшак көрөгөч көсөмдүк кылып, 1863-жылы эрте жазда Ак-Сайдын Көл-Төр деген жерине курултай чакырат. Натыйжада ошол жылдын 13-октябрында Нарындан-Кашкарга чейинки эли менен жерин Турдуке менен Карымшак Орусия падышасы Александр-IIге өз ыктыяры менен кошот. Орус аскерлеринин от чачкан замбиректери

Ысык-Көлгө келе баштап жогорудагы кандуу чабыш бара-бара 1870-жылдары токтойт. Ошентип жалпы каракыргыздар 1863-1817-жж. чейин Орусия империясынын, 1818-1990-жж. СССРдин курамында туруп мунун натыйжасында 1924-ж. РСФСРдин карамагында Кара-Кыргыз АО, 1926-ж. Кыргыз АССРин, 1936-ж. Кыргыз ССРин түзөт. Мына ушул СССРдин курамындагы 15 союздук республиканын бирөө болуп турган КыргызСovetетик Социалисттик Республикасы 1991-жылдын 31-августунда бир жолу ок чыгарбай, бир жолу ары-бери толкуп «кетсин», «келсин» дебей туруп азыркы эгемен Кыргыз Республикасын түзүп алганыбыз зор кубаныч болду. Муну угуп билип турган азыркы нарындыктар ата-бабасынын ушул ж.б. эл-жер коргогон тарыхына башын ийип жүрөгү жылып жүзүнө жылуулук пайда болуп келет. Бирок кээде ошол «аз болсо дагы саз болгон» бир ууч нарындыктар ата-бабасынын мындай сыймыктуу тарыхына кубангандыгы кур бекер болуш керек деп бүшүркөгөндөр дагы жок эмес. Себеби азыркы эгемен Кыргыз Республикасындагы ойгоно калган урукчул, уруучул ичитар дегендер бул тарыхый далилдүү баяндарга кызганычтык кылып келе жаткандай мамиле кылышууда. Ушул 1863-жылкы Орусияга кошулуу процесси жалпы кыргыздарга болуп көрбөгөндөй пайда берип, Кыргыз-Журту СССР деген кубаттуу мамлекеттин курамында туруп а дегенде Кара-Кыргыз АО андан Кыргыз АССРин андан Кыргыз ССРин түптөп-түзүп, Конституциясын кабыл алып көз каранды эместикке карай даңгыр жол салгандыгын жаш окурмандар биле бербейт. Мындан пайдаланган жогорудагы урукчул, уруучул дегендер тарыхтагы 1863-ж. Орусия Падышачылыгына кошулган, 1918-жылы Кыргызстанга келген совет бийлиги, 1924-жылы Кара-Кыргыз АО жана 1936-жылы Кыргыз ССРи

болуп турган маалыматтарды бириктирип жазып айткандан көрө өз-өзүнчө бөлүп-жарып майда мааниси жок майрамдоону уюштуруп келишүүдө. Айрыкча XIXк. экинчи жарымындагы Теңир-тоолук каракыргыздардын башында турган Турдуке баатыр менен хан Карымшактын 1863-жылдын 13-октябрында Кыргызстанды Россиянын курамына өз ыктыяры менен кошкон карт тарыхын толук жазбай дагы, журт алдында толук айтбай дагы, толук баа бербей дагы келе жатышы табышмактуу. Ошентип эркин Мамлекет болгонубузга 2015-жылы 24 жыл толду. Бирок өзүбүздөн-өзүбүз чочуп, коопто нуп советтик тил менен «Жаратылыштын мыйзамына ылайык» ушундай болуптур... «Жаратылыштын мыйзамына ылайык» тигиндей болуптур...деп келе жатабыз. Деги айтканда ошол төбөбүздөгү асман менен бутубуздун алдындагы жер энебизди ким көзөмөлдөп турат, ээси ким, деген акыл калчоодон алысыраакбыз. Ошол биз кеп кылган жаратылыш мыйзамынын ээсинин аты Теңир, «Теңирдин мыйзамына ылайык» экен деп так жана такыба айтып жазуудан тартынабыз. Эмнеге минтебиз. Балким карт Нарында турган каракыргыздар 1928, 1938-жж. бирин бири НКВДга жамандап, колунан келгени колунда жогун камап жакшылык кылбаган окуя-тарыхтарын угуп калгандар дагы эле болсо адам баласынын карамүртөздүгүнөн коркуп азыркы тынч жашоого кооптонгонсуп жүрөт окшойт. Ата-бабалар кебинде 18 миң аалам менен кошо өзүңдү жараткан улуу күчтүн аты Кудай, Жараткан, Теңир, Аллах экендигин тайманбай туруп айтып, жаза турган убак келдиби. Кээ бир учурда туман баскан чеги жок асманды мекен кылып ысык менен суук жакты күнү-түнү издеп учкан каантууларга, жер үстүндө жашап жаткан адам баласы менен курт-кумурскаларга,

деңиздер менен океандардын түбүндөгү балыктарга дагы Теңир өз көзөмөлүн салбаса эмне болот эле деген узун ойлор пайда боло калат. Акыл калчоо керек. Энем айтып калаар эле. Жердеги жүгүрүп бара жаткан кумурсканын дүкүлдөп соккон жүрөгүнүн дабышы Аллахка дайын болуп турат экен деп. Эмне үчүн 10-19-кк. аралыктарда мусулман динин тутуп Теңир-Тоодо жашап кеткен каракыргыздардын жолун жолдогон Жусуп Мамай өзү китеп жазаарда «Бисмиллахир рахманир рахим-деп, жазамын сөздүн башын, жараткан жардам кылаар сөздүн артын, тыңшаганга жагымдуу угузаарсың, кулактын курчун алган сөздүн баркын» деп жазып кеткен. Демек, Тынч донду жазган Михаил Шолохов менен Манасты жазган Жусуп Мамайдын, Жамиланы жазган Чыңгыз Айтматов менен Манасты жазган Ыбырай Абдрахмановдун, Биздин замандын кишилерин жазган Түгөлбай Сыдыкбеков менен Манасты чогултуп түзгөн Самар Мусаевдин, Жараланбаган жаралууларды жазган Шүкүрбек Бейшеналиев менен Манасты жазган Шайлообек Дүйшеевдин эмгектеринин ээси Теңир өзү турбайбы. Бул жазмакер, акылга бай улуу инсандарыбыз болгону ошол эмгектерге себепчи гана экен да. Ошон үчүн Алланын курсиизи (*билими*) көк менен жерди каптап турат деген осуяты кереметтин чындыгы тура. Ошол Жаратуучубуз өзүнүн керемет илиминин айрымдарын ар кимибизге кичине чоң ырыскы кылып бөлүп берип мына эми элиңе журтуңа ушул сага бюрган кичине-чоң изди кагаз бетине түшүрүп жазып калтырып кет дегенден кийин гана ушул иштерди аткарат экенбиз да. Демек ошол жазмакер адам баласы Теңир аркылуу берилген бакты-таалайына таянуу менен эли-журту, бир-туугандары үчүн маңдайына буюрган эмгегин тартуулаганга «себепчи гана боло ала тургандыгы»

чындыктын чындыгы десек жаңылбайт экенбиз. Бакты таалай, билим, жашоо тууралуу маалыматтарды камтыган мусулмандарыбыздын эң ыйык китеби Куран менен таанышып чыккандан кийин, жашоо – турмуш, шарт тууралуу салыштырууларга жаңыча акыл калчай баштадык десек ашыкча болбос. Бак дегениң тоголок, Бак берсе адам оңолот. Бак бербесе кудайым, Басынып жүрүп жоголот деп калаар эле атактуу Ороз болуш кызы Калыйча. Ал эми бак-таалай тууралуу Калыйча менен Дилдекан энелеримден уккан бир далилдүү окуяны жазып кетейин.1919/20-жылдары эле Ат-Башынын атактуу жайлоо-кыштоолору “Онтогор хандын чоңортогу”, “Ажыбек баатырдын жолборс чаптысы”, “Сар-Дөбө”, “Орто-Кайыңды”, “Чоң-Айрык”, “Кичи-Айрык”, “Күндө-Жаңы”, “Ак-Көлмө”, “Алмакун-Жайлоо”, “Бокой-Колот”, “Миңбайдын-Жону”, “Жунус-Өлдү”, “Качыке-Арык”, “Жыланды”, “Чоң-Кичи-Төрөлөрдө” боз үйлөр менен алачыктарда турган жергиликтүү кыргыздар тоодон түзөңгө көчүп түшө баштап азыркы башкайыңды айылы негизделет. Айыл-айыл болуп топтошкондор ынтымакташып көпчүлүгү мамлекеттин менчигин сактоого карата ишке киришишет. Себеби чек арада турган аймак деп Ат-Башынын айылдарына “кызыл чоктор” биринчилерден болуп келе баштайт. Аңгычакты басмачылар менен күрөш күч алып, бай-манаптардын алды Кытайга качат. 1930-жылы азыркы Ат-Башы району уюшулуп Туюк-Богошту (*Баш-Кайыңды, Большевик, 1-май, Талдысуу, Өзгөрүш*) айылдык кеңешине чоң атаң Ажыбай төрага болот. Антип минткенчекти 1941-1945-жж. Улуу Ата Мекендик согуш башталып эркектердин көбү фронтторго кетишкен эле. Азыркы Бирлик айылынын маңдайындагы узатасынан жаткан тумшукту биздин айылдагылар “Чубактын

айгырынын жалындай" жер деп коюшчу. Ошол тумшукту айланта кетмен, чукулук менен канал казып калдык. Бул айылга мынча метрден тигил айылга тигинче метрден деп салык келди. Ошол налогдун негизинде Баш-Кайыңдылык жалаң кыз-келиндер канал касканы көчө-көчө болуп кезектешип бара баштадык. Бир күнү кезек биздин көчөгө келди. Эс алганды кой, иштеп жатып бирин экин алган азыгыбыз таптакыр эле түгөндү. Бардыгыбыздан улуусу киндик энең Сакеш жана Айша чоң эне эле. Баягы топ келиндер түшкө маал ошол булаң-баш деген жердеги Макебучук деген кишиникин чогуубуз менен издеп барып калдык. Барсак аялы жаңы эле эшиктин алдындагы таш очокко асылган кашкар казанга нан бышырып жатыптыр. Жыты тим эле алыстан эле мурдуңдун каңылжаарын жарат. Улуу эжелер биз Баш-Кайыңдылык болот элек... бул мунун кызы, тигил тиги кишинин келини деп өздөрүн таанышытырып калышты. Баш-Кайыңдылык деген сөздү угаары менен эле баягы кишинин аялы о...ии... биздин төркүндөр тура и... айланайындар киргиле үйгө деп үйгө киргизди. Анда азыркыдай кычыраган там кайда, жапыс кепенин ичи абдан таза суу себилип шыбак шыпыргы менен шыпырылыптыр. Үйдүн бурчунда үч чара сүт каймагы менен бузулбай турган экен. Анда замандын асы тоёр тоймоксон теңинен көбү катуу ачкачылыкта эле. Аңгыча казанга бышырылып жаткан ысык нан менен баягы үч чарадагы каймак аралашып машталып алдыбызга келип калды. Ачка жаныбыз баягы табактагы жуурулуп машталган каймак нан менен чай иче баштадык. Үйдүн ээси бизден кичине араак жакта теректин дүмүрүнөн жазалган олтургучта олтуруп, чай куюлган жыгач аякты түбүнөн кармап сарттарча кайра-кайра чайкап ууртап ичип "иэ... гуда... ушул бактымдан ушул

таалайымдан ажыратпа" деп калды. Өзү дагы мурду менен сүйлөгөн киши экен. Эки жолу айтканда унчуккан жокмун, үчүнчү айтканда жанымдагы келиндерге шыбырап бул киши кайсыл бактысын айтат деп калдым. Аңгыча Какеш, Букөш, Асылкан, Сайра, Гүлүкан, Кынаш, Жумакүл, Айша, Сейилбүбү, Айымкүл, Сакеш энеңдер о...кокой Күкү акырын деп калышты. Ошентип чай менен каймак нанга тойгон жаныбыз каналды касканга кайра жөнөдүк. Жолдо келе жатып сөздөн сөз чыгып олтуруп Качкынбайдын энеси Айша эжеге кайрылып, э...Айша эже бул мурду менен сүйлөгөн Макебучук деген киши кайсыл бактысын айтып мактанды деп сурап калдым. Ошондо Айша чоң энең э...Күкебай сен барчылык менен байчылык заманда чоңоюп ачкачылык деген эмне экендигин билген жоксуң. Мына сени тегеректеп баскан жердештериң ачкачылык менен жокчулуктун баркын жакшы билишет. Жокчулук убакта үйүндө үч чара сүт каймагы менен бузулбай турса андан дагы буудайдан жуурулган наны ачарчылыкта казанда бышып турса бакыт деген ушул балам деди. Энем кептин ушул жерине келгенде балам эсиңде болсун ушул кеп ошол күндөн ушул күнгө чейин менин көкүрөгүмдөн кетпей келе жатат дечү. 1988-жылы 27-июнда атам Сейтакун каза болуп, Нарын облусу көлгө кошулуп мен облустук ички иштер башкармасынан Ат-Башы райондук ички иштер бөлүмүнө которулдум. Аңгычакты эгемендик келип анын шарапаты менен 1993-96-жж. өлкөбүзгө ачарчылыктын белгиси пайда болуп кээ бир көчөдөн келе жаткан тааныш адамдардын бети-башын боз ала аппак шишик басып көздөрү алаңдап жүргөндөрдү көрүп калдым. Көрсө бул ачкачылыктын белгиси экен. Анда мен Ак-Сайдагы Кыргыз-Кытай чегинде биринчи жолу уюшулган Торугарт айылдык милиция бөлүмчөсүнүн

алгачкы начальниги болуп сегиз айча иштеп туруп Ат-Башы РИИБүнүн начальнигинин оперативдик иштери боюнча орун басары болуп которулуп келген элем. Жокчулук элди каптап анын айынан райондо ууру-бөрү, уруш-талаш, ыр-чыр, рекет дегендер чыгып көп катталып иш боюнча айылга 20-25 күндөй энем менен бир-туугандарыма барбай калдым. Бир күнү убакыт таап энемдикине болгон “баштыгымды” көтөрүп барып калсам уну түгөнүп арпа ун жеп жатыптыр. Энем абдан сөзмөр сөздүн атасын өлтүрбөй кимге болсо тике айткан киши эле. Чай даяр болуп дасторкондун үстү толуп кептен кеп болуп сөздөн сөз чыгып э...балам мына баягы мен сага айтып берген булаңбаштык Макебучуктун бактысы бизге дагы келди деди. Тигине тигинтип Кудайдын буйругу менен иниң Казыбек мурду менен сүйлөп майып болуп ал эми биз минтип арпа ун жеп көрөлүк деп арпа ун жеп жатабыз балам деди. Бакты менен Таалай дагы кезегинде батинкеси бүтүн менен өңү сулууга жолукпай, ал бакыт чарк айланып чымын куюн болуп жүрүп ошол батинкеси жыртык бала менен такай арпа ундан камыр жуурган кызды издеп келип табат дегени чын окшойт. Ошон үчүн Теңир-Тоолуктар “баланын карасы менен агынан эмес, баланын багынан дегени” ошол болуп жүрбөсүн деген ой алигиче көкүрөктөн кетпейт. Негизи эле Нарын шаарындагы азыркы “жаңы киргизмин” дегендин көпчүлүгү кеп салганда бул кыйын экен 1000 топозу бар, тигил кыйын экен 1000 доллары бар деп калышат. Бул кыйын, тиги кыйын деген кеп-сөздөргө төп келген маани маңыздуу икаяларды кичине кезде Баш-Кайыңдыдан көп эле угуп, анан ал кептердин көп түрлөрү бар экендигине күбө болуп дагы жүрөм. Ошол угуп жүргөн кептердин биринде илгери Ат-Башыдан “Ак каш” деген бир хирург чыгып кошунамдын уулун операция жасап ажалдан

аман алып калган дешсе. Дагы бири "Ак торпок" деген киши Башк-Кайыңдыга кызмат кылганы келип кийин курсагы тойгондо сетиркептир. Бул жоругу менен ал "Ак торпоктун жүгүрө турган жери саманкана" деген кеп калтырып өз айылына көчө качкан экен деген сөздөрдү эшиттим эле. Мындай турмуштун нак өзүнөн алган көрөгөч кептер көп. Бир жылы мага Нарын облустук ооруканасына дарылануу үчүн барып жатууга туура келди. Мен жаткан бөлүм менен хирургия бөлүмү жакын болгондуктан ал жерде иштеген врачтар менен күндүзү жолугуп сүйлөшүп чер жазышып баарлашып дагы жүрдүк. Ошол сүйлөшүп жүргөн врачтардын ичинен хирург болуп иштеген бир жигит өзүн биздин Кара-Суудан экендигин тааныштырган. Кийин сөз арасында экөбүз бир жерлик экенбиз деп чукулдашып сүйлөшүп калдык. Мен дагы оозумдагы жакшы кепти ал иниме аябай төгүп-чачып кези келе калса айтып жүрдүм. Бирок ал инимдин бир нерсеге бушайман экендигин байкап дагы калдым. Көрсө ошол кезде ошол жигит мусулманчылыктагы чындыкка баш коюп түшүнүп ислам дини боюнча маалыматтар камтылган китептерди үзбөй окуп калган убагы экен. Бир күнү сүйлөшүп олтуруп э... Каныбек байке менин эркек балам чарчап калды. Мен мурда динге ишенбей жүргөндө «тигил жигитти мен операция кылып ажалдан аман алып калдым, бул баланы мен операция кылып айыктырдым» дечүмүн. Баламды өзүм хирург болуп туруп ажалдан алып кала алган жокмун. Кийин минтип чыныгы илим менен таанышкандан кийин мен болгону «ажалы жокторго гана себепчи экендигимди» билдим. Бул ж.б. жагдайларды толук түшүнгөндөн кийин тобо кылып ата-бабам кармап келген динди кармап, ал дин тууралуу чыккан китептерди окуп тааныша баштадым деген салмактуу кебин уктум

эле. Көпкө ойлонуп жүрдүм. Азыр минтип мен дагы аздыр көптүр мусулман илимине баш багып ошол илимде жазылып, айтылып келе жаткан далилдер менен азыркы бирин экин турмушту салыштырып жүргөн чак. Ушул себептерден кийин акыл калчап биз аздыр көптүр жазып иштеп жүргөн эмгегибизге «себепчи гана» экендигибиз аныкталып олтурат. Анысы сыяктуу Теңирдин берген бактысы менен гана Жусуп Мамай атабыз буга чейин эч ким айтып бере албаган, буга чейин эч ким жазып бере албаган Манастын сегиз урпагын айтып жазса керек. Кудай кут кылсын. XX жана XXI кк. илим менен техникасы өскөн заманда залкар инсан Жусуп Мамай дүйнө жүзүнө каракыргыздын Манасын Кудайдын буйругу менен дагы бир жолу таасын так тааныткты десек жаңылыштык болбос. Демек кээ бирлери сөз кылгандай акыркы 1000 жылдыкта Жусуп Мамайдай манастын 8 урпагын айтып жазган улуу инсан жок болуп келген деген маалыматтар кызыга турган окуя. Кээде азыркы кыргыз телеберүсүнө көрүнүү үчүн чыгып бир канча ыр жазып жүрөм деген жаштар ырларын жамгырдай төгүп элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп жүрүшөт. Буга чын дилиңден кубануу керек. Бирок, жалтанбас жаштык сезимдердин курчтугуна салып жаман-жуман акын жазуучулар жазбай эле койбойбу, ал акындардын жазганына кээде уяласың дегенге чейин баргандар жок эмес. Энемден уктум эле. Илгери эмей эмне бир колунда жок байбиче эгиз неберелүү болуп ач көз адамдардын көзү тийбесин деп бир баласына Жаман экинчи баласына Жуман деп ат коет. Кийин ошол кемпирдин Жаман-Жуман балдары эл аралаптыр деп. Жогорудагыдай мен мыктымын, мен сонунмун дегендердин аракеттери эсте калаарын же ошол жаман, жумандардын эмгектери эл арасында калаарын бир Кудай өзү билет болуш керек. Кээ

бирлерибиз бул жазган эмгектерим менин гана акылым, менин гана эмгегим деп ойлоп жүрсө алар чоң жаңылышат. Көп жылдан бери айрыкча 1991-жылы эгемендүүлүктү алгандан баштап «жакшыбыз», «жакшы байбыз» дегеле өзүн-өзү «жакшымын» дегендердин саны 999га барып калды. Ошон үчүн кыргыздын улуулары «Кой аксагы менен миң» дегени ошол болуш керек. Ошол аксак дагы айыгып семирип сергип 999 санга кошулуп 1000 болбосо алар 999 боюнча калаары белгилүү. Ошентип 2003-жылы Кытайга барган сапарыбыз ийгиликтүү болуп, Артыш шаарында улуу манасчы Жусуп Мамай жана Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу облусунун губернатору Мамбет Асан мырза менен жолугуштук. Бул кичине кол эмгекте ошол жолугушуулардан жана ага чейинки ой-толгоолордо катылып келген окуя-баяндар эске алынды. Улуу манасчыга жолуккандан бери арадан он бир жыл өтүп кетиптир. Бирок ошол 2003-жылкы жолуккандагы окуя-баяндардын канчасы эсте калды, канчасы унутулду, канчасы маанилүү, канчасы жагымдуу, канчасы жагымсыз, канчасы жазылбай келген аны чогуу барган бир-туугандар менен эли-журт билет!

Автордон

# XX жана XXI КЫЛЫМДАРДЫН ТИРҮҮ ГОМЕРИ ЖУСУП МАМАЙ АТАБЫЗ ДҮЙНӨ САЛДЫ



Некролог - Жусуп Мамай 02 июнь 2014, 17:12

**Баракелде**-97 жаш курагында Кыргыз Эл Баатыры, залкар манасчы, Жусуп Мамай дүйнөдөн кайтты. Жусуп Мамай Кытай Эл Республикасынын Кызыл-Суу Кыргыз автономиялык облусуна караштуу Ак-Чий ооданындагы Меркеч айылынын Ат-Жайлоо конушунда 1918-жылы 4-майда туулган. Жусуп Мамайдын айтуусунда «Манас» эпосу 500 миң сап ырды түзөт жана манасчынын айтуусундагы кыргыздардын тарыхы, маданияты, салт-санаасы камтылган. «Семетей», «Сейтек», «Кененим», «Сейит», «Асылбача-Бекбача», «Сомбилек», «Чигитей» дастандары дүйнө элдеринин маданий казнасын байытты. Белгилүү манасчы тарыхый мекенине үч ирет келип, Кыргызстан эли менен жүз көрүшүп, баарлашып кайткан. Жусуп Мамай кылымдарды карыткан кыргыз элинин татыктуу уулу, жаратман инсаны. Кыргызстан менен Кытай элдеринин достук, шериктештик мамилесин, маданий байланыштарын бийик деңгээлге чыгарууга зор салым кошкон данакер. Залкар манасчынын эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланды. Жусуп Мамай-Кыргыз Эл Баатыры, Кыргызстандын эл артисти, биринчи даражадагы «Манас» орденинин ээси. Жусуп Мамайдын жаркын элеси кыргыз элинин эсинде түбөлүккө сакталат.

***Атамбаев А.Ш., Жээнбеков А.Ш., Оторбаев Ж.К., Жамашева Ф.З., Отунбаева Р.И., Нарымбаев Д.И., Кулов Ф.Ш., Турсунбеков Ч.А., Текебаев Ө.Ч., Арипов Н.Т., Иманалиев К.К., Жунусов Б.М., Сариева Э.К., Момуналиев Н.С., Талиева К.А., Бактыгулова К.Т., Эркебаев А.Э., Жакиев Б., Жусуев С., Эралиев С., Байжиев М.Т., Жусупов К., Рыскулов А..***

Булак: Баракелде




Шейшемби, Июнь 03, 2014
Бишкек убакыты: 11:03
Журтташтар Жусуп Мамай эң акыркы могикан Арабыздан баарыбыз башыбызды ийип, талантына ар дайым таазим эткен агабыздай эмес, атабыздай көргөн атактуу манасчы Жусуп Мамай келбес сапарга узады. Текст көлөмү Осмонакун Ибраимов Жарыяланган учуру: 02.06 2014.
Кыргызстанда эмес, Кытайда жашаса да көзүбүзгө Кан-Теңирдин зоосундай залкар, сүйлөсө сөзү, айтса кеби дарыдай сезилген Жусуп атабыз көзү тирүүсүндө кыргыздын эпикалык доорунун соңку элеси, Чоюке, Сагымбай жана Саякбай сыяктуу титандардын татыктуу уландысы, тирүү легенда сыяктуу көрүнчү эле. Эми кошуна Кытайга канча каттасак да, жашоо-тирлиги жаңыдан жакшырып келаткан кандаштарыбызга канчалык кубансак да, бир чоң кенемтебиз баары бир толбой келе турган болуппуз. Анткени жер үстүндө Жусуп атабыз жок. Анткени артына томдогон китептерди калтырып, өмүр бою адамзат рухунун алпы “Манас” менен алектенген, чоң Жунгого, б.а. бир жарым миллиард калкы бар Кытайга кыргыздардын улуу эпосун чамасынын жетишинче тараткан, бул зор мамлекеттин бардык маанилүү сыйлыктарына татыктуу болгон соңку могикан - Жусуп Мамай оо дүйнө салыптыр...

Бул залкар инсанды бир сөз менен сүрөттөп чыгуу же кыска некрологдо жеткире баа бериш зилинде мүмкүн эмес нерсе го, ошондой болсо да аны терең акылдын түгөнгүс кенчи жана символу кан

Бакайга салыштырсак туура келмек. Ал эми сүрөткерлик интеллекти, манасчы катары масштабы чынында да теңдешсиз болчу. Жусуп Мамайдын вариантындагы “Манас” классикалык айтымдагы үчилтик менен *(“Манас”, “Семетей”, “Сейтек”)* эле бүтүп калбай, ”Кененим”, “Сейит”, “Асылбача-Бекбача”, “Сомбилек”, “Чигитей” деп уланып, кыргыз эпосу сегиз бөлүктөн турган зор эпопеяга айланган эле. Азыркы күндө Кытайда басылып чыккан “Манас” эпосу 18 томдон турат. Баары Жусуп Мамайдын колунан чыккан. Албетте, эпос кытай тилине да которулду жана тарады. Ал гана эмес Кытайдын окуу китептерине кирди, бардык Кытай энциклопедияларына кенен-кесири жазылды. Азыр кытай тилиндеги кандай гана интернетти ачып карабаңыз, “Мамай” деген сөздү басканда, жайнаган информация чыгат, “эң улуу”, “эң залкар” деген сөздөр биринин артынан экинчиси келет. Дегеним, Кыргыз-түрк Манас университетиндеги мен жетекчилик кылган Чыгыш тилдер кафедрасында кытай тили бөлүмү да бар, ал бөлүмдө Конфуций институтунун адистери иштейт. Ал мугалимдер Жусуп Мамайды жалпы эле Шинжаң-Уйгур автоном районунун эң бир атактуу адамы, легендарлуу инсаны катары карашат. Ошол Жусуп Мамай атабыздын ат көтөргүс аброю бар үчүн Кытай Эл Республикасы бюджетинен ЮНЕСКОго миллиондогон доллар акча бөлүп, “Манасты” дүйнөдөгү сейрек кездешкен руханий мурас катары сактаганга жана коргогонго спонсор болгон эле. Ырас, мунун маанисин түшүнгөн бар, түшүнбөгөн бар. Биздин айрым жарма патриоттор аны теңирден тескери кабыл алып, кээ бир дөөпүрөстөр Жусуп атабызга тилин да тийгизип, акааратын да айтып ийди го, аттиң... Чын-чынына келгенде муну биз “Манас”

эпосун бүт цивилизациялуу дүйнө колдоп, жалпы адамзаттын орток менчиги деп кабыл алып жатат деп түшүнүшүбүз керек эле. Ошон үчүн 1994-жылы Бириккен улуттар уюму атайын чечим чыгарып, “Манастын” 1000-жылдыгы бүт дүйнөдө белгиленгенин билишибиз керек эле. Айтор, улуу манасчы Жусуп Мамайдын арабыздан кетиши кабыргабызды кайыштырып, оюбузга көп нерсе келип турган кез. Ошону менен бирге ичибизде сыймыктануу сезими, ал кишинин арбагына терең ыраазычылык сезими да башбагып турганын кантип жашырабыз. Анткени ал киши адамдык, инсандык милдеттеринин баарын так өтөп, кыргыз элине кылым унутпай турган кызматын кылып кетти. Ооба, Жусуп атабыз көп жашады, бактылуу жашады. Ар качан элдин сыйында, калктын урматында болду. Артына 18 томдук “Манасын” калтырды. Башкача айтканда, жер үстүндөгү өмүрүн текке кетирбей, атын ар дайым эскерип, элесине качан болсо сыйына турган зор эстелигин, ак булутту челген айкелин орнотуп кетти. Ошондуктан жалпы кыргыз калкына салабат айталы, тууган-уруктарына атабыздын арты кайырлуу болсун деп тилейли. Улуу инсан, эң соңку могикан, баарыбызга бирдей кымбаттуу кандашыбыз Жусуп Мамайдын экинчи өмүрү кылымдардын кыйырын аралап, ар дайым кыргыздын сыймыктуу адамдарынын бири катары эсибизде кала берээрине эч бир шек жок. Макала боюнча пикир билдириңиз. Пикир редакцияланбайт, эрежеге шайкеш келбесе, сайтка чыгарылбайт. Бирөөнү жектеген, кемсинткен, жеке адамдар, топтор, улуттар ортосунда кастык жараткан пикирлер жарыяланбасын эскертебиз.



**Некролог — Жусуп Мамай**
2 июня 2014, 16:54 **Культура-**
На 97 году жизни скончался Герой Кыргызстана, великий сказитель эпоса «Манас» Жусуп Мамай. Жусуп Мамай родился 4 мая 1918 года в селе Меркеч Ак-Чийского района Кызыл-Суйской Кыргызской автономной области Китайской Народной Республики. Эпос «Манас» в исполнении Жусупа Мамая состоит из 500 тысяч строк. Грандиозная эпопея отразила многовековую историю, культуру и традиции нашего народа. Эпосы «Семетей», «Сейтек», «Кененим», «Сейит», «Асылбача-Бекбача», «Сомбилек», «Чигитей» стали достоянием народов мира и обогатили культурное наследие всего человечества. Известный манасчы трижды приезжал на свою историческую родину, встречался и беседовал с земляками. Жусуп Мамай достойный сын кыргызского народа, истинный созидатель. Он внес неоценимый вклад в дело укрепления дружбы, добрососедских отношений и развитие культурных связей между народами Кыргызстана и Китая. Труд великого манасчы был по достоинству оценен государством. Жусуп Мамай-Герой Кыргызской Республики, Народный артист Кыргызстана, награжден орденом «Манас» первой степени. Светлая память о Жусупе Мамае навсегда сохранится в памяти кыргызского народа.

**Атамбаев А.Ш., Жээнбеков А.Ш., Оторбаев Ж.К., Жамашева Ф.З., Отунбаева Р.И., Нарымбаев Д.И., Кулов Ф.Ш., Турсунбеков Ч.А., Текебаев Ө.Ч., Арипов Н.Т., Иманалиев К.К., Жунусов Б.М., Сариева Э.К., Момуналиев Н.С., Талиева К.А., Бактыгулова К.Ж., Эркебаев А.Э., Жакиев Б., Жусуев С., Эралиев С., Байжиев М.Т., Жусупов**



**Скончался сказитель эпоса «Манас» Жусуп Мамай**

2 июня 2014, 09:42

**Культура** - 1 июня 2014 года в возрасте 96 лет ушел из жизни великий сказитель эпоса «Манас» Жусуп Мамай.

Жусуп Мамай родился в 1918 году в селении Кара-Булак Акчийского района СУАР Китая. Его наставником был его брат Балбай Он смог интерпретировать все свои собранные материалы, воссоздав мельчайшие подробности эпоса и обогатив трилогию другими изданиями. Он был единственным в мире за последнее тысячелетие сказателем, способным зачитать полное содержание эпоса «Манас». Ж.Мамай награжден орденом «Манас» I степени, также ему присвоено звание «Народный артист КР». 30 мая 2014 года ему присвоили манасчи высшей степени отличия «Кыргыз Республикасынын Баатыры» с вручением особого знака «Ак Шумкар» за исключительные личные заслуги в деле сохранения великого эпоса «Манас» и других эпических произведений, а также выдающийся вклад в обогащение исторического и культурного наследия народа Кыргызстана.

Залкар манасчы Ж.Мамайды акыркы сапарга узатуу зыйнатына Д.Нарымбаев, Э.Сариева жана К.Иманалиев катышат 02 июнь 2014, 14:03

**Баракелде**-Президент Алмазбек Атамбаевдин буйругу менен Кыргыз Республикасынын Баатыры, залкар манасчы Жусуп Мамайды акыркы сапарга узатуу зыйнатына катышуу үчүн Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автономиялык районун Кызылсуу-Кыргыз автономиялык округуна

КР президентинин Аппаратынын жетекчиси Данияр Нарымбаев жетектеген Кыргызстандын делегациясы жөнөтүлдү. Президенттин аппаратынын басма сөз кызматы билдиргендей, делегациянын курамына КРнын вице-премьер-министри Элвира Сариева, КР Жогорку Кеңешинин депутаты Каныбек Иманалиев жана коомчулуктун өкүлдөрү кирипти. Булак: Баракелде

ЖК депутаттары улуу манасчы Жусуп Мамайды бир мүнөттүк эскеришти 04 июнь 2014, 09:51

Баракелде Жогорку Кеңештин депутаттары бүгүн, 4-июнда манасчы Жусуп Мамайды бир мүнөттүк эскерүү жасашты. Мындай сунуш менен ЖКнын Эл аралык иштер боюнча комитетинин төрагасы Каныбек Иманалиев (*«Ар-Намыс»*) чыкты. Төрага Асылбек Жээнбеков, Ж.Мамайга 96 жашында дүйнөдөн кайтканын эске салып, залкар манасычынын эмгектерин санады. Булак: Баракелде

...шаршемби, июль 09, 2014 Бишкек убакыты: 11:34 **Жусуп Мамайдын сөөгү жерге берилди** 02.06.2014 жарыяланды Бүгүн Кытайдагы Ак-Чий оданында улуу манасчы Жусуп Мамайдын сөөгү жерге берилди. Маркум менен коштошуу зыйнаты өзү туулуп-өскөн жерде өттү. 96 жаш курагында көз жумган манасчы менен коштошууга Кыргызстандан президенттик аппараттын жетекчиси Данияр Нарымбаев баштаган расмий топ катышты..

## Карт-Нарындын жаңылыктары

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2014-жылдын 12-июнь күнү Бишкек шаарындагы Т.Сатылганов атындагы Кыргыз филармониясында Жусуп Мамай атабызга куран окутуу иш чарасын өткөрдү. Ага Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи

орун басары Асизов Касен Асизович, КРӨнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынан Бокоев Каныбек Сейтакунович, Жумгал районунун кошмо жыйынынын төрагасы Ажыгулов К., Ат-Башы районунун Ак-Моюн айылынын тургуну Мамбетов Д., Кочкор райондук ардагерлер кеңешинин төрагасы Кашкелеңов А., Ак-Талаа райондук ардагерлер кеңешинин төрагасы Дөлөев Ө. баштаган кадырлуу адамдар баруу үчүн тизмеге киргизилиптир. Туз буюруп залда кезегинде Кыргыз Туусу гезитинин башкы редактору советтик-партиялык кызматтарда үзүрлүү эмгектенген ардагер Жаныбек Турсунов, чыгармачыл инсан Ө.Дөлөев жана Мен болуп чогуу олтуруп сүрөткө түштүк. Биздин бир аз ары көрүнүктүү окумуштуу Эсенбек Мамбетакунов, Маамед Койчуманов жана жазуучу Токталы Жапаровдор катар олтурушту. Бул иш-чаранын башында сөз алган Кыргыз Республикасынын Вице-премьер министри Э.Сариева алп манасчы Жусуп Мамай тууралуу иш-чаранын башталышы экендигине токтолуп бул улуу инсандын эли-журтуна жасаган эмгеги дагы бааланаарын белгиледи. Чыгып сүйлөгөндөр улуу манасчынын асан чакырган аты Жусуп жана 1916-жылы туулгандыгы тууралуу тактоо берди. Мындан сырткары Өкмөт башка дагы бир катар иш-чаралардын үстүндө иштеп жаткандыгы боюнча туюк кабар кылды. Залда олтургандар улуу манасчынын айкели 2015-жылы филармониянын алдындагы Сагымбай менен Саякбай атабыздын катарына коюлуп акча бирдигине сүрөтү түшүрүлөт го деп бүшүркөштү.

**2014-жыл 21-ноябрь саат 10.00.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жыйындар

залында залкар манасчы Жусуп Мамайдын вариантындагы «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Кененим», «Сейит», «Асылбача-Бекбача», «Сомбилек», «Чигитей» аттуу 8 урпагы тууралуу жазылган Манас дастанынын презентациясы болуп өттү. Бул иш-чараны Облустун ыйгарым укуктуу өкүлү А.Кайыпов башкарып жалпы манасчылардын эмгектери тууралуу кенен-чонон токтолду. Ал эми КР УИА алдындагы Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун координаторлору Чолпон Субагожоева (*Ак-Муздук Темирбек акенин кызы экендигин кийин билдик*) менен Назгүл Рысмендиевалар басмаканадан жаңы чыккан эмгекти облустун өкүлү А.Кайыповго тапшырышты. Аягында Ч.Субагожоева кыргыз элинин каада-салтын эстеп Таластан берки иш-чаранын аягында ак бата сурап келе жаткандыгына кайрылышты. Бата берүү сыймыгы Өкүлчүлүк тарабынан мага ыйгарылгандыктан залда олтургандар менен бирге ак тилек айтып бата берип Жусуп Мамайдай улуу инсандар кыргыздан чыга беришине тилек кылдык.
Карт Нарын-Баракелдиси

*Менин бул жазганым уруу талашып наам алыш үчүн эмес,-чындыкты кубатташ.*
*Жусуп Мамай*

### Жусуп Мамай менен Артыштагы жолугушуу

Ооба...энебиз Дилдекан жамандык-жакшылыктарда чогулуп калган айтылуу Эшкулу-Чечендин уулдары Солтоной менен Эсенгулдан тарагандарга «жаманы өлсө бири өлөт-жакшы өлсө миңи өлөт» деп калаар эле. Ал эми кээ бир учурларда атабыз Сейтакун «Бакыт куштарын бакан Башкайыңдым-Акшумкарларын таптаган Атбашым» дечү. Анда ата менен эненин барчылык-байчылык заманында бул кептерге такыр эле маани бербей

чоңоюптурбуз. Анын сыңарындай жалпы Каракыргыз эле эмес, бир жарым миллиард калкы бар калың Кытай Мамлекетине аттын кашкасындай белгилүү атабыз Жусуп Мамай оо...дүйнө салыптыр деген суук кабарды уктук. Кымбат адамыбыз жакын туруп алыста болгондуктан ишенип ишенбедик. Чын төгүнүн тактап бүтүп, мусулман баласы болгондон кийин ээ...Аллах атабызды көр азабынан коргой көр деп Кудайга жалынып сөөк жерге берилгенчекти ирээти менен ичибизден келме келтирип, телеберүүгө көңүл буруп жүрдүк! Уламалардан уккан кабарга караганда Алла Таала жер үстүнө пайганбарыбыз Адам-Атадан баштап сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед-Мустафага (*Ага тынчтык болсун*) чейин 124 000 коомду жибериптир деп жүрөбүз. Албетте пайгамбарлар башында турган бул коомдордун так санын Жаратуучу өзү гана билээрин мен каракыргызмын дегендер толук билет. Ошол Аллахтын буйругу менен Каракыргыздар Кудайдын кулу анын акыркы пайгамбары Мухаммед-Мустафа (*Ага тынчтык болсун*) саллаллаху аллейхи васалламдын үмөтү болуп калгандыгыбызга чексиз тобо кылып туралы! Ошон үчүн каракыргыздар 18 миң ааламдын ээсин Кудай, Аллах, Теңир, Жараткан деп атап келе жаткандыгы кашкайган чындык. Ушул жерге келгенде энемдин жазып алып айтып жүргөн келмелери эске келет. Анда: Яаа жамилу яаа Аллах, Яаа кафи яаа Аллах...деп калаар эле. Негизи эле ушул Каракыргыз кайдан тараган деген кеп бар. Окумуштуу С.Аттокуровдун эмгегинде: Нух пайгамбардан Яфас андан Түрк андан Элчи хан андан Аланча хан андан Кара хан андан Өгүз хан андан Тоо хан андан Кыргыз ж.б. ата-бабаларыбыз тууралуу тараткан санжырасы мурас катары бизге калды. Ошол Кара хан менен Тоо хандын уулу Каракыргыздын азыркы урпактыры Теңир-Тоону

мекен кылып улуу дайрабыз Нарындын боюндагы Куш-Тилиндей жерде жашап жаткандыгыбыздын өзү эле эмне деген бакыт, эмне деген сый, эмне деген таалай! Мына азыркы ушул тапта 5 млиондон ашып калган калкы бар эгемен Кыргыз Республикабыздын көп улуттуу элине Нарын дайрабыз күнү-түнү электр жарыгы менен жылуулугун берип, башка мамлекеттерден кем кылбай аксак-тексегин багып жаткандыгы мактанаарлык окуя. Ошондуктан Кыргыз-Атабыздан белекке калган Теңир-Тоонун очогунда турушубузду арбынраак, кененирээк талкуулап жазып урпактарга калтырып кетишибиз керек. Бирок ошол жазганда дагы эбегейсиз аймактарды ээлеген эгемен Мекенибиз Кыргыз жери менен Куш-Тилиндей Нарыныбызга көз тийгизбегендей аракет кылышыбыз абзел. Кыска болсок узарабыз, бөксө болсок толобуз! Айтылуу санжырачы Ороз болуш кызы Калыйчанын: Бакты деген тоголок, Бак берсе адам оңолот. Бак бербесе Кудайым, Басынып жүрүп жоголот деген жамагынын маанисин тереңдетип түшүнүү зарыл. Бакты-таалай демекчи 2003-жылы Жусуп Мамай атабызга бир тобубуз ат артып ушул Карт-Нарындан Калың-Кытайга баргандыгыбыз эсимде. Кандаш, боордош бир атадан тараган улуу инсандын колун кармап, осуяттарын угуп, кызуу кучакташып көрүшүп калганыбыз биз үчүн зор сыймык болгон экен. Бул буйурган ырыскы менимче ар кимдерге эле насип кылынган жок. Антсе дагы бизге багыштаган Теңирдин ушул бактысына миң мертебе шүгүр деп турам! Жараткан дагы шүгүрчүл, тобокелчил кулдарын сүйөт деген кепти эшиткенден бери ошол жакка ыктоону туура таап жүрөм. Өз энебиз менен өз атабызды сөз башына кошконум Жусуп Мамай чоң атабыз менен алты-жети атадан барып кошулабыз. Кырк уруу Кыргыз ичинен биздин

урууну Кара-Черик деп аташканын атамдан уктум эле. Белгилүү этнограф орус окумуштуусу Н.А.Аристов Нарын, Ат-Башы, Ак-Сай, Какшаал, Кашкарга чейинки кыргыздарда болуп: «черики занимают бассейны р.р. Атбаши и Аксая и делились, по сведениям 1866 года, на четыре отделения:

-первое из них-Карагул-подразделялось на ногой, кончой и назар;

-второе-Сазан *(Онтогор-К.Б.)*-делилось на тагай *(Тагайболот-майлыбаш-К.Б.)* и сарыкөбөн;

-третье-үч-Тамга-на четыре подразделения: бакты, кызылтукум, дубан и сарыча;

-четвертое-Ак-Чубак-подразделений не имело» деп жазып кеткен экен. Мына ушул маалыматтардагы Кызылтукумдан Жусуп Мамай атабыз, ал эми Мен болсо Сазанданмын. 17-кылымдарда Теңир-тоо аймагын мекен кылып турган айтылуу Санчы-Сынчы атабыз азыркы куланак менен аламышык деген жерде турган Боогачы баатырдын балдарын сынайт экен. Карагул деген балаңа кылыч берип жоого кой, Онтогор деген балаңа найза берип душмандагы доого кой, Бөкө деген балаңа *(Майлыбаш)* таяк берип малга кой дейт. Ошол эле сынчы кийин хан Онтогорго Үрүмчү менен Кашкардын ортосунан кезигип кыбыланы карап алакан жайып «Тукумуң журтка жайылсын, тууң түшпөс, туйгундарга байырсың, тулпарларың алга озоор, эл билген балдарың баш кошоор, казанга бай, кайратман балаң Сазан болоор, эки эл чабышып эрлер өлүүчү доолорду чечээрсиң, эки дүйнөң кем болбос эл башкарып өтөөрсүң» деп бата берген экен. Ушул теңиртоолук Санчы-Сынчынын көрөгөч асыл кеби орус окумуштуусу Н.А.Аристов ж.б. калтырып кеткен эмгектери менен төп келээри кызыга турган окуя. Ошол Карагул баатырдан: Ногой, Кончой эки кыраан, Тоймат, Ажыбек эки шер, Турдуке баатыр,

Абыласан датка; Онтогор хандан: Ырысбай, Сазан, Зор-Калча, Татыбек баатырлар, Айдарбек датка, хан Карымшак, Эшкулу олуя, Орус бий, Бай Баястан, Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяз, Касым, Мамырбай, Өмүрбай болуштар менен Качыке билерман, Бөкөдөн: Максут бий менен Атамбек баатыр, Байсерке ажы менен Матай олуя, Базаркул болуштар тарашат. Азыр дагы Баш-Кайыңды айлынан өткөндөн кийин кан жолдун сол жагында б.з..ч. 3-к. таандык Чоң-Дөбө деп аталган тарыхый эстелик бар. Мына ушул эстеликтин оң жагындагы Ат-Башы кырка тоосунан Чоң-Айрык, Кичи-Айрык суулары агып түшөт. Аккан суу Баш-Кайыңдынын баш жагындагы Таш-Дөбө деген тарыхый эстеликтен кошулуп көлмө болуп, Ат-Башы дайрасына барып куят. Ошол Чоң-Айрык, Кичи-Айрыктын ортосунда узатасынан чубалган Чоң-Орток деген тумшук бар. Бул бир көргөн кишиге комдонуп жаткан жолборуска окшош жерди жергиликтүүлөр «Онтогор хандын-Чоңортогу» деп атап жүрүшөт. Ошол Онтогор элине хан болуп сурап турганда Калмак-ойроттордун *(1634-1758-ж.ж.)* күчтүү колу менен Чоң-Какшаалда кармашып жатып шейит кеткен экен. Алаамат согуш болуп эл арасында баш-аламандык күчөп турган маалда туягы туурулбайт, айсыз караңгы түндө мүдүрүлбөйт деп жергиликтүү чериктер кара нарды комдогондой эки качырды коштоп комдоп, алп мүчөлүү Онтогор хандын сөөгүн түн ортосунда жашыруун жүктөтүп алыс жол басып келип азыркы Ача-Кайыңды менен Баш-Кайыңдынын ортосундагы Орто-Кайыңды деген сайдын баш жагындагы түзөңгө калмактарга билгизбей түн жамынып жашырат. Тарыхый улуу инсандын эрдигин унутпаган эл ал жерди «Онтогор хандын Орто-Кайыңдысы», «Онтогор баатыр хан болгон ошодо дүйнө тар болгон» деген кеп сөздөрүн урпактары унутпай айтып келе

жатышат. Окумуштуу С.Аттокуров Калмак чапкынындагы Черик уруусунун бийлери менен баатырларынын *(Карагул баатыр менен Онтогор хан, Ногой, Кончой кыраандар, Тоймат-шер, Сазан баатырлардын-К.Б.)* эрдигине баа берип «алар 100 жылдан ашык болгон калмак чапкынында дагы Ата-Мекени болгон Чыгыш Түркестан менен Кыргызстандын аймагын таштап кетпей «кези келсе колуна курал алып эркиндик үчүн согушуп турган» деген тарыхый маалыматы кимди болбосун сыймыктантпай койбойт. Ошол «Си-Юй-ту-чжи» боюнча Кытайдын кол башчысы *(Чжао Хой-К.Б.)* 1759-жылы Юмат бий *(Ногой кыраандын уулу Тоймат-шер-К.Б.)* башчылык кылгын чериктерди чыгыш-батыш буруттардын ортосунан кезиктиргендигин жазган. Анын карамагында 200 түтүн эл болгон дейт. Ал эми азыркы кыргыздардын атактуу окумуштуулары тастыкташкандай Баймурат хандын урпактары бабабыз Тагай бийдин заманынан мурдагы сактардын, хунндардын, түрктөрдүн, моңголдордун доорунда эле жашап келген дешет. Ал эми Евроазия тарыхы черик уруусунун кайда жашап тургандыгы жөнүндө «В списке родоплеменного состава кыргызского народа встречаются названия: тердеш *(тардуши)*, теелес *(телесы)* и черик *(черики)*, которые жили в 1 тысячелетии н.э. за пределами кыргызстана» деп жазса. Кытайлык көрүнүктүү окумуштуу Анвар Байтур «Жаңы эранын 5-6 к. Эне-Сай кыргыз каганаты Чериктерди «мамлекет аскерлери» деп аташкандыгын баян кылат. Дагы бир маалыматта: Тагай бий *(Мухаммед-кыргыз)* 1533-жылы кашкарда узак жылдары камакта туруп каза болоордо Алтын туусун Жаманак-Черикке калтырат десе. Баймурат хан 1390-жылы Самаркандык Аксак Темир анын уулу Өмөр шейхтин 20 миң регулярдуу армиясынан хан Ордосу болгон

Нарындын-Тарбагатайы менен Ата-Башы шаарын коргойт. Евроазия тарыхы: «К 14 в. относятся Инга-төрө *(Баймурат хан)* умер в 1390 г. видный феодальный правитель Могулистана» деген маалымат берет. Бирок жогорудагы бул ж.б. карт тарыхты негедир азыркы кыргыз окумуштуулары өз уруусунан чыкты деген ата-бабаларындай кылып шуруга тизгендей бирине кызыл тебетей, бирине зоот кийгизип сүрөтүн тартып тарых китептерге жазбай келет. Биздин тактообузда азырынча Черик тууралуу бүгүнкү күндө тарыхый үч түшүнүк бар десек болот. *Биринчиси:* 10-12-кк. Кашкардан Букар шаарына чейинки аймактарга Кара ханий мамлекетин курган Чигилдер. Окумуштуу пофессор З.Эралиев Караханийлер мамлекетинде жетектөөчү ролду ойногон чигилдер-жергиликтүү кыргыз уруусу болгон деп эсептейт. *Экинчиси:* 14 к. жашаган Кулжыгач-төрө уулу Баймурат черик. Бул улуу падыша дасыккан улуу кол башчы 1331-жылы Кошой-Коргон *(Ата-Башы)* шаар болуп дүйнөлүк картага түшкөндө 59 жашка чыгып Моголстан мамлекетин Нарын, Атбашыда туруп башкарып, Чеч-Дөбө мазарына курултай чакырып тынчтык менен согуштук маселелерин ушул жерден чечип турат. Баймурат башында турган кыргыздардын эрдигин баалаган Евроазия калкы «Моголстандын жапайы токой арстандары» деп атак беришкен. Мажму-атут-товарихте ошол Баймурат кадимки эле Алтын Ордо башкаруучусу Токтомуштун атасы Оң хан менен бир бир тууган экендигин жазат. Ошол Токтомуш ханга кол башчы болуп турган Манас Кыргыздардан тараган 40 ханды бириктирип Алмамбет-Шерди хан шайлап Кан Коңурбай менен Эсенкандын, Жолой менен Нескаранын Түп-Бээжиндеги Чоң-Ордосуна кол салган деген окуя-баяны сыймыктануу сезимин жаратат. Ушул фарс тилинде жазылган тарыхта

Баймурат Манастын «муруту» болгон деп турат. Эгерде «сакалы» болгон делсе анда атасы Жакып болмок. Демек «муруту» болгондуктан Баймурат *(бир аты Кан Кошой)* манастын агасы Ата-Башы шаарын негиздеген улуу инсан экендигинде талаш жок. Мамырбай кызы Дилдекан Чоң-Казатты баштоо үчүн Талас шаарында турган Манас ат арытып Ата-Башы шаарында турган Кошойго келиши жөнүндө: «Кан Коңурбай баатырга, Казат кылсак кан этет. Карып жанды тозоктон, Азат кылсак кан этет. Түп Бээжинге Кытайга, Казат кылсак кан этет. Дүркүрөгөн тозоктон, Дүрбөлөңдүү момунду, Азат кылсак кан этет»деп айтканын угуп калдым. Ал эми Алла-Таалаанын ыйык Куран китебиндеги «сод сүрөөсүнүн» 3-аятында «Манас» деген сөз бар экендигин мен облустун казысы Мамбетасан ажыдан уктум эле. Бул сөз биздин атабыз Манаска байланыштуубу же байланышы жокпу аны Теңир өзү билет. Бирок ошол мусулмандардын ыйык китебинде «Манас» деген сөздүн бар экендиги мен кыргыз дегендерди чоң кубанычка бөлөйт. Ушул Баймурат хандан жалпы карачерик менен моңолдор уруусу тараганы кызык. Ошондон болсо керек «моңолдор черик бир тууган калган элди ким тууган» деген орой жана мааниси бар макал жашап келет. Дагы бир далил бул улуу инсандын аты азыркы Нарын районунун Куйбышев жана Миңбулак айылдарын аралап аккан суу каналына коюлганы кызыктуу. Ал каналды азыркы кыргыздар Байчерик *(Баймуратчерик-К.Б.)* каналы, ал эми Нарын дайрасынын төрүндөгү ал падышанын ордосун «Баймуратчериктин-Тарбагатайы» деп атап кастарлашат. Кээде ушул эгемен заманда кара менен актан байымыш болуп эл катарына кошулуп баш көтөрүп калганга жетишкен айрым «жапайы кыргыздар» жогорудагы карт тарыхка кайдыгер

карап, ишенип ишенбегендей түр көрсөтүп, бирин жазса экинчисин жазбай дагы жүрүшөт. Бул маалыматты ишендирүү үчүн кайрадан эле совет мезгилинде кыргыз санжырасынан жаралган таза тарыхты жаза калам деп партиядан тартиптик жаза алган тарых илимдеринин доктору С.Аттокуровдун эмгегине кайрылуу керек. Ал эмгекте Черикетер бугу менен сарбагышка өйдө карайт деп турат. Мындай болгон учурда азыркы 40 уруу кыргыздарга жооп талаш-тартышы жок эле табылды десе болот. Ошон үчүн Теңир-тоолук көрөгөч көсөм акын Казыбек казалчы:

Бабабыз Черик жердеген,
Башынан намыс бербеген.
Коңурбай менен Жолойду,
Кошойсуз Манас жеңбеген.
Алмамбет жаткан Чеч-Дөбө,
Абалтан ыйык жер деген.
Тайбурул багып Кыз Сайкал,
Таалайлуу элден мен деген.
Ар жылы жайлап Табылды,
Аргымак минген кермеден.
Арпада нечен Кыз Жаңыл,
Арбашкан жоосун сермеген.
Кашкарды бийлеп Ажыбек,
Каалаган элин кел деген.
Арашан ташы бар жерде,
Асылдар нечен гүлдөгөн-деп бекеринен

ырдабаса керек. Окумуштуу Ө.Осмоновдун Тагай бий деген эмгеги менен санжырачылардын айтуусунда чоңбагыш, карабагыш, сарыбагыш, бугу, саяк ж.б. уруулар Сибирден *(эне-сайдан)* келген деп ырастап жүрүшөт. Демек мындай болгон учурда Сибирдин токоюнда жашаган чоң жаныбарлардын аты менен аталган бу аталыштагы уруулар Тагай бийдин «тондуу балдары» десек болот. Балким ошон үчүн

тарыхчылар тактагандай бабабыз Тагай бий 1533-жылы Кашкардагы түрмөдө каза болоордо Алтын Туусун сибирден келген тондуу балдары Богорстон, Койлон, Кылжырга *(Сарыбагышка)* таштабай уулу Жаманак-Черикке калтырганы ошондон болсо керек. Эмне үчүн 1390-жылы каза болгон Баймурат хандын тарых-таржымалы фарс тилинде «Мажму-атут-товарих» деген эмгекте жазылып ушул күнгө чейин сакталып келген. Эмне үчүн 1533-жылы каза болгон Тагай бий *(Мухаммед-Кыргыз)* тууралуу жазылган тарых азырынча табылбайт, жок. Бир заманда Баймурат хандын балдары Мухаммед-Бек менен Кара-Черик эл-жер талашып согуш майданында кездешет. Жеңиш Мухаммед-Бекке *(Тагай бийге)* ыйгарылат. Бийдин жигиттери өлгөн-житкендерди эсепке алып жүрүп «черүүдөн» алтын бешикке бөлөнгөн Жаманак атуу баланы таап алып бийге алып келет. Бий бул баланын төгүн эместигин байкап биринчиден өз агасы Кара-Чериктин атын өчүрбөш үчүн, экинчиден согуш талаасынан *(черүүдөн)* табылган бала деп Жаманакка Черик деп экинчи жолу асан чакырып ат коет. Муну менен кийин Черик өз элине хан болуп шайланып Тагай бийдин Алтын Туусун желбиретет. Мындай тарыхый табышмактар көп, алардын айрымдарына көңүл буруу зарыл. Мисалы Тагай бий багып алган баласы Ыраага Саяк, Моңголдорго Моңолдор, Күртүккө Азык деген аттарды койгондугун чечмелөө керек. Эмне үчүн чоңбагыш, карабагыш, сарыбагыш, бугу, азык, саяк ж.б. уруулар оңго кирген. Бир себеби Сибирден келген бул уруулар Баймуратчериктин агасы Оң хан анын уулу Токтомуштун балдары *(урпактыры)* болушу толук мүмкүн. Азыркы Алма-Ата менен Астанада жашаган казактар 2015-жылы Казак хандыгын 550 жылдыгын белгилейбиз деп Оң хандын урпагы

Жаныбек ж.б. хандардын ысымдарын атоодо. Президент А.Ш.Атамбаев: «По истории вы знаете, сначала был Тюркский каганат, потом был Уйгурский каганат, потом Кыргызский каганат, потом Золотая Орда, потом Российская империя, Советский Союз. То есть у нас всегда так получалось, что была обшая территория. И на самом деле тот же Казахстан-прямой наследник Золотой Орды, об этом реально можно сказать без всякой скромности...» дептир. Андай болсо Мажму-атут-товарихте кыргыз ханы Баймурат 1390-жылы, анын иниси Алтын Ордо ханы Токтомуш 1406 жылы, баскынчы аталган Аксак Темир 1405-жылы каза болгон деп турат. Демек: ошол Оң хандын уулу Токтомуш каза болгондон 59 жылча убакыт өткөндө анын уулу Жаныбек казак хандыгын түзгөн болуш керек. Мындай болгон учурда Волга дарыясынын боюнан келген сарбагыш, бугу, саяк, азык уруулары Тагай бийдин тондуу балдары экендигинде талаш жок.

*Үчүнчүсү:* Ушул Мухаммед-Кыргызды *(Мухаммед-Бекти)* азыркы эгемен Кыргыз тарыхы мамлекетибиздин жаштарына Тагай бий болуш керек деп божомолдоп окутуп жатат. Ким бул темага кайрылгысы келсе ал маалыматка кыянаттык менен кысканыч кылбай кайрадан тактоого жардам кылуу керек. Себеби «оң», «сол» деген кыргыздар тууралуу маалыматтар 14 к. Ташкенден-Могол тоосуна чейинки зор аймакты ээлеген Баймурат хан менен Ташкенден Волга дарыясына чейинки зор аймакты ээлеген Оң хандын уулу Токтомуштун убагында дагы кездешет. Анда эмне үчүн ошол Баймурат хан менен Оң хандын бирин Тагай бий, экинчисин Адигине кылып окутпайбыз. Окумуштуу С.Аттокуров аталган эмгегинде Черик уруусун Атан бийден таратып солго кийриптир. Окумуштуулар жазгандай Адигине, Тагай анын чериктери түштүктө жашап туруп кийин

Тагай менен Чериктер алардан бөлүнүп түндүккө келгенби. Баарынан кызыгы Тагайдын атасы азырынча талаш. Ким экендиги толугу менен окумуштуулар тарабынан аныктала элек. Ал эми Мухаммед-кыргыздын атасы Ахмед менен Бекназар анын атасы Баймурат. Болгондо дагы Баймурат хан ошол мезгилде Моголстан аттуу мусулман мамлекетин башкарып тургандыгы тарыхый маалыматтар менен ырасталат. Мунун себебинин бири ал улуу инсан бир баласына Ахмед деп Мухаммед пайгамбардын *(Ага тынчтык болсун)* ысымын берсе, небересинин бирөөнө Мухаммед-бек деп ат коюлган. Андай болсо сарбагыш, бугу, солтолор оңго кирип Оң хандын тукумдарынан болобу. Эмне үчүн жалгыз Мухаммед-Кыргызды Тагай бий болуш керек деп окутабыз. Анда Адигине бий кайда калат ал каарманды кимге алып барып такайбыз. Же ал инсан жомок боюнча эле кала береби. Эмне үчүн Баймурат менен Оң хандын бирин Тагай экинчисин Адигине дебейбиз. Анын себеби бар. Аны окумуштуулар толук билет. Дагы бир кабарда Нойгуттун Карача ханын чапкан Тагай бий согуш талаасынан Алмамбет уулу Жаманакты алтын бешиктен таап алат дагы атын «асан» чакыртып Черик койдурат. С.М.Абрамзондун эмгегинде Нойгуттун Чубагынан Бай-чубак, Ак-чубак чериктери тарагандыгын жазат. Кесегинде күчтүү чыккан Тагай бий бабабыз Жаманак деген атты жашырып Черик, Кылжыр деген атты жашырып Сарыбагыш *(бир жылы бул уруудагылар Бишкек ш. курултай чакырышып, залга таккан туусуна сибирдин токоюнда жашаган жаныбарлардын чоңу Сары-Багыштын сүрөтүн илишти)* деп ж.б. уруулардын азыркы жаңы аталышын койгондугуна эмне түрткү болгон. Менимче кара-кыргыздар эч качан көтөргөн тууларына Багыштын сүрөтүн

тартпаса керек. Менимче ал кыргыздар көтөргөн тууларына бүркүттөрдүн, арыстандардын, жолборустардын, илбирстердин *(айбан дагы болсо кыраан-шерлердин)* сүрөттөрү болгондугунда шек жок. Бул ж.б. жогорудагы тарыхый окуялар бара-бара далилдүү чыгармалар, тарыхый ой-толгоолор, далилдер менен дагы тактала берет десек аша чаппайт. Менимче Кыргыз тарыхы «черик уруусунун» тарыхы деп окутпай «карачерик» тарыхы деп окутушу абзел. Себеби азыркы 40 уруу кыргыздын эң байыркысы, эң эскиси, эң сакалдуусу, эң баатыры, эң мекенчили жалгыз ушул эле Черик. Аны көпчүлүк окумуштуулар менен жазуучулар жакшы билишет. Биз сөз кылып жаткан Кара-черик менен Мухаммед-кыргыз экөө тең Баймурат чериктин уулу Ахмед менен Бекназардан тараары 14 к. тарыхтардын жыйнагы аттуу китепте жазылган. Ошондуктан ошол согуш талаасынан таап алып багып чоңойткон Жаманак-черик тууралуу кеп кылуу тарыхты туура жакка бургандык болуп эсептелет. Бул тарыхый улуу инсан Жаманак-Черик согушка аттанаарда жана согуштан жеңиш менен кайтканда төмөндөгүдөй ураан салган:

Ай кулагы шака-шак,
Айда баатыр Жаманак.
Күн кулагы шака-шак,
Күндө баатыр Жаманак.
О...Жаманак, Жаманак
Урунаарга тоо барбы.
Урушаарга жоо барбы

Жаманак жоодон жеңилбейт...деп карачечекей өз атасы Тагай бийден калган Алтын Туусун көтөрүп кыргыз элине хан болот. Азыркы кыргыздар ата-бабабыз Баймурат хан менен Тагай бийден, Жаманак-черик менен Байчубак баатырдан калган бул ураандарынын бизге жеткендигине дагы тобо

кылалы! Тобокелчилик боюнча бир себепти жаза кетпесек азырынча окумуштуулар жалкоолук кылып Кыргыз тарыхына жогорудагыдай чын тарыхтарды жазпай келишет. Бул жогорудагы ж.б. тарыхый окуяларды эмне үчүн азыркы окумуштуулар ачыктап жазбайт. Буга бир эле далил себеп бар. Мисалы сиз бугу уруусунан тың чыкты деген 100 кишисине жолугуп калсаңыз алардын 90у окумуштуу-кызматчы, 10у кетмен чапкан карапайым. Сарбагыш, Саяк, Солтолор дагы ушундай. Буга чоң себеп Ажыбек баатырдын көсөмдүгүнөн 1843-жылкы курултайда Ормон сарбагыш уруусунан биринчи жолу хан болуп чыгып, кыргыз жеринде эл бийлей баштайт. Ошол Ормонго Качыке, Боромбай, Жангарач, Жантай баштагандар баш ийип турушкан. Бул бийлик совет убагында дагы уланып ошол эле бугу, саяк, солто ж.б. уруулардан чыккан билимдүү чыгаан уулдар жакшы кызматтарга бара албай *(же жакшы кызматтарга тура албай)* ал себептерден улам келечекти ойлогондор кызматка кайыл болуп илим-билим багытына ооп, жети-атасын кайра-кайра мактап жазып элге таанытып алышканы чындык. Ал эми черик уруусунан 100 кишиге жолугуп калсаңыз анын 90у кетмен чапкандар 10у окумуштуу-кызматчы болуп эсептелет. Мындай жыйынтыкка келгеним карачерик уруусунан алгылыктуу чоң-чоң тарыхчы окумуштуулар совет жана азыркы эгемен мезгилде дагы суурулуп чыга элек. Буга далил бир тууган ага-инилерибиз А.Асанканов, Ө.Осмонов, Т.Өмүрбеков, Тынчтыкбек Чоро тегинге окшогон көрүнүктүү окумуштуулардай, черик уруусунан суурулуп чыгып кыргыз тарыхын тактап кээ бир учурда кеси келсе өз уруусун даңктап жазгандай иш кыла элек. Бирок, «эркек топосум эгизди туумак эле деп» Ак-Сай менен Арпаны, Кара-Кужур менен Сон-Көлдү, Ош менен Жалал-Абадды тегеренип чапкылап

мал менен оокаттын кулу болуп кишинин көөнүн оорутпай, кишинин керегине жарабай жүргөн Ат-Башы менен Нарындык, Ысык-Көлдүк менен Бишкектик, Ала-Букалык менен Оштук сазык бай карачериктердин саны арбын эле!!! Ушул жогорудагы далилдерге байланышкан бир окуяны теле берүүдөн көрдүм эле. Бир топ убакыт болуп кетти. Эстегенимди жазып көрөйүн. Уккан окуяга көп болгондуктан мааниси өзгөрдү. Бирок ойду чогултуп туруп элге тартуулоону туура таап турам. Бир жылы телеберүүнү карай калсам маркум жер жамандап барбасын *(кыргызда көзү өтүп кеткен мусулманды ушинтип айтышат)* бейиши болгон Кыргызстан мусулмандарынын муфтиси Мураталы ажы Жумановду көрсөтүп жатыптыр. Ал киши туруп алып сүйлөп жаткан экен. Жанында тунгуч президент А.Акаев ж.б. дин кызматкерлеринин аалымдары бар. Кандайдыр бир чогулушпу же конференциябы айтоор кыргызча айтканда жыйналыш. Кулак кагыш кылып калдым. Бир маалда Аскар Акаев тууралуу кеп жүрүп ал кишинин даанышмандыгы, окумуштуулугу, акылдуулугу, **кишинин көөнүн оорутпай** тургандыгы тууралуу сөз сүйлөндү. Сөз уланып...илгери бир эки кошуна болуптур. Бир күндөрү бирин бири какус-кукус кылышып токмок жегени баягы токмоктогондун үстүнөн арызданып Казыга келет экен. Болгон окуяны толук угуп олтурган Казы башын чайкап сеники туура экен деп узатат. Токмок жеген инсан кеткенден кийин токмоктогону Казыга келип а дагы болгон окуяны баян кылат. Баарына көңүл коюп угуп олтурган Казы башын көтөрүп бу сеники дагы туура экен деп эшикке узатып чыгыптыр. Ал кеткенден кийин төркү бөлмөдө турган байбичеси чыдай албай казы турган бөлмөгө чыгып э...ботом токмок жеген келсе дагы туура

десең, токмоктогон келсе дагы туура десең деги сенин калыс Казы болгонуң кайсыл дептир. Кемпирин кечке карап турган Казы жакын басып келип байбичесин далысынан таптап Кемпир сеники дагы туура дептир деген кепти уктум эле. Ошол кезде ичимден тобо дегем. Хандын шыйкыны кеттиби же кулагым менен ушул маанидеги кепти уктумбу деп көпкө ойлонуп жүрдүм. Анысы сыңарындай эгемендүүлүктү жаңы колго алгандар ойду-тоону айтып «обончул», «чырчыл», «кыянатчыл» дегендер эл башы болуп элдин уулу деген окумуштуулар менен президент өз ата-тегин тарыхка жазып, өзгөнү жазбай келе жаткандыгы дагы туура!!! Ошентип жогорудагы Евроазия тарыхтары жазгандай 40 уруу кыргыздар менен кээ бир түрк тайпалары Кара-Чериктердин акылдуу баатыр уулдарынын коргоосунда болуп, узак кылымдар боюу бирге жашап келгендиги кызыктуу. «Кара» деген сөздүн түшүнүгү «Чоң», «Зор» деген сөз маанисин берээрин бардыгы билет. Улуу манасчы Жусуп Мамай черик Сары бийдин уулу көлдүк Тилекмат чечен тууралуу эмгек жазып «Менин бул жазганым уруу талашып, наам алыш үчүн эмес,- чындыкты кубатташ» деген осуяты кимдин болсо дагы көкүрөгүндө туруш керек. Мына ушул терең маанилүү осуятты сап кармап манасчы Жусуп Мамайга жолукканчакты жана жолуккандан кийинки кээ бир окуяларды эстеп көрөлү.

**1999-жыл...**

Диплом менен бекитилген кесибимди өз каалоом менен таштап чыгармачылыкка багыт алууну туура таптым. Буга жамакчы, санжырачы, билерман энебиз Дилдекан себепчи болду. Атабыз Сейтакун 1941-1945-жж. Улуу Ата Мекендик согушка катышып сол колунан чолок болуп 2-топтогу

согуштун майыбы деген бүтүм менен туулуп өскөн жерине аман-эсен келген кадыры бар адам эле. Бул мактанычтын чындыгы ошол кездеги СССРдин борбору Москва менен Кыргыз ССРинин борбору Фрунзе шаарынан жыл сайын 9-майда атама куттуктоо баракчалар менен кээде медалдар, ордендер келүчү. Буга жаман-жуман мага окшогон балдары кубанып калчубуз. Энемдин жөлөнө турган бир атадан тараган агасы, иниси же сиңдиси жок эле. Атамдын болсо жалгыз карындашы Турсунбүбү эжекем бар болчу. Атама караганда энем бул арманын көбүрөөк айтып жиберчү. Энемдин эскерүүсүндө 4-5 жаштарга барып калганда тайатабыз Мамырбай болушту НКВД кулакка тартыптыр. Угушубузга караганда кийин Нарын шаарындагы «Жайлоо-Бак» деген жерге көпчүлүк менен кошо атып чогуу көмүлгөн экен дечү. Ал эми тайатабыз Мамырбайдын иниси Өмүрбай болуш таякебиз «кыл мерген» болгондуктан беш атаар куралдардын күчүнө салып жигиттери менен Кытайга ашып кетип кайра кайтпаптыр. Энемдин тирүү кезинде эгемендиктин мыйзамын колдонуп таяатам жөнүндө маалыматтарды издеп калдык. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Улуттук Коопсуздук Комитетине, Ички Иштер Министрлигине, Башкы прокурорго кат жолдодук. Ал жөнүндө энеме барып айтсам, койчу балам эртеби кечпи балдарыңа зыяны тийбесин, жаткан кишини ошол эле боюнча жөн кой деди. Коюп калдык. Ал эми Өмүрбай таякеңден Бурулуш, Мамбеторозо деген балдар калып кытайда турат дечү. Совет убагында энем Дилдекан кытайдагы Бурулуш эже Мамбеторозо байке менен көбүрөөк кат, сүрөт алышып турчу. Ушул жерге келгенде энебиз болоор-болбос үшкүрүнүп канчоосу чын, канчасы уламыш билбейм балам деп алып ушул жамагына көп токтоло турган:

Дүйнө, дүйнө, дүйнөсүң, Дүйнөнүн эмнесине сүйүнөсүң. Атадан алтоо болсоң да, Ар-бириң ар башка үйдөсүң...деп калучу. Кайра бат эле тобосуна жанып «Жалгыздык бир гана Теңирге жарашат» экен жалгызмын деп айтпайын мына атаң экөөбүз жети эркек эки кыздуу болдук. Айшабүбү, Турганбүбү, Коногалы үчөөнү наристе кезинде жерге бердик. Жер үстүндө алты эркегим бар, мындан сырткары атаңдын мурдакы аялы Бүкөш энеңден кыздары Сакиш менен Батышты тарбияладык, турмушка узаттык элден артык бактык. Барынан дагы жашым улгайып калганда мага кыйыны Конокбай байкең менен Казыбек иниңдин менден мурда көз жумганы болду дечү. Ал эми өзү менен энелеш бир-тууганы Кадыр акеге жасаган эмгегин эстегенде кабак кашы түйүлүп кетээр эле. Атаң ал кайнисин Кара-Жоргонун үстүнөн түшүрбөй бапестеп бакты. Атаң жездеси эмес атасынан артык болду. Бир эмес эки жолу үйлөнттү, Фрунзеден эч ким окуй электе окутту, үйүн бөлдү деп калучу. Ал эмгекти эл, көчө, айыл жана Кудай билет. Таяэнең Калыйчаны кабак кашым дебей атаң өз энесиндей бапестеп бакты. Сен Германияда советтик армиянын катарында жүргөндө өз колу менен чын дүйнөгө узатты. Менин «эркеаян» атыккан туугандарым калп эле намыс көрүшүп Сейтакун жезде «сөөк биздики» энебизге өзүбүз мал союп куран окутабыз дешиптир. Анда менин туугандарым азыркыдай «бар» эмес эле. Атаң мейли сойсоңор сойгула десе унчукпай калыштыптыр. Атаң таяэнеңе кеткен чыгымдарын жалгыз өзү көтөрүп мындай болду тигиндей болду сөөк башкалардыкы эле деп дагы сөз кылган жок. Кийин энеңдин жалгыз уулу Кадыр келип мал союп башкайындылыктарга куран окутпады. Мен атаңа эки дүйнөдө ыраазымын дечү. Бизди төрөгөн энембиздин төрт баласы кийин көз тийгендиктенби

айтор оорунун майыбы болуп турса дагы намыстуу, кайраттуу, зээндүү, акылдуу, сабаттуу эле. Айылдыктардын көпчүлүгү энебизди «митайым Күкү» деп калышчу. Мунусу чын экен. Айылда кандай чечилбей турган чатак болбосун калыстыкка энемди чакырышчу. Алар энемдин шарыятты аралаштырып бар менен жокту баамдап сүйлөгөн таза кеби менен такыба жашоосу бат эле эки жакты элдештирип койчу. Энебиз 28 жашында чоң атабыз Казыбай уулу Абдыкадырдан намаз үйрөнгөн экен. Ошондуктан а кишини атасындай көрүчү. Анысы сыңырандай Кыргыз ССРи 1991-жылы эгемендүүлүктү алып мусулманчылыкка карата эркин көз караш менен сүйлөп жаза баштабадыкпы. Түшүнүгүбүздө Аллах тарабынан жаралган Адам-Атабыз менен Обо-Энебиздин дагы атасы менен энеси жок экен. Ошентип атадан алтоо болсоң дагы ар-бириң ар башка үйдө болооруң көп сырдуу окуя тура.

**2003-жыл...**

Кыргыздар кээде ачуусу келгенде «өлүп көрдүң беле» деп таамай айтышат. Буга чейин чыгармачылык менен эч кандай тааныштыгым жок жаным 1999-ж. аягы 2001-жылдары кыйналып кысталып жүрүп тырмак алды болсун деп Бишкек шаарындагы Учкун АК «Бабабыз Кошой жердеген Ат-Башы XXI-кылымдын босогосунда» деген эмгек жарык көрдү. Аталган жыйнак райондун уюшулгандыгынын 70 жылдыгына *(китепти Жусуп Мамай атабызга ала барган элем)* арналган эле. Ал аңгычакты Кыргыз Мамлекетинин демилгесин колдогон Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы 2003-жылды «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнө 2200 жыл» деп жарыя кылып калды. И ...эми Ажыбек баатыр менен Казыбек казалчынын маарakeлерин өткөрүүгө оңтой келди деп буга чейин

жашыруун-жабык даярдыктарымды жарыкка чыгара баштадым. Советтик тарбияда чоңойгондуктан жана мамлекеттик кызматта иштеп туруп жетекчилеримден бир эсеси сактанып бир эсеси жалтанып чогултуп койгон материалдарымды журналист Бурулсун Дыйканбаева менен маакулдашып Теңир-тоо гезитине Ажыбек баатыр баянын алгачкы жолу чыгардык. Буга чейин жогорудагы райондун 70 жылдыгына арналган китепке жазуучу Чоробай Шадыбековдун Ажыбек баатыр поэмасын жарыкка чыгарган элек. 200 жылдан бери Кыргызстанга белгисиз бойдон калып мейли советтик мезгилде мейли эгемендик келген мезгилде окумуштуулар тарабынан кылайган эмгектери эскерилбеген Ажыбек баатыр тууралуу чогултуп жүргөн маалыматтарым керекке жарай баштады. Ошол мен жазып жарыкка чыгарган тарыхый маалыматтарды бир кездерде мен таанымбаган окумуштуу жердеш агабыз Т.Өмүрбеков докторлук диссертациясын жактаганда колдонуп мага жакшы каалоолорун ошол эмгектин ичине дагы жазып кетиптир. Мына ушул бабабыздын 200 жылдыгына арнап жазып бүтүп калган китебимди бир сыйра окутуп тааныштыруу үчүн Жусуп Мамай атабыз жашаган Кытай Эл Республикасына бармай болуп калдык. Ооба...анда 2003-жыл келип калган эле. Ошентип атактуу алп манасчы Жусуп Мамай менен Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу облусундагы Артыш шаарында 2003-жылы жолуктук. Бул жолугушуубуз биринчи жана акыркы дагы болгондугун билген эмес элек. Көрсө турмуштун дагы өзүнчө сыры болот дегени чын окшойт. Ал сырды азыр баамдоого аракет кылганыбыз менен бары бир аны бир гана Теңир өзү билет тура! Ооба ошондо ошол жыл чын эле 2003-жыл болучу... Кыргыз элинин жыл сүрүү

акылмандыгына кайрыла турган болсок ал жыл «кой жылы» боло турган эле. Кыргыздар жылды алтыга бөлүп алтоону арам, алтоону адал менен атаганы чоң табышмак окшойт. Энем айтып калаар эле. Адам-Атабыз жалпы балдарын жана өзүнө баш ийген айбанаттарын чогултуп жылды он эки мүчөгө бөлө тургандыгын жарыя кылат. Ошондо жылдын башын ким менен атоо талаш-тартышка кабылат. Жылдын башын мени менен атаар бекен деп уй, төө, жылкы ж.б. айбанаттар дагы чогулат экен. Адам-Атабыз баардыгын катар тизип талаш-тартышка түшкөн маселени калыс чечүү үчүн ким күндүн бетин биринчи көрүп мага сүйүнчүлөсө ошол айбан менен жылдын башы аталат деп кулактандыруу кылат. Ошентип жыйналгандар эртең мененки күндүн бетин ким биринчи көрөөр экен деп күтүп калышат. Чычкан акылдуу экен, кечинде жерге чөгүп ичкен жегенин аш кылыш үчүн кепшеп жаткан төөнүн куйругуна жармашып төөнүн үстүнө чыгып кетет. Акылдуу чычкан таң агаргыча эки өркөчтүн ортосуна жатып, таң агара баштаганда төөнүн кулагынын учуна чыгат. Аңгыча төө дагы ордунан туруп күндүн нурун биринчи көргөнгө кам көрөт. Төөнүн кулагынын учунда турган чычкан төөдөн мурда Теңир-тоодон чыккан күндүн нурун биринчи көрүп Адам-Атабызга сүйүнчүлөп кыйкырган экен. Ошентип айла-амалдын аркасы менен жыл сүрүү Чычкандан башталып калган дечү. Жыл сүрүүнүн башы Чычкан менен башталып уй, жолборс, коен, балык, жылкы, жылан, кой, мечин, тоок, ит жана доңуз менен аяктайт. Адам-Атабыз менен Обо-Энебиздин урпагы Пайгамбарыбыз Ибрагим Аллейхи Саламга Теңир тарабынан түшүрүлгөн «ак кочкордон» бери адам баласы кой жандыгын жакшылык менен жамандыгына кенен-чонон колдонуп келе жатканы турмуш чындыгы. Ошол

Пайгамбарыбыз Ибрагим Аллейхи Саламдан берки доор-замандан ушул 2013-жылкы доор заманга чейин адам баласынын урпактары канчалаган кылымдарды аркалап, канчалаган сууларды кечти, канчалаган согуш кыяматын башынан өткөрбөдү, канчалаган «кой үстүнө торгой жумурткалаган» турмушта жашабады бул ж.б. окуя тарыхтын так жана такыба мезгилин бир гана Теңир өзү билет экен!!! Ошон үчүн Теңир Улуу!!! Ошон үчүн Жараткан үргүлөбөйт!!! Ошон үчүн Аллах жалгыз!!! Ошон үчүн Кудай көрүчү, билүчү!!! Ошон үчүн 18 миң ааламды жараткан дагы, жасаган дагы Теңир өзү!!! Кичине кезден баштап бул ж.б. осуяттарды аз - аздан болсо дагы окуя баяндарды көңүлгө алып «чүкөгө кыт куйгандай» сактап келген нарындык каракыргыздар узун сөздүн учугуна, кыска сөздүн кыйрына жеткен нукура каракыргыз тукуму. Бул ак сөөктүктү Теңир-тоолук каракыргыздардан эч ким талаша дагы такташа дагы албайт. Ал маалыматтарды атактуу тарыхчы Сабыр Аттокуров «Кыргыз санжырасы» деген эмгегинде толук көрсөткөн. Окумуштуу жазгандай ошон үчүн «бекеринен жалпы кыргыз бийлердин курултайында Карачериктин бийлерине жамбаш менен каржилик кошо тартылган эмес. Кокусунан Черик бийлери курултайларда биринчилерден болуп сөз сүйлөгөн эмес» деп белгилейт. Ооба ошон үчүн ошол Каракыргыз чериктери күнү-түнү жаны калбай көр оокат жыйноо менен алек болуп келе жаткан «сазык бай» туугандарына ат арытып алыстан келип каттап турушкан. Оокат кылып жаткан тууганынын шагын сындырбай астейил эркелетүү менен ээ...түкүнчө тирүүчүлүктөгү жумушуң «үч күндөн кийин бүтөт» кыйналып кысталып кетипсиң. Эртең биздикине келип ага-туугандарың менен жүз көрүшүп, бир дасторконго чогуу олтуруп чай ичип даам сызып кет

дешет. Бул чакыруунун себептери көп. Бирок бир себебине токтоло кетели. Ошолордун биринде «ичээр суун менен көрөөр күнүн бүтүп кабырын кенен казылып, ага-тууган, бала-чакан чогулганчакты эле үч күн өтүп кетет» экен. Ошол беш маал даарат алып жүргөн асыл дененден жанын чыркырып чыккандан кийин «үч күн бою» сени жоктоп туугандарын балачакан өкүрүп турат тура. Ошондо дагы кудайдын кудрети менен жатып алып ким келди ким келген жок деп толуктап турат турбайсынбы. Мына ушул эл турмушунан алган мыйзамды жакшы билген Кыргыздар кайдан болсо дагы түкүнчө каза болуптур деген кабарды угаары менен «бир ууч топурак салат» элем деп каражанын аябай күнү-түнү жол жүрүп сенин сөөгүн турган жерге жоктоп өкүрүп келген табышмагы дагы ушул окшойт. Ошон үчүн каракыргыздар ушундай кепти урпаткарына калтырып кетсе керек. Каза болгонуна «үчүнчү күн» болгондо сөөгүндү аруу жууп, ак кепиндеп туруп кыямат кайым болгончокту жер-энендин кучагында жат деп сөөктү жер-энесине аманат берет экен. Мына ушул көзү өтүп кеткен мусулман адам баласынын сөөгүн кабырга этият алып кирип башын түштүккө, аягынды түндүккө ал эми эки бетинди кыбыланы *(Каабаны)* каратып бетиндеги жаап турган кепинди ачып коерун мусулман баласы толук билет. Ошол сөөктү жаңы эле койгон көрдүн кырында катар-катар турган тууган-уруктарындан чогулган бир ууч топуракты кабырда жаткан сенин сөөгүндүн жанына төгүп жазып бүтүп анан кабырдын оозун кыш менен бекитет эмесби. Мына ушул кабырдын оозун бүтөп жаткан кирпичтердин эн акыркысы койюлгандан баштап сага тигил чын дүйнөнүн суракторы, сыралары башталаарын шарыятты жакшы билгендер айтып жүрүшөт. Ошон үчүн мусулман баласы э...Аллах мени көр асабынан сактай көр деп эсине

келе калганда жалынса. Ал эми ал сурактын катуулугун асаптыгын угуп калган мусулман баласынын келмеси оозуна келип заманасы куурулуп бейиш менен тосокту акылы менен салыштырат экен. Ошол салыштырууларды калчап көрүп жаман-жакшыны эстегенде өзүн коерго жер таппай жараткан Теңирге тегеренип садага болуп кеткиси келип турганы дагы ошол экен. Ошондуктан Нарындык каракыргыздар «жалган дүйнөдөгү жанталашкан ишиң үч күндөн кийин бүтөт» деп кесе так айтканын эми түшүндүк. Бирок, булардын баарын билип туюп туруп эле кайран жаныңды кыйнап кайрадан көр оокатка колуңду созуп «сегиз шырдак» чогултат экенсиң. Ал шырдагыңды көрүп-көрбөгөн киши болсо деле ал буюмду «күбө» деген куртка жедирип кайра-кайра күнгө жайып кактатып жанталашканыңды эмне менен өлчөөгө болот. Акыркы жайга баратканда жыйнаган дүйнөңдүн бирда бирөөсү нап бербегени дагы ошол тура. Антсе дагы бирөө өлбөчүдөй болуп оокат кылса. Бирөө теңирдин бергенине шүгүр кылат экен. Мындан башка дагы тобокелчилик менен напсини тыюуу тууралуу баяндар абдан эле кызыктуу. Кесегинде ушул ж.б. тиги дүйнө сырлары тууралуу Сарт-Кечүүдө турган черик Абдылдабек-Олуя тууралуу ата-энебизден уккан кеп бар:

Алла деп ак урдум, Алланын атын чакырдым,
Кудаа деп ак урдум, кудаанын атын чакырдым.
Кудаа деген пендени, куру койбоймун дечү эле
Алла деген пендени, Алсыратпайм дечү эле...
Кул пендем солкулдайсың тирүүндө,
Кулпендем солдоёрсуң өлгөндө, анда күнүң не болот?
Кулпендем шалпылдайсың тирүүндө,
Кулпендем шалдаярсың өлгөндө Алла-Ак, Алла-Ак, Алла-Ак.
Этеги жок жеңи жок, эндей тонду кийгенде,

Кулпендем Анда күнүң не болот Алла-Ак, Алла-Ак, Алла-Ак.
Эшиги жок төрү жок, караңгы көргө киргенде,
Кулпендем анда күнүң не болот Алла-Ак, Алла-Ак, Алла-Ак.
Ошол көргө киргенде шыкааларга тешик жок, же чыгып кетеерге эшик жок
Кулпендем анда күнүң не болот Алла-Ак, Алла-Ак, Алла-Ак

-деп аса-муса таягын таянып Кашкар менен Какшаалды, Ат-Башы менен Нарындагы кыргыздарды кыдырып туручу экен. Кийинчерээк Абдылдабек олуя каза болоордон мурда сарткечүүдөгү туугандарын чакырып керээз кебин таштап менин көзүм жумулуп кетсе менин сөөгүмдү айныбай ушул мен көрсөткөн жерге койгула деген экен. Убакыттар өтүп Олуя каза болуп баягы керээз кеп боюнча чогулган кыргыздар көрсөткөн жердин бетин кетмен менен ала баштаганда эле суу чыгат. Жай касып жаткандарга келген 4-5 сарт ой...богу сазык кыргыздар олуяңарды кантип ушул булак болуп суу чыгып жаткан жерге койосуңар дешет. Бул кепти уккан каракыргыздар андан аркы ишти улантпай токтотуп кой олуянын сөөгүн чын эле кантип суу чыккан жерге коюбуз деп жер тандоого кирет. Ошентип Олуянын сөөгүн азыркы Ат-Башы кыштагынын түшө беришиндеги кырга коюшкан экен. Эртең менен молдолор куран түшүрөбүз деп мүрзөгө эрте келип куран окуп жатканда арасынан бирөө олуянын сөөгү коюлган жайдын төбөсү торгойдун уясындай болуп көзөнөк болуп калгандыгын байкайт. Шашылгандар айылдан алабакандарды алдырып келип бакан улаштырып сойлотсо сөөк жоктой сезилет. Ошондо куран түшүрүп жаткан бирөө кап болбостур «Олуянын керээз кебин так аткарбадык жакшылыктын көбү

кытай тарапка ооп кеткен тура» дегени чын экен. Айтылуу «Мухтасар тарих Кыргызиа, «Тарих Кыргыз Шадманиа» деген эмгектерди элден чогултуп жазган Осмоналы Сыдык уулу дагы ушул китептерди жазам деп Ат-Башы менен Нарынга келип санжыра чогултуп, Олуяны көрүп баалабай кеткен экен. Абдылдабек-Олуянын батасын албай кеткен Осмоналы-Молдо кийин Текес-Кыяста өз жерине жетпей көзү өтүптүр деп жүрүшөт. Турмуштун мындай сырларын эзелтен бери эле билип келе жаткан Теңир-тоолуктар барчылыктын байлыгын колдо бар бодо малдар менен эсептебей майда жандык кой-эчкинин саны менен эсептеп келген. Ошон үчүн кимдин кандай байлыгы бар экендиги тууралуу кеп болгондо кой-эчки майда малдары барларды кеп кылышкандыгы кызыга турган окуя. Ушул байлык тууралуу кеп болгондо Нарын менен атбашылктар «Байлык менен барчылык Бай Баястан менен Токсобадан калган» деп турушат. Ошондуктан бул атактуу ага-ини эки байдан бир азыраак азыркы урпактарына айта турган сөз калыптыр. Нарындын Куланак деген жеринен Үсөнгү-Куушка көчкөн Бай Баястанды жолдокатар жакшылар айран-сүт ак менен тосуп алып турчу экен. Ал эми Бай Баястан болсо элде жок өнөрүн көрсөтүү үчүн кадимки эле төөнү комдотуп ага кашкар самоордон экини орноттуруп чай кайнатканды өнөр кылат. Ошол кайнаган чайы менен кошо кашкар менен какшаалдан алдырып келген өрүк, мейиздерин жайнатып көчтү тоскондорго чай ичүү өнөрүн үйрөтүптүр. Ошондон Теңир-тоолук кыргыздар «төө үстүндө түтөгөн самоору бар көч келе жатат десе» бул нарындык черик Бай Баястандын көчү экен деп билишчү экен. Бул улуу инсан 19-к. жашап өткөндүгү тарыхый чындык. Ал эми совет мезгилине туш болгон Токсоба байдын тубар эле койлору 10

минден ашып турган. Мына ушул улуу инсан 96 жашка чыкканда совет мамлекети бай деген шылтоо менен кулакка тартып эки жыл камакта болуп кутулуп келип 98 жаш курагында дүйнө салыптыр. Ал улуу инсандын койдон бөлөк дагы малдарын кошуп беш колхоз уюштурган экен. Алар архивдик маалыматтарда азыркы Ат-Башы районундагы: Ак-Жар, Кызылы-Октябрь, Баш-Кайыңды, Көчпөс, Чоң-Дөбө, Кара-Тал айылдары эсептелет. Ошондон теңир-тоолуктар «токсобанын тогуз-он кара койлору» деген улуу кепти калтырган. Адам баласы кой менен эчки жандыгын жакшылыгы менен жамандыгына көп пайдалангандыгы дагы ошол тура. Улуулардын уламасында кой баласын кыбыланы картып Теңирге багыштап «жаның кудайга-сообу көзү өтүп кеткен атам менен энеме» же бир тууганым түкүнчөгө деп бата кылып сойсо ал мал адал деп эсептелет дешчү. Ошон үчүн ушул ж.б. ата-баба осуяттарын азыркы жаштарга айтып жүрсө алар «тешик кулак эмес-куйма кулак болуп» чоңоет дечү бизден улуу кишилер. Мына ушул ак бата тиленип союлган малдын жаны чыгаары менен ал бейишке кирет деп кайра-кайра айта берүүчү раматылык таяэнем атактуу санжырачы Ороз болуш кызы Калыйча. Себеби аталган малдын туягынан башына терисинен жерге таштаган коргоолуна чейин адам баласына кызмат кылат дечү. Азыр чачты ак басып турмуштун олку-солкусун көргөн бизге бул осуяттардын баары туура экендигине көсүбүс жетип келе жаткан чак. Ошол 2003-жылкы кой жылы азыр менин билишимче элибизге дагы биздин үй-бүлөбүзгө дагы тынчтык алып келген жылдай сезилет. 2003-жылы бирин экин «арстандардын тукумдары» болгон нарын менен атбашылык каракыргыздарды ойготобуз дегендерден башкасынын баары тынч болчу. Ошол кезде инибиз Мелис менен агабыз Шайлообек жазып

чыгарган Асаба деген гезитин окуп алып «жакасын кармап» кайран сыйлуу тынч заман совет менен кетти деп калган улуулардын кебин көп угуп жүрдүк! Анда: Мамлекет башчы Президент Аскар Акаев болсо, Нарын облусунун губернатору болуп Аскар Салымбеков иштөөчү. Кай бир Теңир-тоолуктар Жараткан ырыскысын чачты. Эки Аскарыбыз эки жерде деп төлгө кылып жаңы төрөлгөн наристелердин атын Аскар койгондор дагы көп болду. Аны менен кээ бир кабарчылар кудай кылбасын жол талашып ал наристенин аты Президенттин атынан коюлган, бул наристенин аты Губурнатордун атынан коюлган деп Нарындын борбордук көчөсүндө тургандарды көп эле көрдүк. Ал эми чаектик окумуштуу агабыз Советбек Байгазиев «21-кылымдан келген адам» деп А.Акаев менен чоогуу ошол кылымдан келгендей эмгек жазып жиберди. Ушундай жакшы маанай менен эгемендиктин алгачкы даамын татып жаткан элибиз үчүн дагы тарыхта бир чоң жаңылык пайда болду. Бул кубаныч Кыргыз мамлекетинин демилгесин колдогон Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамбллеясы 2003-жылды «Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнө 2200 жыл» деп жарыя кылганы эле. Кудай кылбасын жеңин түргөнү жеңин түрүп, жеңин түрбөгөнү алаканын ушалап «мен тарых жаатындагы окумуштуумун, мен баланча чоң уруу менен уруктун тукумумун» деп көптүгүнө салып кыргызга кыянаттык кылган аталарын баатыр деп мактай баштады. Мунусу аз келгенсиген кыргыздар ажоо А.Акаевдин жети атасынын таралышы тууралуу ураандашып ошондогу Эл куту деген гезитке жарыя кылышты окшойт. Ошондо көп улуттуу кыргыз элин таштап качып кеткен ажообуз атактуу деп жүргөн Жантай менен Шабдандын тукуму экендигин билдик. Кийин биз чыгармалардан же болбосо

санжыралардан уккан икаяларбыз чын экендигине көзүбүз жетти. Алымбек датка кокон хандыгынын кыстоосу менен өлүп, анын өмүрлүк жары Курманжандын башы бош кез экен. Кыргызга кызыл дубана атыгып, сулууну көрсө ашыккан Шабдан мал чогултуп Кара-Байтикти ээрчитип Алайга Курманжанды алыш үчүн күйөөлөп барат. Шабдан Курманжандын акырая карап суроо бергенине апкаарып кетип сөздөн жаңылып жеңесин «апа» деп алат экен. Ошентип сөз бузулат. Бул ж.б. окуя жагдайларга көз салып турган Жантайдын жигити Баякенин кыраакылыгы таш жарып турган чак тура. Жаңы эле уйкуга кирели деп шайы төшөккө бутун сунган Шабдан менен Байтикти ушул түндөн чыгарбай жайлап салгыла деген датканын кеби Баяке угулат. Шамалдай шашып ыгы менен кыймылдаган Баяке Шабдан менен Байтикти түн ичинде жаңы кийип барган сарт кепичтерин боз үйдүн кире беришине коюп керегени көтөрүп экөөнү маазычан качырып ажалдан аман алып калган экен дешчү. А.Акаев дагы эл башкара калам деп үркөрдөй болгон бир топтон коркуп Кыргызстанды жайдак таштап Москвага качты. Азыр Шабдан менен Байтикти баатыр деп сыймыктануу менен атап айкелдерин коюп көчөлөргө атын берип ал аталарыбыз баатыр болучу, чын эле баатыр эле... деп китептерди жазып келе жатабыз. Мен кичине кесимде айтылуу Ороз болуш кызы Калыйчадан уккан кабарым бар. Аны бүгүн бул жерге жазып кыстарып кетпесем сөздүн атасы өлөт. Анда: 1970/72-жылдар боло турган. Ошол кезде Кыргыз ССРин атактуу инсан Усубалиев Турдакун Усубалиевич башкарып туручу. Таяэнем балам ушул айтканымды эсиңе түйө жүр, кеси келсе кеп кыл кеси келбесе унчукпа дечү. Мен дагы бул сөздөрдү улуулардан укканмын деп калучу. Таяэнемдин мага

таштап кеткен кебин берип көрөйүн. Э...балам ушул мамлекетиңерди *(Кыргыз ССРин айтып жатат)* кийин сарбагыш уруусунун нактасымын деген Жантай менен Шабдандын тукуму акыркы жолу башкарат. Ошондон кийин ал хандык даража тегеренет. Ошентип жүрүп бийлик карачериктердин урпактарына келет. Ошондо кайсы бир кылымдарда бабаң Кара-Черик өз журтуна хан болуп тургандай чоң журт курасыңар деп калучу бейиши болгон таяэнем. Анда мен бала экенмин. И..эне жомогуңуздан айтып коюңуз дечүмүн. Э...балам мен айткандар жомок эмес ата-бабаларыңдын өткөн тарыхы дечү. Сарбагыш, Бугу, Солто, Саяк урууларынан чыккан ага-туугандар капа болбой эле койсун хандыкты чериктер тартып алганы жатыптыр деп. Ал энебиздин айтканы келеби келбейби аны бир гана Кудай өзү билет. Негизгиси ушул уруулардын билерман билгичтери Ормон анын уулу чериктин жээни Үмөталы жана Төрөгелди, Адыл, Жантай, Жангарач ж.б. Алма-Атаны босо деген жармага, Чүй *(эмнегедир калтыс тарых Кара-Кужур суусун ушинтип жазып дагы атап дагы баскынчылык кылып алышыптыр-К.Б.)* суусунун аркы өйүзүндөгү Курдайды 40 байталга сатып кыргызга деле кыйратып жакшылык кылбаптыр деген кеби чын окшойт. Муну жазганыбыз коңшу Казак Республикасы мындан бир-эки жыл мурда ата-бабабыздан калган Чоң-Чүйдү зым тор менен тосуп чек арасын аныктай баштаганда Нарындан Бишкекке машине менен бара жатып биринчи жолу көрүп ичим ачышып чын эле аталарыбыздын ойлонбой жасайм деген «ормон опустары» жинибизди катуу келтирген!

**Таанышуу...**

Теңирдин буйругуна ылайык Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын алкагында калың кыргызга белгисиз боюнча калган Кыргыз элинин анык Улуттук баатыры Ажыбек Токтобай уулунун 200 жылдыгын жана казак, өзбек, кыргыз тарабынан казалчы атыккан ак таңдай акын Казыбек Мамбетимин уулунун 100 жылдыгын өткөрүүнү эч кимге айтпай ич ара пландаштырып жүргөн элем. Президенттин бул Жарлыгын пайдаланып 2003-жылдын баш жагында кызматтык командировка менен Бишкек шаарына барып калдым. Буга чейин сурап билип алган жаным Ак-Талаалык ал киши агаң болот дешкен. Ал сөзгө ишенип Кыргыз Республиикасынын Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик архитектура жана курулуш боюнча комиссиясынын төрагасынын биринчи орун басары Төлөбай Сейтакматович Кеңешовду издеп таптым. Бул инсан калың кыргыз эле эмес казакка дагы аты дайын экен. Мурда көргөн дагы, тааныш дагы эмес элем. Бир канча убакыт кабылдамасында күтүп анан бошогондо мени кабыл алды. Мен кирип учурашып ал жай сурашып таанышып Нарындык экендигимди айтып кеп куруп калдык. Ал киши чындыгында эле менин байкем болоорун билгенден кийин Ажыбек баатырдын 200 жылдыгы менен Казыбек казалчынын 100 жылдыгы боюнча кеп баштадым. Каныбек Ак-Сайга барып вертолеттон авария болуп каза болгон маркум Өмүракунов Чолпонбек эмнең болот деп калды. Иним болот байке дедим. Раматылык ошол иниң бир жолу мага келиптир. Казыбектин 90 жылдыгын өткөрөлү деп өзүң билесиң Казыбек атаң акталбагандыктан бардык кызматта турган туугандар анча ынанган жок элек деп калды. Аңгычакты бул ж.б. тууган-аралык кептерге сүйүнүп кеткен байкем телефонун бурап

«Нарындан туугандар келиптир» мага кирбейсиңби деп бирөөнү чакырды. Кабинетке кирип таанышкандан кийин ал Акматалы чоң атабыздын уулу Мирбек мырза экен. 2001-жылы «Бабабыз Кошой жердеген Ат-Башы XXI-кылымдын босогосунда» деп жарыкка чыккан китептин 457-бетиндеги Ажыбек баатырдын сүрөтүн алып алган элем. Үчөөбүз көпкө сүйлөшүп олтуруп бир чечимге келдик. Ошентип борбор шаарда турган туугандар мага жардам бермей болуп тарадык. Иш жүрө баштады. Нарынга келип Университеттин ректору Алмаз Акматалиев менен биринчи жолу тааныштым. Бул туугандарга жолукканча эле мурдатан ичара убакыт таап Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевге Ажыбек баатыр менен Казыбек казалчынын маарекелерин өткөрүү боюнча кайрылуу кат даярдап койгон элем. Ал катка Союздук маанидеги персеналдык пенсионер мурда Нарын обкомунун биринчи катчысы болуп иштеп кеткен Алымбек Савитахуновду, Советтер Союзунун баатыры Дайыр Асановду, Социалисттик Эмгектин баатыры Орозакун Мамбетакунов ж.б. көрүнүктүү нсандарга кол коюшкан болучу. Бул даяр катты кеңешип туруп Президентке, облустун Губернатору А. Салымбековго, райондун акими Ж.Жакыпов ж.б. көрүнүктүү инсандарга жибердик. Ошентип Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын алкагында Ажыбек баатырдын 200 жылдыгы жана Казыбек казалчынын 100 жылдыгы облуста өтө турган болуп губернатордун буйругу чыгып маарекени өткөрүү боюнча облустук уюштуруу комитети түзүлдү. Уюштуруу комитетине: 1.Аталган маарекелерди өткөрүү боюнча окумуштуулардын катышуусунда Республикалык илимий-практикалык конференция өткөрүү; 2.Ажыбек баатыр менен Казыбекке арналган китептерди жазып чыгаруу; 3.Бул улуу

инсандардын ысымын Бишкек, Нарын шаарларынын бирден көчөлөрүнө берүү; 4.Аталаган инсандардын айкелдерин жазатып Нарын шаарына коюу; 5.Ак-Сайдагы Карол-Дөбө чек ара заставасына Ажыбек баатырдын ысымын берүү боюнча КР Өкмөтүнүн чечимин чыгартуу ж.б. бир топ чоң-чоң маселелер алдыга коюлду. Ошентип өзүң баштаган жумушту өзүң аягына чык деген кеп туура экендигине көзүбүз жетти. Анын үстүнө Нарын облустук мамлекеттик админстрациясында бөлүм башчы болгондуктан күнү-түнү иштөөгө туура келди. Эртең менен саат 8.30дан кечки саат 18.00гө чейин Мамлекеттик жумушту иштесем. Кечинде башы көздү жууп алып Ажыбек баатыр тууралуу китеп жазып жүрдүм. Ошентип 2003-жылдын февраль-март айларында Ажыбек баатыр тууралуу эмгек даяр болуп калган эле. Анда азыркыдай шамдагай иштеген компьютер Нарында жок, пентьюм-1 деген эски техника менен иштеп китеп даяр болгондо Кытай Эл Республикасындагы улуу манасчы, тарыхчы Жусуп Мамайга барып келүүнү чечтик.

**Жусуп Мамай эмне үчүн Кытай Эл Республикасында жашап калган**

Бул тарыхты тактоо кыйынчылыкка турат бирок бүйүрдү кызытат. Антпесе чындыкты кубаттаган таза тарых жазылбайт.*Биринчиден*:1635-1758-жж.чейин Кыргызстандын аймагында дооран сүргөн Калмак *(Ойрот, Жунгар)* хандыгынын тарыхый окуяларына кайрылуу керек. Алсак: окумуштуу С.Аттокуров ж.б. белгилегендей калмактардын “катуудан казан-жумшактан күл калган” заманына чыдабаган Ала-Тоолук кыргыздар чилдей тарайт. Бир бөлүгү тажиктин Куляб, бир бөлүгү Гиссар м-н Анжиянга чейин 100 жылдан ашуун тентийт. Бул мезгилде Кулябда жүргөн сарбагыш, бугу, саяк, солто

урууларын кимдер жетектеген тарыхка тактап, киргизип, аныктоо зарыл. *Экинчиси:* окумуштуу С.Аттокуров белгилегендей ушул 100 жылдан ашуун мезгил ичинде "ата-мекени болгон Кыргызстанды таштап кетпей, кеси келсе колуна курал алып калмактар менен кармашып турган" черик уруусунун тарыхтагы ордун аныктоо керек. Ошол китепке Ашым бий, Боогачы баатыр анын урпактары Онтогор хан, Карагул баатыр, Бөкө бийдин уюштуруучулук ордун белгилөө. Карагулдун балдары Ногой, Кончой кыраандарды, Токтобай бий менен Тоймат шерди, Онтогордун балдары Ырысбай бий менен Сазан баатырларды, Бөкөнүн балдары Тагайболот менен Максут бийдин эс акылы менен эрдиктерин тарыхка чагылдыруу. *Үчүнчүсү:* Кыргызстанды ээлеп турган Калмак хандыгын 1757-1758-жж. Кытай Цин бийлиги "миллиондон ашык калмактарды кырып жоюп" азыркы Ала-Тоону жалпы кыргыздарга бошотуп беришин жана анын себептерин аныктоо. Ушул кыргын бүткөндөн кийин 1759-жылы Токтобай, Максут бийлер, Тоймат-шер менен Сазан баатырлар Пекинге жиберген Хут-а-лы *(Кут-Аалы)* башында турган элчилердин эмгектерин тарыхка толук киргизүү. *Төртүнчүсү:* 1643-ж. Орто Азияга биринчи чабуул койгон Калмак ханы Коң-Таажынын кандуу кыргынын аныктоо. Тажик жергесинде 100 жылдан ашуун тентип жүргөн сарбагыш, саяк, азык, бугу, солто ж.б. уруулардын 1758-1774-жж. аралыгында Ала-Тоосуна биринин артынан экинчиси ээрчип көчүп келип азыркы Ысык-Көлдү, Иле дарыясынын боюн жана кийинчерээк кокон бийлигинин убагында сары өзөн Чүйдү ээлеген тарыхый окуясын ирээтке келтирүү. *Бешинчиси:* 1774-ж. Ала-Тоосуна көчүп келген кыргыздар алы-шайына жараша азыркы Кыргызстандагы жер-сууну ээлеши менен 19-к.

кыргыз тарыхына ташка тамга салгандай из калтырган Ажыдаар-Ажыбек, Зор-Калча, Тартак-Мамбет, Карачунак-Атамбек, Бала-Бошубек, Чөөдөйсары-Турудке, хан Кармышак, Көкбет-Татыбек, Жалдуубарак-Ормон, Бирмоюн-Балбай, Кара-Бүргө, Өөкбарак-Боромбай, Кары-Качыке баатырга окшогон ж.б. улуу инсандардын орчундуу окуяларынын башталышы тууралуу таза тарыхты окутууга чакыруу. *Алтынчы:* Ушул 100 жылдан ашуун мезгил ичинде Кытай тарыхы белгилегендей Черик уруусу Калмак хандыгы менен кармашып 6-7 атага чейин кырылып санын асайгандыгын тарыхка киргизүү. Ошондой эле 100 жылдан ашуун бөлөк эл бөтөн жерде туруп Ала-Тоого көчүп келген сарбагыш, солто, саяк, азык, бугу ж.б. урууларынын саны 6-7 атага көбөйгөндүгүн жазуу. Ошол эле учурда ушул 6-7 атасынын кимисининин сөөгү Кулябда, Гиссарда калган тактоо тарыхка киргизүү. Бул ж.б. тарыхый маалыматтарды тактоо менен элибизге таза тарыхты сунуштоо. Демек: Жусуп Мамайдын жети атасы айтылуу Сатук-Абд-ал-Керим Кара хан менен Кулжыгач-Төрө уулу Баймурат хандан бери эле Кашкар, Какшаал, Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы. Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Жалал-Абад, Ошту жети атасы эки жакка көчпөй жердеп келгени кызыгы турган окуя. Мындай болгон учурда азыркы Кашкар-Какшаал менен Кыргызстанда жашап жаткан кыргыздар Торугарт-Ашуусунан кандайча экиге бөлүнүп калган деген суроо жок эмес.

## Хан көтөрүү курултайы

1635-1758-жж. чейин болгон Калмак чапкындарына чыдабай тентип кеткен кыргыздар Таажик жергесинен азап менен Ала-тоосуна 15-20-жыл аралыгында окумуштуулар белгилегендей көчүп келишкен болучу. Биринчи келген бугу уруулары

шайлуу болгондуктан Ысык-көлдүн малга жай тескей бетин ээлесе, алы-шайына жараша көчүп келген сарбагыштар көлдүн күңгөйүн, солтолор Иле дарыясынын боюн, саяктар кеме-төбөнү ээлешкен эле. Мына ушул кыргыз уруулары алты-жети атасынын сөөктөрүн тажик жергесине калтырып келип жокчулук менен жол азабын артка таштап 40-50 жылдай тынч жашап *(болжолу 1794-1843-жж.)* "силкинип-сергип" мал менен жандын саны дагы көбөйгөн. Коңшу турган "казак жүздүктөрү" биригип Кенесарыны хан шайлашкандыгын байкап турган кыргыз уруу башчылары өз ара сүйлөшүп 1843-ж. күзүндө азыры Балыкчы шаары турган жерге алгачкы жолу хан шайлоо курултайын чакырышкан. Уламаларда шаар түшкөн жерди байыркы каракыргыздар "Кызыр-Аллейхисалам жылоолоп, конгон жер" деп кастаралап айтып келишкен. Себеби: ошол кыргыздар ал шаарда жашаган мал менен жандын ырыскысы мол болоорун башынан эле билип туюшкан. Ошондуктан хан көтөрүү курултайынын жыйынтыгы менен алты дубан элден чогулган мусулмандар жапырт беш маал даарат алып, намаз окушкандыктан ошол жер жалпы каракыргыздар тарабынан "Көт-Малды" деп аталып калганы тарыхый чындык. Курултайга: Боромбай баштаган бугулар, Ажыбек баштаган чериктер, Бүргө баштаган кушчулар, Ормон баштаган сарбагыштар, Жангарч баштаган солтолор, Ажыбек баштаган саруулар катышкан. Совет мезгилинде жашап көзү өткөн атактуу санжырачы Ороз болуш кызы Калыйчанын айтуусунда хандык даражага: бугудан Боромбайдын, кушчудан: Бүргөнүн, чериктен Ажыбектин, сарбагыштан Ормондун аты аталып бизче айтканда хан болуга кандидатуралары коюлган. Акылга дыйкан Бай уулу Калыгул менен Олуя Эшкулу агасынын сөзүн жерге таштабаган

черик Ажыбек баатыр курултай башчысы болуп кыргыз чоң манаптары тарабынан шайланат. Окуяга көз салып турган Бүргө анда мен куралдаш досум Ажыбек менен биргемин деп курултайдын мүчөсү болот. Көп күндүк талашып-тартышуудан кийин курултай башчысы Ажыбек башында тургандардын калыстыгы жеңип, Ниязбек уулу Ормон кызыл тебетей кийет. Кыргыз санжырасын жакшы билген Ороз болуш кызы Калыйча ошон үчүн хан Боромбай, хан Бүргө, хан Ажыбек, хан Ормон деп калың кыргыз атап калган дечү.

### Каргыш

Ажыбек баатырдын заманында Ысык-Көлдө турган бугу уруусунан тың чыкты деген Сарык уулу Алыке тууганы Бирмоюн-Балбай баатырды таяныч кылып тарыхта жазылгандай 1838-жылы Дөрбөлжүн деген жерде турган чоросаяктардын мыкты уулу Тайлак менен тартышып, каршылашып калат. Тайлак дагы Алыке, Балбайга алдырбаш үчүн аларга каршы Качыке баатыр менен Медет датка башында турган Жумгал-Кочкордогу курманкожо-кулжыгач саяктардан кошуп кол курайт. Мындай кабарды уккан Алыке амалдуулук кылып Тайлактын аялы менен карындашынан жашыруун толук кабар алдырганга үлгүрөт. Кабарда Качыке менен Медат датканын колу Курткага чогула элек болот. Түн жамынып келген Алыке Тайлактын аялы менен карындашына кабар берип чидерчен турган Бурул атты бошоттуруп, керегеде илинип турган "шыпырма" деген болот кылычын каттырып койгонго үлгүрөт. Муну менен Алыке бейкапар жаткан Тайлактын айылына кол салат. Чабышта чоросаяк менен бугу тараптан көп чыгым болот. Каарына келген Тайлак шыпырма болот кылычы менен буурул аттан ажырап Алыкенин жигиттерине

колго түшпөй чамынат. Муну байкап турган Алыке жигиттери менен Тайлактын бет маңдайына келгенде жаны ачыган Тайлак Алыкени коргошун кармаган камчысы менен жасабуса чаап калат. Зоот кийимчен турган Алыкенин бир көзүнө доо кетет. Ошол окуядан кийин жалпы кыргыздар аны Алыке сокур деп атап калышат. Буга ачуусу келген Алыке колго түшкөн Тайлакты керегеге тескери каратып кере таңдырып кызыл камчы кылып жигиттерине сабаттырып кызын *(бир кабарда карындашын)* тартып алып шашылыш түнү менен Ысык-Көлгө кетет. Эртеси бул окуяны териштирген Тайлак Алыке менен анын уулу Табылдыны каргап «Аялы менен карындашынын жоругуна» чыдабай уу ичип жиберип өлөт. Тайлактын бей ажал өлүмү тууралуу Кыргыздар деген он томдук китептин 3-томунда дагы берилген. Ормонду Балбай өлтүрүп, бугу, сарбагыш, саяк кандуу чабыштары башталып Койсарынын буткулунан качкан бугулардын олжолорун саяктар талап-тоноп алып жатканын көргөн Балбай: Ой саяк, сарбагыштын Ормонун өлтүрүп коюп өлүшүп атабыз, «Силердин Тайлагыңар катын үчүн Алыке сокурга байлатып кызын берип араң кутулуп, Тынымсейит уругунан кордук көрдүм деп арданып өлдү» ушул ишиңерге караганда силерге убал жок дегени ырас белем деп 500 саякты кырып салат. Эл оозунда айтылып жүргөндөй 1855-жылдагы бугу, сарбагыш, саяк чабышы башталаардан бир аз мурдараак Сарыктын Алыке сокуру Балбай менен Боромбайга баш бербей Тилекмат-Чеченден Ысык-Көлдүн азыркы Жетиөгүзүн талашат. Натыйжада Балбай баатырдан катуу сапкы жеп 20 чакты түтүн тууганы менен көлдү таштап ээн турган Кара-Кужур аймагына убактылуу жашап калат. Боромбайдын тапшырмасы менен черик Сары бийдин уулу Жылкы-Айдардын баласы Тилекмат көлдү жердеген

тогуз топ акелердин тыңдарын ээрчитип «жер талашуунун чырынан» отун сууга зар болуп жашап жаткан Алыкени кайрадан көлгө көчүрүп келүү үчүн Кара-Кужурга жакшы максат менен барат. Буга кубанган Алыке макулдугун берет. Бирок Алыкенин тың чыкты деген уулу Табылды ошол кезде атынын канжыгасына торсук байлатпай турган жаш чагы экен. Келген бугу туугандарын жана Тилекматты кагып-силкип «черик кул» деген ачуу сөзү менен кабыл алат. Мындай маанайга учурабаган, тигил жагы Кокон, бул жагы Кытай бийликтерине бештин белгилүүсүндөй болгон Тилекмат иши оңунан чыкпагандыгына жана Табылдынын ачуу сөзүнө нааразы болуп баягы «тогуз топтун» атынан келгендер тал чыбыктай жаш Табылдыны кыбыла карап каргап коюшат. Мурдакы Тайлак менен Тилекмат баштаган акелердин каргыш кептери кийин кабыл болуп, Табылды эл керегине жарай электе жазгы кийикке ууга чыгып өзүн кар көчкүгө алдырып бул дүйнө менен коштошот. Ушул жерден бир эки кыстырма жазып кетүү зарылчылыгы бар. Эмне үчүн Көлдүк кыргыздар улуусун ушул кезге чейин эле “аке, байке” дебей “аба” деп айтып келе жатса бул “аке” деген мектеп Ысык-Көлгө кайдан барып калган. Ооба бул мектепти айтылуу черик Сары бийдин уулу Тилекмат киргизгендиги талашсыз. Анын уулу Чыныбай баатыр Ысык-Көлдүн аркы-берки өйүзүн толук бийлеп кадыры калың бугу менен сарбагышка, саяк менен сарткалмакка болуп көрбөгөндөй артып мунун натыйжасында бул “аке” деген мектеп ошол кылымдардан ушул кылымга чейин көлдө айтылып делип келе жатат. Азыркы көлдүктөр Тилекматтын сөөгү кадимки Черикter жашаган айылдагы “Черик көрүстөнүнө” коюлгандыгын ырысташат. Тилекмат башында турган черик айылы Ысык-Көлдө бар

өтүнүшкөн болучу. Бирок, 1844-ж. август айынын 1855-ж.17.01.чейинки бугу уруусунун башчысы тарыхта "Өөк барак" аталган Боромбайдын Орусияга ыктап ал бийликтин карамагына толук өтүүгө дем байлаган аракеттери Санкт-Петурбугга баш ийип турган Батыш Сибирь генерал-губернатору П.Д.Горчаков башында турган орус бийлиги тарабанан баш тартылган. Муну менен тарыхый окуяларды иликтеп-тактасак 1855-ж. жайында Ысык-Көлдө "Ормондун өлөөрүндөгү керээз кеби боюнча" сарбагыш, бугу, саяк чоң согушу башталат. Чабыш өтө эле ырайымсыз болуп, белдүү кыргыз баатырлары көз жумуп, мал кырылып, эл тентийт.

## Таза тарыхты окутуу

Азыркы жаштарга 19-к. 1чи жана 2чи жарымындагы таза тарыхты окутуу үчүн "чечмелей турган" суроолор жок эмес. 1855-1870-жж. чейин созулган бугу, сарбагыш, саяк чоң чабышынын орчундуу себеби "Ормон хандын керееэ кеби" боюнча болгондугун каракыргыз бүт билет. Ошол уруу-уруу болгон чоң согушту «геноцид» деп атоого болобу же болбойбу деген көкүрөктү өйүп жүргөн суроо бар. Азыркы окумуштуулар менен тарых изилдөөчүлөр бул суроого так жана таза жооп бербесе келечектеги муундарга биз таза тарыхты жазып, таштап кеттик деп айтуудан алыс болобуз. Эмне үчүн Ормон хан болуп туруп элдин биримдигин, бүтүндүгүн ойлобой жалгыз жаны үчүн бугу, сарбагыш, саяк чабышын баштап кеткен. Эмне үчүн журт башчы акылман деп аталып келген бугу Боромбай, Балбай, Сартаке ж-а саяк Алыбектер колго түшкөн куралы жок Ормондун өмүрүнө биригип туруп кол салган. Бул чабышка жигердүү катышкан Төрөгелди, Адыл, Үмөталы, Балбай, саяк Алыбек жана булардын башында турган Ормон менен Боромбайды журт башчы болгон, журттун акылы, журттун ээси болгон деп

атасак болобу же болбойбу. Болбой турган болсо анда кыргыз тарыхын түп тамырынан бери өзгөртүү керек. Боло турган болсо анда чын тарыхты жазуу зарыл. Бул ж.б. тарыхтагы маалыматтарды туура чечүү үчүн азыркы уруучул жана урукчул чоң окумуштуулар ийри олтуруп түз кеңешиши керек. 2010-ж. 14-октябрдагы Кыргыз Туусу гезитиндеги «Геноцид Кыргызстанда болгон эмес» деген макала мындайча чечмеленген: «геноцид-бул белгилүү бир атайын топко, анын расасына, улутуна, этникалык тобуна, диний ишенимине жараша биротоло кырып жок кылууга аракет кылуу сыяктуу, адамзатка каршы эң оор кылмыштардын бир түрү». Ушул түшүнүк илимде ж-а дүйнөлүк практикада төмөнкү формаларда болоору такталган: 1.Белгилүү этникалык азчылыктын өкүлдөрүн максаттуу түрдө биротоло кырып жок кылууга багыталган массалык кыргын; 2. Белгилүү этникалык топ үчүн атайылап оор жашоо шарттарын түзүү аркылуу, алардын толугу же бөлүк-бөлүгү м-н биротоло жок болушуна, кырылышына максаттуу аракет кылуу деп көрсөткөн. Ошондуктан Кыргыз тарыхын жазганда кээ бирлерибиз уруубуздун көптүгүнө салып макталбай тарыхты урпактарга ары-бери чайкабай так жазып, так окутушубуз зарыл. Мындай узакка созулган бугу, сарбагыш, саяк чабыштары жокчулук менен ууру-бөрүнү алып келгени талашсыз. Ысык-Көлдөгү бул чоң-чабышка сегиз жылдай убакыт болуп тынчыбаган окуяга түс караган Нарындан-Кашкар чебине чейинки аймактарда жашаган чериктер Орусия букаралыгына кароону өз ара сүйлөшө башташкан болучу. Ормондун «көлдү үч айланта чапсын» деген керээз кеби боюнча 1855-ж. башталган бул кандуу согуш 1863-ж. чейин басылбай Төрөгелди, Адыл, Үмөталынын карамүртөстүгүнө чыдабаган Боромбай, Балбай, Мураталы, Сарыпбектер текес, кыяс, кытай чегине чейин кире качып, баш калкалап, карапайым эл менен кошо мал

кырылган. Ысык-Көлдүн тескей бетинде Сары бийдин уулу Тилекмат чечен баштаган чериктердин тобу менен кары-картаңдар жана өтө жакыр жашаган кыргыздар гана калган. Төрөгелди баатыр бул чабыштагы ийгилигин бекемдеп "сарбагыш эсиң менен бол качкан жоону катын талап алды деп кылымга кеп болбойлу. Боронбайдын айылына тийбегиле, Кулан бар; Тилекматтын тобуна тийбегиле, ажыдаар Ажыбек бар" деген кеби менен дагы тарыхта калган. Тарых белгилегендей: Ажыбек баатыр өлөөрүндө маңдайында турган агалары Зор-Калча, Эшкулу, инилери Турдуке менен Карымшакка карап өзүңөр билгендей Ормон менен дос жана теңтуш элем. Боромбай Ормонду колго түшүргөндө бир кашык каның сурасам бербей өлтүрүп таштады. Ушул оорудан сакайсам бир тогошуп алат элем. Бирок сакайбадым мен өлсөм Боромбай баштаган бугуларга топо салдыртпагыла, ашыма чакыртпагыла деп керээз кеп таштаган. Бул керээз кепти Кара-Чериктин чоң манаптары толук аткарган. Муну менен кыргыз салтын жакшы колдонгон "ак көрпө жайыл атагы журтка дайын" аталган Ажыбек баатыр башындагы чериктер хандын өмүрүнө кол салган Боромбай, Балбай, Алыбек баштагандарга катуу тартиптик жаза берген. Негизи эле Каракыргызда эселтен бери "ханга кайыр айтпайт"деген акылман кебин унутпаган черик уруусу эселки хан тукуму болгондуктан бул салт-санааны бек кармап келген. Боромбай менен саяк Алыбек баштагандарга ал кезде мындан ашык кыргыз салтына ылайык тартиптик оор жаза болгон эмес. Орус саякатчысы П.П.Семенов Жуукунун ашуусуна жакындаганда бугу, сарбагыш, саяк кагылышынан каза болгон элдер менен малдын сөөгүн көрүп, башын чайкап, таң калып күндөлүгүнө жазып калтырганын көңүлгө алуу керек. Деги эле тарыхтагы казак-кыргыз жана кыргыздардын бугу, сарбагыш, саяк согуштарын акыл күчү менен

ойлонуп алардын жетектеген улуу инсандарга ишенбөөчүлүктү жарыя кылган Арыстанбек Буйлаш уулу: "Кыргыз-Казак биригип, Бата кылып алсакпы, Кашкардагы Бедөөлөт, Ата кылып алсакпы" деп арман кылган.

### Ата-Баба тарыхын баалоо

Эгемендикте жарык көргөн "Кыргызстан тарыхы" деген эмгек, 1855-1863-жж. Ысык-Көл менен Нарындагы тарыхый окуялар тууралуу азын оолак чагылдырып келип: "Теңир-тоолук Черик уруусу Кокон хандыгына, Цинь манжур төрөлөрүнө, Кашкардын улугу Жакыпбекке салык төлөп, кош кабат эзүүгө туш болушкан. Чериктин манаптары 1863-ж. Россияга кошулуу менен татаал абалдан чыгууну көздөшкөн" дейт. Ал эми 40 уруу кыргыздарга калыс окумуштуу Ч.Валиханов Нарындан Кашкарга чейин 1858-ж. экинчи жолу келген сапарында: "Чериктер эки бөлүккө бөлүнөт. Биринчисин "таасирлүү бийлер" Орус, Сасык Орус, Кенжеш менен «өтө күчтүү» Карымшак *(Т. Өмүрбеков докторлук диссертациясын жактаган);* экинчи урукту Турдуке башкарат. Ал Кокон бийлигин үстүртөдөн *(номиналдуу)* гана тааныйт, эч кандай зекет, салык төлөбөйт" дептир. Эмне үчүн Ч.Валиханов: 1856-ж. чериктерди Ажыбек менен Карымшак башкарат десе, 1858-ж. келген экинчи сапарында Карымшакты "таасирлүү бийлердин" катарына кошпой ал улуу инсанды эң жогорку тепкичке көтөрүп "өтө күчтүү" Карымшак деп атаган. Тарыхта "өтө күчтүү бий", "өтө кичтүү баатыр" же "өтө күчсүз бий" же "өтө күчсүз баатыр" деген даража даңк жок. Аны мен кыргыз бүт билет. Мындай болгон учурда хан Карымшак эмдигиче тарых китептерине эмнеге жазылбайт. Кыргыз жазмасы менен санжырасын өмүр боюу чогулткан

атактуу манасчы жана манасты биринчи жолу кагаз бетине түшүргөндөрдүн бири Ыбырай Абдрахмановдун 1958-ж. урпактарына жазып таштап кеткен кол жазмасы 2010-ж. табылган. Анда: "черик элин Ажыбек баатыр башкарат, Карымшак хандын кармагында турган" деген баа жеткис маалыматы бар. Ч.Валихановдун дагы бир маалыматында «Какшаал дарыясын бойлой көчүп конуп жүрүүчү Турдуке *(баатыр-К.Б.)* Турфандын жанындагы (Кашкар-К.Б.) шаарынын акими *(Сыдыкбек, Жакыпбек-Бедөөлөт-К.Б.)* кыргыздарды алдаганына наразы болуп, соодагер сарттардын бирин кармап алып, башына чалма ороп, "мына силерге кожо" деп Турфан дарбазасына алып келген. Жыл сайын берилүүчү Кытай Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы "Кызыл топчу" мансабы "черик" уруусунун башчыларын токтотуп турган. Кожолор келгенде "чериктер" Кокон *(Кашкар-К.Б.)* бийликтерин жок санашып, алардын буйруктарын аткарышпай тургандыгын белгилөөгө арзыйт» десе. Ч.Валиханов 1840-ж. Ат-Башыда турган черик уруусунун баатыры Турдуке баш болгон кыргыздар Куртка-Чебинин бегине салык төлөөдөн баш тартып, эркиндик үчүн күрөш баштаган. Ошондо Куртка беги Мамыразык эки жыл бою чериктердин көтөрүлүштөрүн басып туруу үчүн Анжиян бегинен кошумча 700дөн сарбаз сурап турганы маалым дейт. ***Биринчиден:*** Турдуке баатыр көп учурларда Тоюн, Какшаал, Катуубагыш Кашкар чебине чейинки аймактарда туруп кыргыз-кытай чегин аныктап турса, хан Карымшак торугарт, аксай, арпа, нарын, долонго чейинки аймактарга ээлик кылган-К.Б.. Демек, хан Карымшак, Зор-Калча, Көкбет-Татыбек баатырлар, Айдарбек датка *(К. Жантөшев, Каныбек романына жазып кеткен)*, Эшкулу, Баястан, Орус бийлер башында тургандар болуп көрбөгөндөй Кокон

хандыгына каршылык көрсөтүп анын натыйжасында эки жыл бою Анжияндыктар 700 кошумча сарбаздарын Куртка-чебине берип тургандыгы кызыга турган окуя *(чеп 1000 ашык сарбаз кармап турган)*. Анда эмнеге "Кыргызстан тарыхы" деген эмгекте Турдуке баатырды бий деп ылдыйлатып жазып, ал эми Шабдан болушту баатыр деп өйдөлөтүп жазган. Окумуштуу К.Усенбаев 1846 жана 1847-жылкы казак ханы Кененсарынын Кыргызстанды басып алууга аттанган эки чоң согушун калыс чагылдырууга аракет кылган. 1846-жылы кыргыздарга биринчи жортуул жасаган Кене хан Ажыбек, Төрөгелдинин колунан өз жерине чегинет. Бул жорукка ачуусу келген Кененсары 20 миң кол чогултуп бир жыл машыктырып Кыргызстанга баскынчылык кылууну чечет. Чүйдө турган Жантай, Жангарач баштаган бийлер кабарды Какшаалда турган Ажыбек баатырга билдирет. Кыргыз бийлери, чоң манаптары бул кабарды талкуулга алып өз чечимдери менен Ажыбекке Кыргыздын ыйык туусун көтөртүп ар уруктан чогулган чачыранды кыргыз жоокерлерине башкы кол башчылык даражасын ыйгарып хан кылып шайлайт. Бул маалымат кадимки манастагы Чоң-Казатка карата Кыргыздын ыйык туусун көтөрүп 40 хандыктан чогулган аскерлерге Алмамбет-Шер башкы кол башчы хан болуп шайланган окуяга окшош, үндөш. Окумуштуу К.Усенбаев: "Токмоктун төмөн жагындагы Май-Дөбө, Кекликтин-Сеңиринде Төрөгелди баштаган жоокерлер Ажыбек баатыр башында турган чериктердин колдоосу алдында Ноорузбай төрөнүн жоокерлерине орчундуу кысым көрсөтүшкөн эле. Жолборс чапкан Төрөгелди баатыр бир нече жолу жортуулчулардын курчоосунда калып, жалгыз өзү колго түшпөй алар менен салгылашып жатканда башкы кол башчы Ажыбек баатыр

баштаган черик жоокерлери жардамга келишип аман алып калышкан. Ал эми казактардын көп колуна колго түшүп калган Шербото баатырды дагы Ажыбек баштаган чериктер аман-эсен куткарышкан"деп жазат. Бул ж.б. тарыхый маалыматтарды тактап келип, биз калыс жана такшалган окумуштуу С.Аттокуровдун "чериктер Калмак хандыгынын баскынчылык мезгилинде дагы башка кыргыз урууларындай болуп тажиктеги кулябга кире качпай, ата-бабасы жердеген Чыгыш-Түркестан, Нарын, Кашкар, Ысык-Көл, Чүйгө чейинки аймактардан кетпеген" деген маалыматын коштоого алып бул уруунун 1863-ж. орустарга кошулуу мамлекеттик иш-чарасындагы Кыргыз Мамлекетин түптөөгө карата болуп көрбөгөндөй аракеттерин кеңири талкуулап, азыркы эгемен Кыргыз тарыхына чагылдыруу зарыл.

### Кыргыз-Журтунун тагдырын чечкен Курултай

Элдик тарых белгилегендей 6000 *(миң)* түтүн эли бар Турдуке менен Карымшак 1863-ж. эрте жазда Ак-Сайдын Көл-Төр деген жерине шашылыш курултай чакырган болучу. Бул курултайдын ушул жерде өтүшү тууралуу санжырачы Ороз болуш кызы Калыйчадан уккан кабарым бар. Турдуке м-н Карымшактын агасы айтылуу Зор-Калча *(Кытай Өкмөтүнөн алган кымкап чепкенине тагылган чини погону сакталуу турат-К.Б.)* баатыр сыркоолоп ошол Көл-Төр кыштоосунда "төшөктө" болот. Ормонго Калыгулдун, Боромбайга Тилекматтын кадыры кандай керек болсо Калчанын кадыры дагы Турдуке менен Карымшакка андан кем болгон эмес! Курултайга Дөрбөлжүндөн басыз, Курткадан чоросаяк, Какшаалдан чоңбагыш уруулары чакыртылат. Курултай үч чоң маселе караган. *Биринчиси:* Кашкардан Долонго чейинки

аймактарды орусияга кошуу. Муну м-н кыргыз эли-журтунун бүтүндүгүн сактап калуу; *экинчиси:* орус аскерлеринин күчү менен Ысык-Көлдөгү бугу, сарбагыш, саяк урууларынын чоң согушунун отун өчүрүү; *үчүнчүсү:* ушул согуштун кесепетинен текес, кыяска чейинки тентиген элди кайрадан өз жерине кайтаруу. Талкуунун жыйынтыгы менен черик уруусунун жазган каты 1863-ж. эрте жазда Ала-Тоо округунун генерал-губернатору А.Г.Колпаковскийге, андан Батыш Сибирь генерал-губернатору А.О.Дюгамельге жеткен. Дюгамель 23.04. Санкт-Петербургда турган Падыша Өкмөтүнүн Вице-канцлерине Нарындык чериктердин орусияга кошула турган маанайын билдирет. Бул катта: “Орусия букаралыгына черик уруусун кабыл алуу...биз үчүн өтө пайдалуу, анткени аларга биздин таасирибизди жайылтуу аркылуу Орусия бийлигиндеги кыргыз уруусу бугулардын бейкапар бейпилдиги үчүн дагы, Кашкарга ошол кыргыздар *(чериктер)* мекендеген аймактарды аралап өтүүчү соода жолдорун камсыз кылуу үчүн дагы эң эле оңтойлуу натыйжаларды күтүүгө болот. Орусия букаралыгына чериктердин өтүшү бөлөк кыргыз уруулары айрыкча сарбагыштар алардын *(чериктердин-К.Б.)* жолун жолдошу үчүн “үлгү болушу” мүмкүн, арийне, анда Орусиянын чечкиндүү таасири Кашкар чегине чейинки урууларга биротоло таркалаары анык. Эгерде чериктерди Орусия букаралыгына кабыл алуу жөнүндө маселе оң чечилсе анда бугулар менен чериктерди башкаруу үчүн келерки жылы Ысык-Көлгө чеп куруу керек”-деп көрсөткөн. Батыш Сибирь генерал-губернаторунун бул тарыхый каты негиз болсо, анда Ысык-Көлдөгү бугу уруусу 1844-1855-жж. чейин Орусияга кошулуу үчүн жасаган аракетинен тыянак чыкпагындыгын толугу менен тастыктайт. Нарындык кыргыздар менен Орус

бийлигинин ортосундагы кат алмашуу көпкө созулбай, 21-майда князь П.Д.Горчаков Санкт-Петербург шаарындагы Орус Императору Александар-II тарабынан чериктердин суроосу канааттандырылгандыгын билдирип Батыш Сибирь генерал-губернатору А.О.Дюгамельге сүйүнчү телеграммасын жиберет. 1963-ж. 13.10. А.О.Дюгамель Омск шаарына келип, Нарындан Кашкарга чейинки чериктердин Орусия букаралыгына өткөндүгү боюнча Мамлекеттик чоң иш чара өткөрөт. Бул иш чарага айрым Өкмөттүк дэңгээлдеги билимдүү атуулдар м-н батыш Сибирь генерал-губернатордун штабында кызмат кылган жогорку чиндеги аскер адамдары ж-а кээ бир казак султандары катышат. Иш чаранын аягында Кашкар чебинен берки Какшаал, Акчий, Улуучат, Катуубагыш, Тоюн, Торугарт, Аксай, Арпа, Ат-Башы, Дөрбөлжүн, Нарын, Долонго чейинки зор аймактарды Орусияга *(Кыргызстанга)* алып калгандыгы үчүн Турдуке баатыр Орус Өкмөтүнөн Чоң Алтын медаль, 1-даражадагы баркыт чапан, хан Карымшак Чоң Күмүш медаль, 1-даражадагы нооту чепкен ж-а дагы чериктердин 4 чоң манаптары 1-дараждагы нооту чепкендер м-н сыйланышкан. Окумуштуу Ө.Осмонов: 1863-ж. 13.10. баштап кыргыз урууларынын орусияга кошулуусунан кийин деле көлдөгү уруу-уруу болуп чабышып жаткан согуш 1868-ж. чейин тыйылган эмес дейт.

### Кыргыз-Кытай чегинин бөлүнүшү

Окумуштуу белгилегендей 1868-жылы бул согуш токтобогону менен Нарындык кыргыздардын Орусияга кошулуусунан кийин жалпы Кыргыз элинин турмуш-тирчилигинде тарыхый чоң өзгөрүштөр пайда боло баштаган. *Биринчи:* 1864-

ж.23.09. Кашкардан Нарынга чейинки жер аймактарын Орусиядан генерал Виктор Мединский м-н Кытайдан комиссар Ша башында тургандар азыркы Нарын облусунун, Ат-Башы районундагы, Аксай өрөөнүндө жайгашкан Торугарт-Ашуусунан Турдуке баатыр менен хан Карымшактын эли-жерин экиге бөлүп мамлекет аралык чек ара сызыгын аныкташкан. Бул эл аралык келишим Чугучак шаарында түзүлгөндүктөн "Чугучак эл аралык протоколу" деп аталып ошол эл аралык документ менен бекитилет. Белгилүү публицист С.Чериковдун "Империялардын тогошуусу" деген эмгегинде "генерал Мединскийдин жаңылышуусу" деген темасы бар. Анда: чек бөлүүдө "Башкы тоо-кыркасына байланыштуу жаңылыштыктар болгондугун" көрсөтөт. Азырынча ошол кездеги Кашкардан Нарынга чейинки черик кыргыздары менен алар эселтен бери эле "жети атасы" ээлеп келе жаткан ата-бабасынын жери Торугарт-Ашуусунан Орус-Кытай бийликтери тарабынан экиге бөлүнүп калышы боюнча топтолгон документтерди көзүң менен көрбөгөндүктөн бизге табышмак боюнча эле турат. Балким азыркы КЭРынын Кызыл-Суу Кыргыз автономиялуу облусунда жашаган кыргыздар менен эгемен Кыргыз Республикасында жашаган жаш тарыхчы окумуштуулардын "жүрөгүндө оту-жүзүндө жылуулугу" бар болсо бул маалыматты биргелешип изилдеп иштесе жогорудагы тарыхый чындыктарга дагы башка тарыхый документалдуу чындыктар кошулат эле деген ишенич көкүрөктө жашап келет. Окумуштуу агабыз С.Байгазиев "Жумгалдан чыккан даанышман же Байзак баатыр жөнүндө сөз" деген эмгеги 2004-жылы жарык көрүптүр. Анда: "Орус-Кытай чек арасын ажыратканда Кытай өкүлү айткандай, чек Нарын суусунун өйүз-бүйүзү эмес, тескерисинче Торугарт, Үч-Турпан, Манас суусу

аркылуу өтөрүн далилдүү талашып чек бөлүүдө чоң роль ойноп Байзак ак падышадан чен алган" дейт. Окумуштуу жазгандай чын эле Жумгалда турган Базак болуш кыйын чыгып Кашкардан Нарынга чейинки жерди "жети атасы" ээлеп келген Турдуке баатыр менен хан Карымшакка ээлик кылбай чериктерди *(жумгалдыктарды таштап коюп)* Орусияга кошуп бул аймакты Торугарттан экиге бөлүп падышадан сыйлык алганбы. Анда жумгал менен кочкордо турган курманкожо-кулжыгач саяк урууга эмнеге черик уруусунан кийин орустарга кошулган. Кээ бир учурларда көрүнүктүү агаларыбыз бир адамдын атагын чыгарыш үчүн Матай, Чоко, Жакыпбек, Шабдан, Байзак, Чыныбайларды баатыр деп атап жүрүшөт. Буга ич тарлык кылуунун кереги жок. Тескерисинче эмнеге ал инсадарды баатыр аташат деген суроону тактоо керек. Бул улуу инсандар Ажыбек, Төрөгелди, Зор-Калча, Атамбек, Бошубек, Адыл, Балбай, Турдукедей баатырлык көрсөтүшкөнбү, албетте жок! Бул улуу инсандар сөздүн атасын таап сүйлөп өз ара адамдык мамеленин баатыры болгондугу чындык. Андай болсо 1863-жылы Нарындан-Кашкар чегине чейинки зор аймакты Орусия империясына кошуп Падыша Александр II-ден Чоң Алтын, Чоң Күмүш медаль ж.б. сыйлыктарды алган Турдуке баатыр менен хан Карымшак жана дагы падыша өкмөтүнөн баалуу белектерди алган чериктердин чоң манаптары Жумгалдан жалгыз Байзак болуш келип Торугарттан чек бөлөт экен деп элин убактылуу чоң Чүйгө көчүрүп жиберип бул аймакты ээн койгонбу. Анда Кыргыз-Кытай чегин Торугарттан бөлгөн кытайлык Ша аттуу комиссар менен орустун генералы Мединскийдин кол коюшкан Чугучак эл аралык проткolу эмне болот жарабай калабы. Байзак болуш *(баатыр)* Чыныбай менен Шабдандан тың

чыгып алардан мурда Кыргыз-Кытай чегин Торгурарт-Ашуусунан бөлүп кол коё тургандай алы бар беле деген суроолор туулат. Кезегинде Шабдан үйүнүн төрүнө Тилекматтын уулу Чынбай баатыр менен Орус төрөсүнүн катар түшкөн сүрөтүн илип кастарлаган деген кеп бар. *Экинчиси:* Кыргыз-Кытай чек арасы 1864-ж. бөлүнсө, анда Нарын аймагы аркылуу өтүүчү азыркы 600 чакырымдан ашык мамлекеттик чек ара качан корголо баштаган деген суроо жок эмес. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан "Үсөнгү-Кууш" маселеси боюнча жарыкка чыккан "Кыргыз-Кытай мамлекеттик чек арасы жөнүндө материалдар жана документтер" деген эмгекте: 1864-ж. 23.09. кол койгон "Чугучак" *(Батыш түндүк райондор чекарасын бекитүү)* эл аралык протоколунан кийин, ошол эле жылы жай айларында *(эмнегедир ошентип жай айлары деп жазып коюптур, негизи сентябрь-октябрь айлары күз мезгилине кириши керек эле-К.Б.)* "Ысык-Көлдө турган генерал-майор А.Колпаковскийге Кашкар менен чектешкен жерде көчүп, конуп, жүргөн мындан мурдараак Россиянын курамына кирген, кыргыздын черик уруусунун өкүлдөрү келишкен жана күч менен акы чогултуп, Турдуке уруусунун башкы манабын Кашкарга алып кеткендигин айтып даттанышкан. Тарыхта 1877-жылга чейин Якуб-бектин кашкардагы бийлиги өкүм кылып тургандыгы жазылган. Ушул жерден суроо пайда болот. Эмне үчүн анда Орусия Торугарт-Ашуусунан чекти ошол Кашкар беги Якуб-бек менен бөлүшпөй Кытай бийлиги менен бөлүшкөн. Бул суроого алигичекти окумуштуулар жооп таба элек. Ошентип Орус бийликтери жаңы эле кол коюлган Чугучак келишимдин тийиштүү статьясына ылайык, өздөрүнүн жаңы "граждандарын" коргоо максатында, чек арага орус-казак отряддарын коюп, "жаңы"

россиялыктар болгон чериктерге *(Торугарттан-Долонго чейинки аймактарда калган-К.Б.)* мындан аркы эл аралык тартипсиздикти болтурбоо үчүн чек аранын тигил жак, бул жагына өтпөй чек арадагы тартипти сактоого буйрук берилген" деп жазат. Демек, азыркы Ак-Сай өрөөнүндөгү чек ара буга чейин жазылып жүргөн Нарын облусу энциклопедиясында көрсөтүлгөндөй 1886-ж. баштап эмес, архивдик материалдар боюнча 1864-ж. күз айынан баштап корголо баштагандыгына күбө болобуз. *Үчүнчүсү:*1866-ж. Верный шаарында турган Ала-Тоо округунун генерал-губернатору А.Г.Колпаковский Көк-Жон жайлоосунда турган хан Карымшакка кеңешке келип, Торугарт ашуусундагы Орус-Кытай чегине чукул Ат-Башынын "Пограничник" деп аталган колхозу турган жерге "Аскердик чеп куруу" маселесин талкуулаган болучу. Бул отурумга орустар менен алакасы ысык Карымшак башында турган Эшкулу, Баястан, Орус, Татыбек, Матай бийлер катышып, натыйжада алар Ат-Башыга чеп курууга каршы чыккан. Карымшак хан менен Г.А.Колпаковский баштаган орус менен кыргыздар ат арытып Ат-Башыдан Нарын дайрасынын жээгине келип чеп курууга ылайыктуу жер издешкен. Куш тилиндей Нарын ээн, стратегиялык мааниге ээ экендигине көзү жеткен орус төрөсү ушул жерге "Нарын аскер чебин", "Нарын аскер бейтапканасын" жана "Нарын аскер асма көпүрөөсүн" курууга дилгир экендигин белгилеген. *Төртүнчүсү:* Санкт-Петербургдагы Орус Өкмөтүнө караган Түркестан генерал-губернаторлугу 1867-ж. Жети-Суу облусун түзгөндөн баштап Нарындык Карымшак хан башында турган чериктер тууралуу кабардар болот. Мунун негизинде Россия империясы ошол кездеги кыргыздардын борбор шаары Токмокко "Черик болуштугу" деген ат менен

бийлик түзөт. Атактуу окумуштуу Ч.Валихановдун К.К.Гудковскиге: «Биздин талаада Колпаковский кыргыздын губернатору болот деген шыбыш бар...мен бул шыбыштарга таң калбайм Колпаковский биздин ханыбыз болуп калса кубанууга даярмын»-деп жазган каты генерал-губернатордун өмүр баянында камтылган. Демек: 1861-ж. Орус аскерлерине каршы согушуп келген Кеминдик Жантайдын уулу Шабдан, Орус бийлигине кошулууга каршы болуп келген Сары бийдин уулу Тилекмат, орустар менен алакасы жакшы жүргөн ошол Тилекматтын уулу Чыныбай баатыр, Ат-Башылык Чоко, Нарындык Касымалы, Жумгалдык Байзак, Кара-Кочкорлук Карыпбай ж.б. кыргыздар генерал-губернатор Колпаковский менен хан Карымшактын Токмок шаарына уюштурган "черик болуштугу" деп аталган бийлигине түздөн-түз баш ийип турушканы кашкайган чындык.

### Жерге жайгашуу жана бөлүшүү

Буга чейинки айтылып жана жазылып келе жаткан кээ бир эмгектерде кыргыздардын азыркы абалда жашап тургандай болуп жер-сууларга кандай шартта жайгашышкан деген суроо берчүүлөр толуп жатат. Буга жооп издеп көрүү керек. Бирок бул изделип табылган жоопторго макул болгон жана болбогондор дагы бар. Бирок кээ бир тарыхый чындыкты кубаттагандын ордуна чычалап жүргөн кеп-сөздөр дагы жок эмес. Мисалы: "Моңолдор уруусунун санжырасы" деген жаңы жазылып жаткан эмгек менен таанышып калдым. Китептин 114-119-б. Жакыпбек болуш тууралуу жазылып жер бөлүшүү темасы камтылыптыр. Мындай талаш-тартышка албетте биринчи тарых далилдери менен калыс окумуштуу, саныжрачылардын тыянактары керек. Ошол далилдер Орус, Кытай, Кыргыз тарыхында аздыр көптүр сакталып калганы бар. Буга мисал

калмак хандыгынын 100 жылдан ашуун чапкынын эстөө менен ушул мезгилде Чыгыш Түркестан, Теңир-Тоо, Ысык-Көл, Чүй аймактарын жалгыз Черик урууcу мекен кылып тургандыгы капкайган чындык. Бул бүтүм боюнча тарыхчы С.Аттокуровдун эмгегинде "Ошондой болсо дагы кыргыз тарыхында биринчи жолу тарыхчы, этнограф илимпоздун эмгегинин жарыкка чыгышы көптөгөн "көбүртмө" санжыралардын көзүн ачып, "өрдөк" учурмайларды өрт өчүргөндөй басат"-деген ой толгоосу кыргыз барда жашай берет! Андай болгон учурда Черик урууcунан бөлөк азыркы кыргыздар Кыргызстаныбызга кандай шарттарда кайдан келип жайгашкан жана уруу-уруу болуп азыркы жашаган жерлерди кандай шартта келген деген суроо жок эмес. Анда жооп издеп көрөлү канчасы чын канчасы калап аны тарых өзү ордуна коет. *Биринчиси:* 1635-1758-жж. кыргызстанды калмак хандыгы басып алып бул бир кылымдык кандуу согушка чыдабаган сарбагыш, бугу, солто, саяк, моңолдор, азык ж.б. кыргыз уруулар Ала-Тоону аманат катары Ашым бий, Боогачы баатыр башында турган чериктерге таштап Куляб, Гиссарга чейин тентип бөтөн эл, бөтөн жерде жүрүп 5-6 атага саны көбөйгөн. *Экинчиси:* Калмак чапкынында жалгыз калган Ашым бий, Боогачы баатыр башындагы кыргыздар "кеси келсе колуна курал алып" калмактар менен салгылашып жүрүп 5-7 атага чейин саны азайган. *Үчүнчүсү:* 1757-1758-жж. Цин Кытай бийлигинин күчтүү аскерлери "миллиондон ашык калмактарды жер менен жексен кылып кырып" азыркы Кыргызстанды кыргыз элине бошотуп берген. Калган каткан калмактар Орусиянын аймагына кире качып кутулуп кыргыздарда калганы "сарткалмак" аталган. *Төртүнчүсү:* Окумуштуу Т.Өмүрбеков 1774-ж. Бором-байдын ата-теги Кулябдан Ысык-Көлгө

биринчилерден болуп көчүп келген дейт. Андай болсо алар көлдүн мал-жанга ылайыктуу тескей бетин биринчи ээлегендиги чындык. Демек көчүп келүү азабы 20 жылга созулган. Андан кийин алына жараша сарбагыштар көлдүн күңгөй бетин, солтолор Иле дарыясынын боюн, саяктар Кетментөбөнү ээлешкен болучу. Бул тарыхый окуялар 100 жылдык Калмак чапкынынан кийин кыргыз урууларынын алы-шайына жараша Ала-Тоону ээлеши болуп саналат десек ашыкча болбойт. Ал эми Ала-Тоону бөлүшүү боюнча окуя төмөндөгү далилдер менен башталат. *Биринчиси:* тарых белгилегендей 1830/32-жылдары Суусамыр, Тогуз-Тородо турган Атантай, Тайлак бири- бирине таарыныч пайда кылат. Тайлак 20 түтүнгө чукул чоро саяктары менен Курткага көчүп келет. Бирок бул жерге тура албаган баатыр Казак жүздүктөрүнө көчүп барып кошулат. Ал жердагы Тайлакка жай болбой кайрадан Курткага келет. Ал убакта Кокон бийлиги күчүнө келип Курткага чеп куруу башталып калган убак болот. Жазуучу Ш.Бейшеналиев Куртка-Чебин курууда Тайлак, Жумгалдык Качыке баатыр, Каракочкорлук Медет датка баштаган саяктар кокондуктарга катуу жардам бергендигин жазат. Кокон хандыгынын котур ташы койнунда экендигин кеч билген Качыке Жумгалга, Медет Каракочкорго кетет. Ал эми Тайлак кайра Тогуз-Торого баргандан намыстанып досу Ажыбек баатыр менен кеңеш куруп Нарын дайрасын кечип өтүп убактылуу Дөрбөлжүндө туруп калат. Ал жерде Тайлак баатыр 1833-1838-жж. жашап каза болот. Кийинки жылы намыстанган чоро саяктар Тайлактын сөөгүн дөрбөлжүндөн алып Нарын суусун кечип өтүп Куртка чебинен алыс эмес жерге коюшат. Кийин уулу Осмон датка Куртканын капталындагы азыркы Карагөө менен Тоголок молдого чейинки Ак-Талаа деген жерде жашап туруп, орус аскерлерине туруштук бере албай Какшаалдагы чериктерге баш

калкалап ошол жакта өмүрү өтөт. *Экинчиси:* Тарыхта жазылгандай Кокон хандыгы болжолу 1832-жылдары Чүйгө жортуул кылат. Келсе эли жок камыш баскан талааны көрөт. Муну менен амалдуу Маадели хан Иле дарясынын боюнда турган солтонун баштыгы Канайга киши жиберип Чүйгө көчүрүп келет дагы Канайды Олуя-Атадагы түрмөгө камап өлтүрө турган болот. Намыстанган черик Ажыбек, Чомой, Саке, Үкү, Адылбек баатырлар кол курап барып Канайды өлүмдөн куткарып алышат. Солтолор ошентип Чүйдү ээлейт. *Үчүнчүсү:* Үрүмчүдөн Ысык-Көлгө чейинки аймактарды ээлеген Кашкар ханы Сыдыкбек менен Бедөөлөттүн заманында дагы Ажыбек башында турган чериктер Долондон Кашкар чебине чейинки аймактарды эч кимге бербей ээлеп турушат. *Төртүнчүсү:* Ысык-Көлдө Ормон хандын өлүмү боюнча бугу, сарбагыш, саяк чабышы башталаардан бир аз мурда 1854-жылдары көлдүк бугунун Тынымсейитинин жакшысы Алыке Жети-өгүз деген жерди Тилекматтан талашат. Балбай баатырдан катуу кагуу жеген Алыке алымсейиттерге таарынып Ажыбек, Зор-Калча, Турдуке, Карымшактын уруксаты менен Кара-Кужурга көчүп келип туруп калат. *Бешинчиси:* 1864-жылы Ак-Сай өрөөнүндөгү Торугарт-Ашуусунан Орус-Кытайдын чеги бөлүнөт. Торугарттын аркы бетинен Кашкар чебине чейинки жерде черик, чоңбагыштар калып алар а дегенде Кашкар, кийин Кытай бийлиги менен бирге туруп калат. Ал эми Торугарт ашуусунан Долонго чейинки чериктер Орусиянын курамына кирет. *Алтынчысы:* Карт тарых белгилегендей 1855-1870-жж. көлдөгү басылып-басылбаган бугу, сарбагыш, саяк урууларынын согушу элди ачарчылык менен жокчулукка учуратат. Ууру-бөрү көбөйөт. Турмуш тирчилик өтө төмөн абалга жетет. Төрөгелди калган каткан элин Ысык-Көлдүн

күңгөйүнөн көчүрүп алып а дегенде Кара-Кужурга келет. Кеч күздө Кара-Кужурдан Кара-Кочкордогу Медет датканын элинин жанына түшүп саяктарды Кызарттын-Белин ашыра сүрүп Кара-Кочкордун төрүн сарбагыш аягын саяк ээлейт. *Жетинчиси:* Тынымсейит уруктарынын топ башчысы Алыке Төрөгелдинин Кара-Кужурга көчүп келгендигин бетине кармап хан Карымшак менен Зор-Калча, Турдуке менен Атамбекке келип уруксат алып натыйжада азыркы Нарын дайрасын кечип өтпөөгө ант берет. Ошондон Алыке Кара-Кужурду таштап Орук-Тамга чейин көчүп келет. *Сегизинчиси:* 1867-жылы Токмокко Черик болуштугу аттуу бийлик уюшулат. Бул бийликтин башында турган генерал-губернатор А.Колпаковский менен хан Карымшакка Чыныбай менен Шабдан, Байзак менен Чоко, Касымалы менен Карыпбай башында турган кыргыздар баш ийип турушат. *Тогузунчусу:* Ысык-Көлдөн Кара-Кочкорго көчүп келген Чоко, Касымалы, Эсенгулдар кеңеш куруп бул жерди таштап 1880-жылдары Долонду ашып Нарын андан Ат-Башыга келет. *Онунчусу:* Черик Матай бий алакасы жакшы Жакыпбек болушка 1880-жылдары эрте жазда Нарын менен Ат-Башы суусунун куюлушун жер кылып моңолдорлорго бөлүп берсе ушул эле жылы кеч күздө Нарындан Ат-Башыга көчүп келген Чоко болушка бууракандын-сазы баш болгон Кара-Коюн жерин, Касымалы болушка азыркы Куланакты жер кылат. Бул жер бөлүү боюнча тарыхый окуя тууралуу атактуу окумуштуу С.Аттокуров: 1863-1865-жж. *(бул кездерде айтылуу Зор-Калча, Турдуке, Карымшактар тирүү болгон)* Ат-Башынын батыш бөлүгүнө-Кара-Коюн суусунун өрөөнүндө сарбагыштар жайланышкан. Кийинчерээк моңолдор уруусунун өкүлдөрү Ат-Башы суусунун оң жээгинен орун алган. Мына ошентип чериктер өзүнүн кандаш туугандары баштарына мүшкүл

түшүп конорго журт таппай турган мезгилде кең пейилдүүлүктү, айкөлдүктү көрсөтүшкөн дейт. Ал эми 1866-жылы Нарын-Кашкар аймагына келген орус окумуштуусу Н.А.Аристов Тоюн-Какшаалдык чериктерди Карагул уругу, Ат-Башы-Нарындык чериктерди Сазан уругу башарып тургандыгын жазып кетет.

## Санжыра

1867-жылы кыргыздын борбору Токмок шаарына Орус-Падышасынын бийлиги тарабынан «Черик-Болуштугу» ачылат. Бийлик башында турган хан Карымшак 1872-ж. бу дүйнө менен коштошот. Ат-Башы-Нарында турган чериктерди Токмок шаарына толук көчүрүп барууну каалаган Татыбек баатыр Орус төрөсү менен макулдашып чериктерди Сарыөзөн Чүйгө көчүрө баштайт. Көчтүн алды Токмоктогу Буранга жетип жайгашып, көчтүн аркасы азыркы Долондон өткөндөгү Кара-Кужур суусуна *(бир кабарда азыркы Отукка)* келет. Күн шашке болуп калганда кайдан жайдан белгисиз арык кара уюна жаман алачыгын жүктөп алган өңү суук байбиче көчтүн аркасында пайда болот. Бул кимдин энеси деп сураган Татыбек баатырга туугандарынан эч кими жооп таппайт. Көчтүн аягын сүргөнгө Татыбек үчүнчү жолу келет. Келса баягы байбиче дагы эле көчтү узартып басаар басмаксан болуп турганда "эмне үчүн көчтү жөнү жок узартасыз" деп чоочун кемпирди камчы менен дал ортого чала була тартып жиберет. Ошентип «тилинде сөөлү бар байбиченин каргышына калган» Татыбек жолдон каза табат. Болжолу 1876-жылдары эл-журту баатырдын сөөгүн Ат-Башы-Нарынга алып барып коё албай ошол Оттукка кенен жай казып коюшат. Эл кайрадан туулуп өскөн Нарын-Ат-Башы жерине Чүйдөн көчүп келишет. Кыйналган эл Сазан уулу Татыбек баатырдын чоң атасы Ырысбай бий анын

атасы Онтогор ханды эстешип «Онтогор баатыр хан болгон, ошондо дүйнө тар болгон» деген кылымдарды карыткан кебин жаңыртышып тастыкташат.

**Нарын жана Каракол шаары**

Жогорудагы тарыхый маалыматтарды ирээттеп, тактоо м-н 1864-жылы тарых белгилегендей Орусия менен Кытай чегин Торугарттан аныктап бүтөт. 1867-жылы Кыргыздардын борбор шаары Токмокко "Черик болуштугу" түзүлүп Кыргызстанда саясий бийликти бекемдөө жана башкаруунун административдик-аймактык органдары пайда болот. Тарых белгилегендей 1868-ж. азыркы Нарын шаарындагы №2025 чек ара аскер бөлүгү жайгашып турган жерге "Нарын аскер чеби", облустук ооруканасы турган жерге "Нарын аскер бейтапканасы", ал эми Нарын дайрасына "Нарын аскер асма көпүрөөсү" курулуп бүтүп Теңир-тоодон өтүүчү Улуу Жибек соода жолунун чордонуна азыркы Нарын шаары негизделет. Бул улуу курулуштардын ачылыш салтанатына Карымшак хан башында турган Эшкулу, Орус, Баястан, Матай бий жана Татыбек баатыр катышып орустардын алгачкы сыйын көрүшкөн. Бара-бара жергиликтүү кыргыздар менен алакасы жакшырган орус дарыгерлери алгачкы медициналык жардамдарды дагы көрсөтө баштаган болучу. Ал эми 1868-ж. Каракол чеби курулуп бүткөн кезде бугу урууларынын улуу инсандары кайда болгон деген суроо дагы жок эмес. 1858-ж. бугунун беги Боромбай өз ажалынан, 1867-ж. Балбай баатыр Алма-Атадагы түрмөдө каза болуп ал эми Төрөгелди, Үмөталынын чапкынынан корккон бугулар дагы эле болсо Текес, Кыяс жеринде баш калкалап турушкан. Качан гана көлдүн өйүз-бүйүсүнө Тилекматтын уулу Чыныбай баатыр бийликке келгенде бугулар толугу менен орустардын

көзөмөлү аркылуу Ысык-Көлгө көчүрүлүп келген. Нарын менен Ысык-Көлдө жашап өткөн черик уруусунун улуу инсандары жөнүндөгү ушул ж.б. тарыхый окуяларды жазып улаган тарыхчы чоң окумуштууларынын жоктугунан ошол кылымдагы окуялар азыркы Кыргыз тарыхына атайы эле жазылбай, далилдүү баяндары жогорку окуу жайларында окутулбай келиши маалыматтардын эки ача болушуна себеп болуп келе жатат. Сөзүбүз кур болбош үчүн бир нече далилдерге токтолуп кетели. 2002-ж. декабрь айында Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 ж. байланыштуу «Русская Америка» гезити Кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө деп 20 бетке толгон кыргыз тарыхын жазып мамлекетибиздин борбору Бишкек шаарынан Америка контитентине чейин таратты. Мына ушул гезит аркылуу ЕвроАзия калкы 2200 ж. тарыхы бар Кыргыз элинде "ушундай уруулар", "ушундай аталыштар", "ушундай улуу инсандары" бар экен деп сүрөттөрүн көрүп жаңыдан окуп таанышкандыгы талашсыз. Бул гезитке удаа эле ошол кездеги мамлекет башчы, окумуштуу А.Акаевдин «Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу» деген көлөмдүү эмгеги жарык көргөн. Гезиттин 11-б. «Кыргыз элинин теги, алардын таралышы тууралуу өсүп турган даракка окшогон таблицага атайын эле "черик уруусун" жазбай көрсөтпөй коюшкан. Ал эми А.Акаевдин эмгегинде уйгур-кыргыз, кытай-кыргыз чегин эселтен бери эле кайтарып келе жаткан чериктердин улуу инсандарынын сүрөтү да эл үчүн аткарган эмгектери дагы жазылып кирбеген. Аталган гезит менен окумуштуунун эмгегинде өз жакын туугандары мамлекет куруп, даңазаланып, даңкталып, калганы өтө эле кызыктуу Бул жөрөлгөнү ээрчиген азыркы эгемен Кыргыз тарыхы кашкардан букар шаарына чейинки зор аймактарды 197 жылдай башкарган

Кара хан, Ташкент шаарынан Могол тоосуна чейинки зор аймактарды ээлеп Моголстан мамлекетин башкарып туруп 1390-ж. каза болгон тарыхый инсан Кыргыз башкаруучусу, эмир Баймурат хандын улусу тууралуу орчундуу баяндар кирген эмес. Евроазия калкы тарабынан Баймурат хандын каракыргыздарын «Моголстандын жапайы токой арстандары» деп атак берген маалыматтарынан дагы дайын жок. Ал эми 19-к.1-2-ж. Цинь бийлиги, Кокон, Кашкар хандыгынын баскынчылыктарына карата эрдиктердин үлгүсүн көрсөткөн, Кененсары хандын 1846 ж-а 1847-жылкы эки жолку чабуулуна жигердүү катышкан Нарындык каракыргыздардын баатыр уулдары кайда деген суроо пайда болот. Ошол 1847-ж. Кене хандын 20 миң колуна карата чачыранды боюнча бириккен кыргыз жоокерлерине башкы кол башчы, хан болуп шайланып, кыргыздын ыйык туусун көтөргөн Ажыбек баатыр жазылбаган. Атактуу тарыхчы, чоң окумуштуу К.Үсөнбеков эмгегинде: "Кененсарынын көп колунун курчоосунда бир нече жолу жигиттеринен ажырап жалгыз калып колго түшпөй салгылашып жаткан Төрөгелди баатырды жана эр жүрөк казактардын көп колунан колго түшүп калган Шербото баатырды аман-эсен куткарып алган" Ажыбек, Зор-Калча, Атамбек, Турдуке, Карымшак, Бошубек, Татыбек ж.б. черик уруусунан чыккан улуу инсандары калыстык менен тарых китебинен орун алган эмес. Кыргыз тарыхындагы мындай чыканак-ийинге тарткан орой мүчүлүштүктөр азыркы эгемен мамлекет курган учурда башталганбы же мурдакы совет мезгилиндеги окумуштуулардын арасында дагы болуп келгенби деген суроо бар. Молдо Мамасабыр Досболов менен Омор Сооронов 15к. аягы 16к. баш жагында фарс тилинде жазылган "Мажму-атут-товарих" деген тарыхый китеп боюнча бөлүшкөн оюн ортого салып

көрөлү. Анда, отуз жылдан ашуун мезгил болсо дагы бул китепти кармап көргөн, ички сырын билейин, эмнени камтыды экен деген бир дагы кыргыз болбогондугун эскерген. Бул эскерүү чындыгында эле кызыгуу менен изилдөөнү талап кылат. Эмне үчүн кыргыз окумуштуулары же болбосо тарых жаатында тынымсыз эмгек кылып келе жаткан топ-топ болгон кыргыздар, 1968-1996-ж.ж. чейин Бишкек ш. сакталуу турган "Тарыхтардын жыйнагы аттуу" бул китепти ошол жерден алып изилдей турганга уруксаттары жана укуктары бар болсо дагы, алып изилдемек турсун китепти ачып *(ошол китепти алган академик Х.Карасаев, З.Мамытбековдор дагы)* караган эмес. Буга эмне себеп болуп окумуштууларды кандай каратеке сүзгөн деген ой толгоолор бар. Балким уруу-уруучулук болуп жүрбөсүн. Ошол эмир Баймурат хандын уулдары Ахмед менен Бекназардан Ак-чубак, Бай-чубак, Молдо-черик, Дубан-черик, Кара-черик, Мухаммед-бек деген балдар таралат деп турат. Чындыгында эле, окумуштуу С.Аттокуров өз эмгегинде белгилегендей алар Чыгыш Түркестан, Какшаал, Улуучат, Акчий, Тоюн, Катуубагыш, Торугарт, Аксай, Арпа менен Нарындын жергиликтүү калкы дейт. Бул окумуштуунун аныктоолоруна караганда чындыгында эле азыркы кыргыз окумуштуулары калмактар м-н бир кылымдай жанаша жашап, кези келсе колуна курал алып салгылашып, ата-мекенин коргоп кырылган черик уруусунун көрүнүктүү улуу инсандары Онтогор хан м-н Карагул баатырды, анын урпактары Ногой менен Кончой кыраандарды, Токтобай м-н Максүт бийлерди, Тоймат шер м-н Сазан баатырлардын эл-жерди коргогон эрдиги м-н эс акылы тууралуу таптакыр эле билбегендиктен кыргыз тарыхына жаза албай келе жатышса керек. Ооба бул кепке кошулууга туура келет. Бир

кылымдан ашык мезгил ичинде черик уруусунан бөлөк башка кыргыз уруулары тажик жергесиндеги Кулябда жашап күн кечиргендиктен бул тарыхта так, таза айтып жаза албаганы чын болуш керек. Ошол каратаандай каптаган калмак колунан өз элинин эркиндиги үчүн күрөшүп жатып каза болгон Онтогор хан тууралуу нарындык каракыргыздарда: "Онтогор баатыр хан болгон ошондой дүйнө тар болгон", "Онтогор хандын чоңортогу" деген жер-суу аттары менен уламыш кептери калган. Ал эми ушул улуу инсандардын жиберүүсү менен А.Н.Бернштам белгилегендей, 1759-ж. Түп-Бээжиндин өзүндөгү Пань-шань Цзинь цзи сарайында турган Кытай императоруна барган Кутаалы *(Ху-та-ли)* башында турган чериктердин топ элчилеринин эмгектери кайда. Бул элчилердин эмгектери м-н Чыгыш Түркестанга калмак чапкынында тентип кеткен 1000 *(миң)* түтүн эл 1760-ж. Атбашы-Нарынга көчүп келгендигин ким тастыктайт. Ал эми атактуу окумуштуу С.Аттокуров: чериктер 1748-1760-ж.ж., 1916-1920-ж.ж. качкан кайткан кыргыздарга жардам көрсөтүшүп, аларды ачкачылыктан сактап калышкан дейт. Бул малыматтарга кошо турган дагы төмөндөгүдөй жагдайлар бар. Биринчиси, 1877-ж. кытайдан качкан дунгандарды, 1855-1870-ж.ж. ысык-көлдө болгон уруу-уруу чабыштарынан кийин 1880-ж. ысыккөлдү таштап жер которуп нарынга келген ж-а 1916-ж. Үркүндөн качкан кайткан кыргыздарды ж.о.э. 1918-1920/30-ж.ж. кийинки жокчулуктун айынан тентиген казактарды нарындык каракыргыздар "черик жарма" менен ачарчылыктан, "чериктин тепме чокоюу" менен Нарын, Ат-Башынын кычыраган кышкы суугунан сактап турган.

## Өмүрзак кыштоо

Айтылуу Ысык-Көлдөгү бугу уруусунун баштыгы Боромбай 1858-жылы каза болуп анын ордун убактылуу болсо дагы Мураталы ээлейт. 1863-жылы 13-октябрда Нарындан-Кашкарга чейинки аймакты ээлеген Турдуке баатыр менен хан Карымшак Орусиянын курамына кошулат. 1864-жылы 23-сентябрда Ак-Сайдагы Торугарт-Ашуусунана Орус-Кытай чеги бөлүнөт. 1867-жылы Токмок шаарына "Черик болуштугу" аттуу бийлиги түзүлөт. 1868-жылы азыркы Нарын менен Каракол шаарлары негизделет. Ысык-Көлдүн аркы өйүзү менен берки өйүзүнө Черик тобун башкарган Тилекматтын уулу Чыныбай бийликке келет. Чыныбай баатырдын кадыры калың бугу менен сарбагышка, саяк менен сарткалмакка болуп көрбөгөндөй артат. Буга ачуусу келген Боромбайдын уулу Өмүрзак "Чыныбай Ысык-Көлдүн аркы өйүзү менен берки өйүзүн ээледи мен Нарын менен Ат-Башыдагы анын чериктерине көчүп барып ал жакты ээлеймин" дейт. Бул кезде айтылуу сазан уругунан болгон Карымшак хан менен Татыбек баатыр дүйнө салып чериктерди майлыбаш уругунан болгон Матай бийлеп турат. Ат-Башыга көчүп келген Өмүрзак жигиттерине жер тандатып ага айтылуу башкайындынын үстүндөгү "Онтогор хандын Чоң-Ортогу" деген жер жагат. Бул кабарды эшиткен Матай "Чаар-айгырдагы" жылкыларынан ак боз бээ жетелетип жигиттери менен Чоң-Ортоктогу Өмүрзактыкына түшүп калат. Ат алынып өргөнүн эшиги ачылып Матай үйгө баш багып тизе боюу төшөк салдырып төрдө жаткан Өмүрзакка салам айып төргө өтөт. Боз үйүнүн керегесин карап үн катпай жаткан Өмүрзакка ачуусу келген Матай эшик ачкан жигитке карап бу киши качантан берки сыркоо болуп жатат деген экен. Буга жооп таппаган жигит унчукпай жер карайт. Ошол учурда Өмүрзак

жаздыктан башын көтөрүп оң колун муштум кылып түйүп туруп ага башын жөлөйт. Муну көзү менен көрүп турган Матай кана жигиттер атты тарткыла бул киши орудан сакайганда келебиз деп эшке чыгып ала келген ак боз бээсин жетелетип Чаар-айгырда турган өз өргөсүнө кетет. Өмүрзактан жакшылык күтпөгөн Матай жигиттерин жиберип: "быйыл жыл катаал болот, кар калың түшөт, союшу менен саан малын алып калып калган башка малын Ак-Сайга айдатсын"деп буйрук берет. Чоң-Ортокто турган Өмүрзак буга ачуусу келип менин малымдын кыштан кандай чыгышын жигиттерим эле билет деп моюн бербейт. Бирок чериктер дагы бугулар дагы малын Ак-Сайга айдатат. Кар калың түшүп мындайды көрбөгөн Өмүрзак бийдин эли жүдөп мал-жаны кырылат. Кышты-кыштай молдо черик Көбөн жайчыны бордоп семирткен Матай Өмүрзактын жылкысы эрте жазда Арпага түшүптүр деген кабар укканда кана жайчым сага эми жумуш табылды өнөрүңдү көрсөт деген экен. А дегенде жамгыр, андан кийин мөндүр, андан кийин калың кар жаап катуу бурганак шамал болгондо кызыл түлөө болуп жаңыдан түлөй баштаган Өмүрзактын жылкысы бүт кырылат. Бул кабарды жылкычылары бийге араң угузат. Чочуган Өмүрзак "Камбар боздун үйүрү аманбы"деп сурайт. Камбар боздун үйрү Коргон-Ташка араң келип кырылды дегенде Ат-Башыны каракуйрук чакчыгай эле жердесин деп Ысык-Көлгө көчө качат. Азыр дагы Чоң-Ортоктун үстүндөгү анча чоң эмес кичине өтөк тарыхтагы "өөк барак Боромбайдын" уулу Өмүрзак бийдин атынан "Өмүрзак кыштоо" деп аталып келатат. Атбашы менен Нарындан көлгө көчүп келген Өмүрзак ортого киши салып Чыныбай баатырдан жер суратса "Өмүрзак Ат-Башга барып менин черик

тууганадарым менен бирге жашасын көлдөн ага бере турган жерим калган жок” деген экен. Бул кеп калың бугулардын жакшыларына угулуп “күйгөндө дагы ушул кул чериктен күйдүк” дешип ага-туугандары, аталары калмактарга колго түшүп келген Чоң-Карачты баш кылып бир нече кишини Чыныбайга жиберишет. Чоң-Карач айла амалдуу экен эртең менен эрте Чыныбай төшөктөн тура электе өргөсүнө кирип төргө өтпөй коломтонун жанынан оорун алат. Салам айткан Чыныбай аке өйдө өтүңүз ачууланган кейпиңиз бар го сизди бирөөлөр капа кылдыбы деген экен. Чоң-Карач Чыныбайга карап эмне үчүн хан Боромбайдын уулуна жер бербейсиң. Курган бугуну “каңгайдан келип мен билсем-капкайдан келип сен бийлесең” Боромбай өлгөнү бугуда ырыскы калган эмес экен деп камчысы менен коломтодогу күлдү чапкан экен. Күл сапырылып үйдүн ичи боз ала чаң болот. Чочуп кеткен Чыныбай жүйөөлү сөзгө жыгылып аба андай болсо сиз ылайык көргөн жерди берели дейт. Чоң-Карач кейип Чыныбайды карап сенин черик туугандарыңа барып жашаймын деген Өмүрзакта мал деле калбаптыр. Көлдүн көчүгү Көт-Малдыны бер каз-өрдөк багып жансактасын деген экен. Чыныбайдын буйругу эки болбой Өмүрзак азыркы көлдөгү Балыкчы деген жерге ээ болот. Ошондон Нарын, Ат-Башы, Ысык-Көлдө “Матай бий сөз баккандын чебери-Өмүрзак бий каз баккандын чебери”деген улуу кеп калыптыр.

## СССР

Негизи эле 19к. Нарындан-Кашкарга чейинки аймактарда жашаган каракыргыздар кайсыл бийликтерден кандай даражадагы сыйлыктарды алган деген маалыматтарга токтолуп көрөлү. Ажыбек баатыр Кашкар беги Жакыпбек-Бедөөлөттөн *(Якуб-*

бек) 30 күлүк, 3 болот кылыч, 3 болот калкан; Зор-Калча баатыр Кытай Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы күмүш менен карматылып чин тагылган кымкап чепкен, Кашкар беги Бедөөлөттүн аты чөгөрүлгөн мөөр шакек, Турдуке Кытай Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы "кызыл топчу" мансабы, Орус Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы Чоң Алтын медал, 1-даражадагы баркыт чапан, Карымшак Орус Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы Чоң Күмүш медал, 1-даражадагы нооту чепкен, Айдарбек Кокон хандыгынан датка наамын, Атамбек Орус Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы 1-даражадагы нооту чепкен, Абласан Кашкар хандыгынан датка наамын, Базаркул болуш Орус Өкмөтүнөн капитан чинин алган экен. Жогорудагыдай черик урууларынын көп кылымдык эрдик м-н эс акылдын кенчи болгон тарыхын толук жазбай келе жаткан кыргыз окумуштуулары м-н мамлекет башчылары уруунун баласы эмес улуттун баласы экендигин унутпашы керек эле. Эмне үчүн СССР м-н Кыргыз ССРи 1963-ж. Кыргызстандын Россияга ыктыярдуу кошулгандыгынын 100 жылдыгын мамлекеттик деңгээлде өткөргөн. Бул иш чара эмне үчүн: 1844-1855-жж. чейин Орусия букаралыган кошулууга аракет кылган бугу уруусунун тарыхый маалыматтарын эске алган эмес. Эмне үчүн кээ бир азыркы тарыхчылар Ысык-Көлдүк бугу уруусу орустарга биринчилерден болуп ыктыярдуу кошулган деген түшүнүктөрдү айтып, жазып жүрөт. Эмне үчүн анда: СССР, Кыргыз ССРи ж-а ал мамлекеттеги ошол кездеги көрүнүктүү орус-кыргыз окумуштуулары "1863-ж. Россияныны составына ыктыярдуу кошулган черик уруусунун тарыхый катын" эске алган. Кыргыз ССРинин тарыхы деген китепте бул катты эмне үчүн "тяншандык кыргыздар" деп жалган жалпылап жазып Турдуке баатыр менен хан Карымшак

башында турган чериктердин атын өчүргөн. Эмне үчүн бугу уруусунун катын бугу уруусунун каты деп эле атап Боромбай баштагандардын атын көклөткөн. Буга кандай орчундуу себептар бар. Издеп табуу керек. Анда эмесе мен окуп билип тыянак чыгарган маалыматтарга көңүл буруп көрөлү: *Биринчиси:* Санкт-Петербург ш. турган Орусия Императору Александар-II Нарындан Кашкар чебине чейинки аймактарды ээлеп турган Черик уруусунун орус өлкөсүнө кошулуу үчүн жиберген өтүнүч катындагы суроолорун өтө канаттангандык менен кабыл алышы. Ошондуктан Улуу Жибек Соода Жолунун ачкычы Турдуке баатыр менен хан Карымшактын колунда экендигин Орус Падышасы толук билгендиги. *Экинчиси:* Санк-Петербургдагы Падыша Өкмөтүндө иштеген князь П.Д.Горчаков менен Батыш Сибир генерал-губернатору А.О.Дюгамельдин ортосунда Черик уруусун Орусияга кабыл алуусу боюнча өткөрүүчү мамлекеттик иш-чараларга Орус Өкмөтүнүн көңүл бөлгөнү. *Үчүнчүсү:* 1863-ж. 13.10. Омск шаарында Падыша Өкмөтү тарабынан Чериктердин Орусиянын курамына өткөндүгү боюнча Мамлекеттик иш-чарасын уюштурушу. *Төртүнчү:* Бул Мамлекеттик иш-чарага Орус Өкмөтүнүн билимдүү, жогорку чиндеги аскер адамдары, Кыргыздар жана кээ бир Казак султандарынын катышканы. *Бешинчиси:* Кашкар чебинен Долонго чейинки аймактарды Кыргыз элине алып калгандыгы үчүн улуттук баатырлар, мамлекеттик саясий ишмерлер Турдуке менен Карымшак Орус Өкмөтү тарабынан Мамлекеттик эң жогорку чоң сыйлыктар менен сыйланышы. *Алтынчысы:* Кыргыз-Журтунун ошондогу борбор шаары Токмокко “Черик болушутугу” деген ат менен бийлик түзүлүп Шабдан менен Байтик, Сарыпбек менен Чыныбай, Байзак менен Чоко, Эсенгул менен Карыпбай, Касымалы

менен Жакыпбектер Карымшак хан менен Колпаковскийге баш ийип турушу. *Жетинчи:* 1963-ж. СССР ж-а Кыргыз ССРинде бийликте тургандар менен окумуштуулар Турдуке менен Карымшактын тарыхын тактап ошол кездеги Фрунзе ш. нак ортосундагы азыркы Өкмөт үйү м-н Тарых музейинин ортосундагы аянтка "Кыргызстандын Россиянын составына өз ыктыяры м-н кошулгандыгынын 100 жылдыгына арналган Достук монументин куруп тургузушу". *Сегизинчи:* СССР мамлекети Кыргызстандын Россияныны составына ыктярдуу кошулгандыгынын 100 жылдыгын 1963-жылы белгилеп өткөрүп 30-октябрда Кыргыз ССРи СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Ленин орденине татыктуу болушу. *Тогузунчу:* Бул иш чара боюнча 1200 адам Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамоталары жана Ардак грамоталары менен сыйланышы. *Онунчу:* Эң кызыктуусу Кыргыз ССРи тарабынан иштелип чыккан "В память столетия добровольного вхождения Киргизии в состав России"-деген юбилейлик медалы менен 770 киши анын ичинде Хрущев Н.С., Брежнев Л.И., Андропов Ю.В., Черненко К.У., Усубалиев Т.У., Мамбетов Б.М., Савитахунов А.С. ж.б. улуу инсандар сыйланышы. *Онбиринчи:* Бул ж.б. маалыматтар узак жылдары боюнча "совершенно секретно" болуп ЦК архивинде турушу. Бул ж.б. тарыхый маалыматтар азыркы эгемен Кыргыз тарыхын жазгандар тарабынан «Кыргызстан Россия империясынын ж-а ССРдин курамында» деген темага толук жазылбашы. Ошондуктан сыймыктуу мындай суктанаарлык тарых черик уруусунан башка урууларга Теңир тарабынан берилбегени кызык. Негизи эле 1863-ж. Нарындан-Кашкарга чейинки чериктер Россиянын курамына өз ыктыяры менен кирип башка кыргыз

урууларына "үлгү болушу менен" азыркы Баткен, Жалал-Абад, Ош, Талас, Чүй, Ысык-Көл ж-а Нарын облустарындагы бардык айыл-кыштактар, завод-фабрикалар, кыйма-чийме автожолдор, илим-билимдер, мал-жан байлыктар ж.б. толуп жаткан жетишкендиктер Россиянын колдоосу аркылуу болгондугун Кыргыз тарыхы жана анын азыркы "урукчул-уруучул жарма патриоттордон турган тобу" танбаш керек. Ошентип жыйынтыгында Кыргыз элинин жана азыркы Кыргызстандын бүтүндүгүн сактаймын деп аракети таш жарган Турдуке баатыр менен хан Карымшактын тагдыры тайкы улуу инсандардан болгон. *Биринчиден*: жалпы Кыргыздардын кызыкчылыгын ойлоп келген бул эки улуу инсандын жери менен элинин Торугарт-Ашуусунан орус генералы В.Мединский менен кытайдын комиссары Ша тарабынан экиге бөлүнүшү өтө эле аянычтуу. *Экинчиден*: 1963-ж. Кыргыз ССР БК биринчи катчысы Усубалиев Т.У. башында турган республиканын башчылары Кыргызстандын Россиянын курамына кошулгандыгы тууралуу жогорудагыдай Мамлекеттик иш чара өткөргөндө дагы бул эки улуу инсан менен черик уруусунун аты аталбаптыр макталып-даңкталып эмгектер жазылбаптыр. *Үчүнчүдөн*: 1963-ж. 100 жылдыкты өткөргөн Мамлекеттик иш чаралар эгемендикти алганга чейин ЦК архивинде эч кимге көрсөтүлбөй "совершенно секретно" болуп катылып келгендиги. *Төртүнчүдөн*: Менин демилгем менен 2013-жылы 17-сентябрда Нарын шаарынын 145 жылдыгын тарыхта биринчи жолу өктөрдүк. Бул иш-чараларда дагы Турдуке менен Карымшак черик уруусунан болгондугун шалтоо кылып ошондогу кээ бир облустук, шаардык, райондук бийлик өкүлдөрү менен шаардын айрым бир депутаттары Турдуке менен Карымшактын айкелдерин Нарын шаарынын

нак борбордук аянттарына коюуга тымызын каршы туруп жер тилкесин азыркыга чейин толук чечип бербей келе жатышы. *Бешинчиден:* Мына ушул Нарындагы бийлик башында тургандардын ошондогу ичинин тардыгы менен 145 жашка чыккан Нарын шаары, 130 жашка чыккан Жалал-Абад шаарындай Данакер ордени менен сыйланбай калышы өтө өкүнүчтүү болду. Бирок, алдыда Нарын шаарынын 150 жылдыгы 2018-жылдын 17-сентябрында Кудай бюрса бизди күтүп турат. Балким ушул күнү тумардай туу туткан жалгыз шаарыбыз Нарын, өлкөбүздүн жаңы шайланган Президенти тарабынан Данакер орденине татыктуу болоор. *Алтынчысы:* 2014-ж.03.03. КРӨ Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Э.С.Каптагаев мырзага Нарын менен Каракол шаарлары кайсыл жылы негизделгендигин аныктап тактоо үчүн К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин базасында эл аралык илимий-практикалык конференция уюштуруп берүүсүн өтүнүп кат жазган элем. Жыйынтыгында Каракол ш. илимий-практикалык конференция болуп ага Нарындан жалгыз өзүм катышып архивдик документтер менен ырсталган илимий маалыматтарым менен тааныштырып келдим.

## Чындык

Жогорудагылардын негизинде биринчиден Кыргызстан тарыхы ж.б. эмгектердеги “”Түндүк кыргызстандын россияга караталышы”, же болбосо “1855-1868-ж.ж. Түндүк Кыргызстанды Орусияга каратылышы” деген бир тараптуу темаларды окутууга тыяюу салуу зарыл. Тарыхта: Ысык-Көлдүн тескей бетин толук ээлеген бугу уруусу 1844-1855-ж.ж. Омбу шаарындагы орус бийлик-терине ооз-эки дагы жазуу жүзүндө дагы кайрылса. Ал эми

Долондон-Кашкар чебине чейинки зор аймактарга ээлик кылып турган черик уруусу 1963-жылы бир эле жолу Санк-Петербургда турган Орус падышасы Александр-IIге атайы кат жазып Россиянын бийлигине өз ыктяры менен кошула тургандыгын билдиришкен окуяларын кандай баалоого болот. Муну менен кыргыз тарыхчылары чындыкка келсе эки темага бул эки урууну кошпой аларга документалдуу маалыматтар аркылуу баа берилсе. Айрыкча Нарындык Турдуке баатыр менен хан Карымшак башында турган кыргыздардын Кыргызстандын бүтүндүгүн сактап калууга кошкон зор эмгегин өзүнчө тема кылып дипломатиялык жогорку окуу жайларындагы студенттерди окутуу керек. Чет өлкөдө ак кызмат кылган Кыргыз Республикасынын элчилерин Турдуке баатыр менен хан Карымшактын атынан чыгарылган орден, медалдар менен сыйлап турса жарашмак. Турдуке баатыр менен хан Карымшактын даңкы бүгүн жарыкка чыкпагандыгы менен эгемендүүлүктүн чындыкты толук кубаттап күчкө толгон заманы келгенде баасын алаары белгилүү. Ошентип жогоруда белгилегендей черик Ажыдаар-Ажыбек, Зор-Калча, Тартак-Мамбет, Чөөдөйсары-Турдуке, Карачунак-Атамбек, Бала-Бошубек, Көкбет-Татыбек, Чечен-Тилекмат, Чыныбай баатырлар, хан Карымшак, Эшкулу, Орус, Баястан бийлер, Айдарбек ж-а Абыласан даткалар тууралуу СССРдин убагында 70 жыл бою аты аталбай келсе, 1991-жылы эгемендүүлкүтү алган Кыргыз тарыхына дагы ал улуу инсандардын маалыматтары жарык көрбөй келе жатат. Атактуу окумуштуу С.М.Абрамзондун "Кыргыз ж-а Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер" деген чыгармасында "Кыргыздарды этнографиялык жактан изилдеп-үйрөнүү 19-кылымда, айрыкча анан 2-чи жарымында өнүгө баштайт"-деп белгилейт.

**Сапарга чыгуу...**

Ошентип ошол кездеги С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ректору, профессор Алмаз Акматалиев, уулу менин карачечекей намыстуу иним Данияр, шаардагы «Аида» чакан фирмасынын директору мыкты ишкер Шермамбет Орозалиев, облустук теле-радио компаниясынын ошол кездеги директору Барыктабас Белеков жана Нарын облустук мамлекеттик администрациясынан Мен болуп Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу облусунда жашап жаткан манасчы Жусуп Мамайга сапар тарттык. Ага чейин Алмаз Акматалиев ж.б. ошол кездеги Кызыл-суу кыргыз автономиялуу облусунун губернатору Мамбет Асан мырза менен сүйлөшкөндүктөн бизди жылуу кабыл алышты. Барган күнү кытайлык кыргыздар менен таанышып анан Мамбет Асан мырза өзүнүн жеңил унаасын Ак-Чийдеги Жусуп Мамайга жиберип жатып шоопуруна «карамай жол менен ажыны чарчатпай алып кел» деп катуу тапшырып жатты. Мен оюмда ал көрбөгөн чоң атабыздын кадыры тоодой экендигин Мамбет Асан байкенин ар-бир сөзүнөн кармап ичимден туюп турдум. Аңгычакты сөздөр токтоп жөн болуп калгандан пайдаланган мен бул карамай жол деген эмне жол экендигин Алмаз Акматалиевден сурадым. Каке! ал бизче асфальтталган жол деди эч кимге угузбай. Ошентип эртеси Жусуп Мамай менен бир дасторкондо болуп келген иш сапарыбызды Алмаз Акматалиев толук түшүндүрүп, чоң атасына өзү ала барган хан Бакайдын кементайы менен хан Кошойдун калпагын кийгизди. Атактуу манасчы өз туугандары келгендигине жайылып-жазылып жай гана и...Алмаз иним жакшы иш менен келген экенсиңер анда ишке киришели деп калды. Ошентип Алмаз Акматалиев менен Шермамбет мырза Кашкар шаарын кыдырып

көрүп келүү үчүн чыгып кетишти. Барыктабас мурда кийин барып жүргөндүк кылдыбы айтоор биринчи күнү айтылуу манастын 8 урпагын кантип жазгандыгын манас кандай шартта жазылгандыгы жөнүндө шатыра-шатман суроосун берип жатып алып телеге тартып жүрдү. Кечинде Алмаз менен Шермамбет Кашкар шаарынан келип кандай иштер аткарылды кысыктар болушту. Бүгүн кечке Барыктабас атактуу манасчыдан жалаң манас, семетей, сейтек ж.б. маалыматтарды алгандыгын уккандан кийин эртеңден баштап улуу манасчы менен мен баарлашмай болдум. Эртеси мага кесек келип мен Ак-Чийлик кадырлуу адамыбыз менен түздөн-түз эч кимдин катышуусу жок маек курдум. Маекте Эр Табылды, Ажыбек, Зор-Калча, Тайлак, Ормон, Боромбай, Балбай, Алыкенин Табылдысы, Карымшак, Баястан, Орус, Эшкулу бийлер, казалчы Казыбек жана атактуу манасчылар Тыныбек, Сагымбай аталарыбыз тууралуу сүйлөшүп кулагыма куюп алдым. Колдон келишинче сүрөткө түштүк. Кийин мен ал сүрөттөрдүн айрымдарын Ажыбек баатыр китеби жарыкка чыкканда кошо чыгардым. Кеп арасында э..балам бу силерде Келдибек манасчы болгон экен деп айтат экенсиңер бу...деги кайда жашап кайда каза болгон инсан деп калды. Чоң ата бул киши чоң манасчы болуптур биздеги жазмаларда Келдибек Барбос уулу дешет. Ал киши чүйдөн 1880-жылдары атбашыга көчүп келип каза болгон экен дедим. Жусуп Мамай мага жай карап туруп бул манасчыны мен мурда кийин улуу кишилердин айтканынан укпаптырмын ошон үчүн кызыгып сурадым деди. Уулум Каныбек деп мага карап мен уккандан манасчылардын алпы касиеттүүсү Тыныбек атаң болуптур. А киши манас айтып кызып калганда олтурган жеринен бир карыш көтөрүлүп абада каалгып туручу экен. Айрыкча Чоң-Казатты

айтканда угуп олтургандарга кадимкидей эле аттардын кишенегени найза менен айбалталардын карсылдаган дабыштары жана онтогон адамдардын үндөрү угулуп кичине балдар коркушчу экен. Бу...балам ал кишиден тукум барбы деп калды. Чоң ата мен билгенден тукум бар бирок катыштыгым жок сиз айткандай Тыныбек атабыздай болбосо дагы карт Нарындын маданиятына эмгек сиңирип жүрүшөт дедим. А...жакшы...жакшы деп калды. Сөздөн сөз чыгып э...Каныбек балам мен сага Ажыбек баатыр баянын айтып бергенчекти мен сенден Ажыбек атаң ж.б. кыргыздын көрүнүктүү улуу инсанары тууралуу угайынчы деп калды. Мындайды күтпөгөн жаным такалып туруп калып бир топтон кийин чоң ата кайсынынсынан баштайын дедим. Ошентип кызуу баарлашып жатып түшкү тамак болгондугун байкабай дагы калыпбыз. Бир маалда эшик кагылып сиздерди тамакка чыкырып жатат деген кытай кызы көрүндү. Бу балам сен айтып жаткан маалыматтар менен санжыраларды кимден уктуң эле деп кысыкты Жусуп Мамай атабыз. Чоң ата менин энемдин энеси чериктин күпчөкөй уругунун жакшысы Ороз болуштун кызы. Ошол Ормондун уулу Ороз мени төрөгөн Дилдекан энеме таята экен ал эми анын уулу Темир таякеси болот. Таяэнем Калыйча ошол болуштун кызы болучу. Баласы Темир улуусу экен. Ал эми Калыйча энебиз 1976-жылы Баш-Кайыңдыда күйөө баласы атам Сейтакундун үйүндө көз жумду. Сөөгү кадимки Зор-Калча баатырдын уулу Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяз *(Жүсуп билерман, Жүсуп бий)* кайын атасы менен ошол Ороз болуштун уулу Темирдин кызы Бүбүкан деген сиңдисинин жанына коюлуптур. Бул улуу инсандардын кабыры Башкайыңды айылынан Кичи-Айрыкка бара турган жолдун сол жагындагы Баш-Дөбө деген мүрзөдө. А...киши мага көп осуяттарын

таштаптыр кайсынысы жарайт кайсынысы жарабайт тарыхчы болбогондон кийин билбейт экенмин ошолорду сизден сурап алалы деп минтип келгенибиздин себеби дагы ошол чоң ата дедим. Э...балам сен Чагарак-Куйрук-Чарт-Аязды кимден уктуң эле деди. Таяэнем айтып берди эле деп кыска жооп бердим. Айтчы бул эмне деген инсан болуптур деди. Чоң ата ошол Жусуп деген атабызды сынчы сынап кап каракыргызды сурай турган энчилүү атың Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяз *(бул аталышка түшүндүрмө берели: Чагарак дегени-тегерек темирдей бекем, Куйрук дегени-берекелүү, март, Чарт дегени-чагылгандай тез, ыкчам, Аяз дегени-суук, таза, ак дегенеди билдирген экен)* деген элдик уул болмок экенсиң деп токтоп калат. Жүсүптүн атасы айтылуу кыргыз-казакка белгилүү Зор-Калча баатыр бешиктеги баласын карап калганда щыпшынган олуя кап баатыр балаңыз «көр бала» болуп калбадыбы деп Зор-Калча баатырдын ажалын кошо угузуптур. Сынчы айткандай эле Зор-Калча баатыр ошол жылы өлүп баласы Жүсүп жетим болуп турмушка «жашып» калыптыр дечү. Э...айланайын бу сен балам аман бол эртеден бери баарын элдир селдир айтып жатасың деп калды. Ошентип Ажыбек баатырдын эрдиктери эс акылы тууралуу дагы айтып бердим. Ушул жерге келгенде дагы бир жаңылыкты айтып жазып кетейин. Бирок кийин муну көбү гезитке чыккан макала аркылуу билип калдыбы деп ойлоп жүрөм. Толук уккан баян менин жүрөгүмдө. 2000-жылы кадимки эле Татыбек баатырдын урпагы совет мезгилиндеги советтик-партиялык кызматкер 1975-1980-ж.ж. Кыргызстан КП Нарын обкомунун 1-секретары болуп иштеп кеткен агам Алымбек Савитахуновду издеп Бишкек шаарына барып калдым. Себептин бири ушул эле. Басмаканадан чыга турган «Бабабыз Кошой жердеген Ат-Башы XXI

кылымдын босогосунда»-деген китептиң башкы бетине каалоо сөзүн берейин деп даярдап жазып алгамын. Китептке биринчи каалоону губернатор Аскар Салымбеков, экинчисин бетине мамлекеттик катчы Накен Касиев, үчүнчү бетине эмгек ардагери Алымбек Савитахунов болсун деп ойлогом. Оюм оордунан чыкты. Алымбек байкемдикине барсам бала-чакасы Күн-Туу деген жердеги дачасында деп калышты. Ал жерге барып байкем менен сүт кесме ичип олтуруп көпкө баарлаштым. Байкем экөбүз тең чериктин ичинен сазан уругунанбыз. Сөздөн сөз чыгып Алымбек байке эмне үчүн Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы болбой калгандыгы тууралуу кеп салып берген. Ошондо абдан таң болуп ичимде калган. Бирок байкем тууралуу «Обкомдун биринчи секретары» деген китеп жазып жүргөм. Ал жерге уккан окуяларды камтыдым эле. 2014-жылы мурдагы ЦК архивине барып ал улуу инсандын өздүк делосу менен таанышсам ошол жерге ушул 1-катчы болбой калгандыгы тууралуу гезитке чыккан кыска макаласын кылдак тиктирип коюптур. Ар кандай ойлор ойго келет эмне үчүн ошол улуу инсан «Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяз», Базаркул болуш, Алабукалык Балтагулов жана Алымбек Савитахуновдордун тагдыры ошондой болуп калган деген тынсызданууу бар. Кесегинде ошол Сынчы менен кийинки Ороз болуш кызы Калыйчанын чериктер тууралуу айтып кеткени туурабы деп өзүңө өзүң суроо бересиң. Ажыбек, Тартак-Мамбет баатыр тууралуу сүйлөп берип жатсам токтото калган Жусуп Мамай атабыз баракелди балам, баракелди «тырмактын агындай» чымының бар турбайбы деп баш бармагындагы кичине агын көрсөтүп китепти өзүң эле жазып ала турган шартың бар экен. Кап балам жазып алып мага көтөрүп келгениң славян алфати болуп калгандыгын кара болбогондо аныңды

дагы карап бермек экенмин... Мен дагы черикТин ичинен Ороз болушка тууган болом деп калды. Э балам деди мага карап Ороз болуш тууралуу дагы эмне билесиң. Чоң ата: Ороз абдан өткүр киши экен көз тийиптир. Матайдын уулу Базаркул менен болуштукту талашыптыр. Базаркулду атасы Матай баштагандар колдосо, Ороздy айтылуу Эсенаман-Ажы баштагандар колдоптур. Өткүрлүгү тактыгы менен калың черик, сарбагыш, моңолдорду таң калтырыптыр десем, ап баракелди, балам жанагы мен айткан «тырмактын агындай болгон чымының» чын эле бар экен деп кайталап калды. Ороздун уулу Темир деген дагы атасын тартып билерман болуптур. Айтылуу советке басмачы деп аталып калган Абдылда, Кулчун, Сүйүндүк, Турсун, Өмүрбай, Мамырбай, Осмондор советке каршы чыгып ошолордун күчү менен бул кытай жакка ашып кеткен экен десем. Ооба балам, ал болуштун уулу жаткан жерди билем кийинчерээк эле каза болду кайран асылдар деди акырын гана. Дагы сөздөн сөз чыгып суроо берип калдым. Айтыңызчы бу Нарында турган 40 уруу кыргыздын айрымдары мен кыйын, мен кыйын эле деп төш кагып калышат деги булардын кимиси кыйын болот чоң ата дедим. Нарында кайсыл уруулар бар балам деп калды. Мен: сарбагыш, чоросаяк, моңолдор, черик, басыз деген чоң уруулар менен бугунун тынымсейити деген майда кичи урук бар деп калдым. Мейли балам муну деле айтып берейин деп калды. Бу жаздырып ала турган үн алгың жок беле балам деди. Чоң ата мага айта бериңиз кудай бюрса көбүн эле кулагыма сактап алам десем. Апбаракелди кадимки көлдөгү Боромбайга элчиге барган кумач Атамбек, сазан Зор-Калча жана Конокбай бабаларыңды тарткан турбайсыңбы куйма кулак болуп. Деги айтчы Атамбек менен Калчадан канчоо бар балам деп

калды. Чоң ата мен таяэнемден укканмын экөөнөн тең экөө бар. Бири: сиз айтып жаткан Байчубак баатырдан тараган элчи кумач Атамбек экинчиси ошол эле Байчубак баатырдын майлыбашынан тараган Карачунак-Атамбек баатыр. Ал эми Калчадан дагы экөө бар. Бири кадимки эле ошол Байчубак баатырдын сазанынан тараган Калча бий же Зор-Калча баатыр дешет экен. Экинчиси чүйлүк болуш керек Кодо-Калча деп атап жүрүшөт дедим. И...ошол Зор-Калча Кытайдан кандай даража алыптыр деп калды. Чоң ата үйдөгү сакталып жүргөн кытай өкмөтүнөн алган кымкап күмүш чепкенине тагылган погонду койнума катып ала келдим эле деп көрсөтө калдым. Ыя...ошондойбу деди акырын гана мени карап. Погонду көпкө кармалады, көпкө унчукпады. Бу балам окшош аттардан дагы кимдерди билесиң деп калды. Окшош аттардан Ажыбектин экөө экен бири таластык Ажыбек датка делсе экинчси биздин атабыз Ажыбек баатыр экен. Татыбектен дагы экөө экен бири Надырбектин Татыбеги делсе экинчиси биздин Көкбет-Татыбек батыр дешет экен дедим. Зор-Калча баатырдын погонуун кармалап олтурган манасчы бир маалда үн катып э...балам эми ток болдум деди. Ошентип уруулардын кыйындыгы боюнча сөз башталды. Бу балам азыркы 40 уруу кыргыз арасынын ичинен кыйыны сарбагыш болот. Кыйыны эмне менен такталган деген суроо бар. Мен силердин тилиңерче айтып берейин. Бир сарбагыштын жалгыз аты менен жалгыз костюм шымы болсо. Ошол минип жүргөн атына үч маал жем берип, үч маал сылып-сыйпап, жоорутпай, таңашырып минип үч аты бар адам менен тең бастырат. Кыйындыгы мына ушунда. Костюм шымы деле ошондой... Ормондун сөөгүн алганы келген Олуя Калыгул «Ормон каранын каны эле катын бугу көмө албайсыңар, эркек сарбагыш

өзүбүз коебуз» дегени бар. Ал эми саяк уруусунда эселтен эле айтылып келе жаткандай «сулуу кыз менен күлүк ат» көп болот. Ал байлыктар элдики деди. Бирок азыркы кыргыздарда «билсең саякмын билбесең башыңа тийген таякмын» деген дагы кеби бар. Канай баштаган солто уруусун Кокон ханы бир мезгилдерде иле дарясынын боюнан Сары-өзөн Чүйгө көчүрүп келет. Чүй бышыкчылыктуу болгондуктан жазгы ала-шалбырт жокчулукта солтонун боз үйүнүн капталында алакийиз менен жабылып турган төрт кап унду көргөндөр токчулук солтодо дешкен. Бугу уруусун жалпы эле кыргыздар анын ичинде Калыгул, Ормон, Ажыбек ж.б. аталарың «жогорудагыдай» орой аташкан. Буга тарыхый көп себептер бар. Аны мен айтып бердим сен уктуң...кеси келсе айтып жаза жүр. Андан ары кеп уланып Моңолдор жердин уюткусу деп коет. Кыргыздын кайсыл жерине барсаң дагы моңолдорду кездештиресиң. Буларды улуу кыйра, орто кыйра, кичүү кыйра деп дагы айтат. Ал эми жөнөкөйлүк, ак сөөктүк жана баатырдык черикте болот. Жөнөкөйлүгүн ушундан бил. Беш жүз койлуу черик жүз койлуу черикке келип э...түкүнчө быйылкы кыш нарында оор болгону турат окшойт мени жакшы караган киши жок. Айына бирден кой акыңа берип турайын отун-суудан жардам берип тур десе маакул болот. Айкөлдүк менен ак сөөктүк мына ушунда. Менин жүз коюм бар деп мурдун жерден көтөрбөйт, черик үңүрөңдөп өзү менен өзү иштеп жүрө берет, киши менен кишини урушт урбайт. Кокус черикке курал көтөрүп кастык кылса өлүмдөн жанын аябайт. Ошон үчүн жогорудагыдай төл сөздөрдү эске алган жалпы каракыргыздар: саяк элдин шогу, солто элдин тогу, сарбагыш менен бугудан барынан жогу деп калган. Чоң ата анда эмне үчүн Боромбай атабыз элчиге барган кумач Атамбекке «Атаңдын оозун

урайын кул черик, Беделден кирип Чычаар менен чыгып, Чычаар менен кирип Бедел менен чыгып булдурө чабаармын. Эчкинин этин жебей кесир кылат дечү эле, эми Чериктин оозуна иттин этин тыкпасам, эчки эмес, анын корголуна зар кылбасам» деп айтканы кандай дедим. Ап баракелди балам туура айттың. Бир кезде чогулуп олтурган кыргыздардын чоң манаптары Кенесарынын чапкынынан кийинки маселени Кегети деген жерден талкуулашат. Ажыбек баатырдын эрдигине баа берген калың кыргыз ага «жолборстун терисинен иштетилген чин тон менен сыртын көк мата менен кармаган суусар тебетей кийгизип» адам-шери деген атак беришет экен. Ажыбек баштаган чериктер нарынга бет алып кеткенден кийин чүйдө калган кыргыздар бирин-бири сөзгө тартып кыргыз урууларынан кимиси ак сөөк экендигин аныкташат. Ошондо кепкор Боромбай эки жагын карап Карачерикти атаптыр. Бул сөздү угуп олтурган ошол чоң манаптар менен кошо Ормон баштагандар жапырт баш ийкешкен экен. Ошон үчүн кыргызда айтат «Кулду кул десең өлгүсү келет, Бийди кул десең күлкүсү келет» деген улуу кеп бар ал кепти унута көрбө балам деди. Көпкө кеп куруп олтурдук. Бир маалда буларга кошчу кебиң барбы деди манасчы. Чоң ата мен бир нече кептерге канаттанбай келе жатам улуу сөздө уят жок айт десеңиз айтып көрөйүн дедим. Мени караган манасчы айтып көрчү балам деди. Биздин нарын-атбашыда азыр деле түшүнүп түшүнбөй «Байзак менен Нарынга ишенбе», башмоңолдор, төшмоңолдор, көшмоңолдор деп атап жүрүшөт десем. Ооба балам мен Нарын менен Бишкекке барып Ч.Айтматов, Т.Сыдыкбеков баш болгон атактуу инсандар менен жолугуп келгеним эсимде.Ошол сапарда жүргөндө дагы бул ж.б. кептерди эшиткен элем. Бу сенин билишинче кайсыл

Байзакты айтып жатат болду экен. Байзак менен Нарынга эл эмнеге эл ишенбей калыптыр балам деп кайра мага суроо берди. Чоң ата улуулардан угушума караганда бугунун тынымсейит кичи уругунда Байгазак деген малдуу адам болуптур. Ошол адамды кыргыздар «Жинди Байгазак» дешет экен. Ошондон «Жинди Байгазак менен Нарындын аба ырайына ишенбе» деген кеп калтырыптыр. Кийин ошол уруктагылар бул кепти атайын эле өзгөртүшүп «Байзак менен Нарынга ишенбе» деген түшүнүксүз кыска кепти курашыптыр дедим. Бу...балам чындыкты айтып чындыкты жазганга не жетсин бул ишиң жакшы иш экен деди. Токтой калган манасчы ал киши эмне кылып жиндилик кылыптыр деди. Улуу сөздө уят жок дейт экен чоң ата айт десеңиз айта берейин дедим. Айтып көрчү мурда дагы кулагым чалды эле сен кандай айтаар экенсиң угуп көрөйүн деди. Айтып бердим. Бир нече көз ирмем унчукпады дагы мындан ары кеп кыла турган нерсе эмес экен балам деди. Дагы эмне кебиң бар деди. Чоң ата Калыйча энемден: «Онтогордун Сазаны, Тараган андан казалы. Өйдө жакта Торусу, Айланып учкан жорусу. Ылдый жакта Кытаты, Кызыл кийиз жутаты, Орто жерде сазаны, Кайнап турган казаны»- деп айтканын уктум эле бул кандай чечмеленет дедим. Мени бир топко карап турган манасчы балам деги эле кайсыл кыргыз урyусу же уругу болбосун алардын бири-бирине баш ийиши, жөндөмсүздүгү, баатырдыгы, ач көздүгү ушундай ж.б. тамай айтылган санжыра-тарыхтардан улам алардын көзүн ачып көкүрөгүндөгү боштукту толуктап турган. Ал эми коңшу казактар менен кыргыз уруу-уруктары катаал ачкачылык шарттарда жылкы чаап келүү өнөрлөрүн башынан бери эле аркалашкан. Бирок бул ишти аткарууда дагы ошолор акылдын күчүнө салганы чындык. Бирок айрым учурларда ошол

ишти дагы орой жазап эл оозунда калган инсандар дагы бар. Мындай жылкы чаап келүү өнөрүн кармата калам деп Балбай баатыр саяктардын колуна түшүп калып кемпирдин нан алган мокок бычагы менен кулагын кестирген экен. Буга чейин бирмоюн аталып келген Балбай бабаң мындан кийин чулуккулак Балбай деп дагы аталып калыптыр. Бирок ата-бабаң мындай орой иш кылбаганы менен ошол жылкы чаап келмей өнөрдүн башында айтылуу Тору менен Карагул, Онтогор менен Сазан, Бөкө менен Тагайболот баатырлар тургандыгы чындык балам деди. өх...кайран улуу кеп менен ошол улуу кепти бузбай айткан адам өлбө дедим ичимден. Кайра айттым өлө көрбө дедим ичимден. Кайра кайталадым өлбө көптү көргөн кыргыз дедим. 2003-жылы Улуу манасчыга жолукканыбыздан бери мына минтип быйыл 11 жыл болуптур. Кайра туз бюруп кытайга барбаганга чоң себептер болду окшойт. Аны кийинчереек жазалы. Телеберүүлөр айткандай акыркы миң жылдан бери манас тууралуу Жусуп Мамайдай эч ким каракыргыз үчүн эмгек кылбаптыр. Жусуп Мамай чоң атаң каза болуптур дегенде эмне кылаарды билбей ушул кичине эмгекке кириштим эле. 2013-жылы ага-туугандардан болгон биздин Кембилдик атасы совет убуагында чабан же шафер болуп жүрдү беле агабыздын уулу Ажыбек ж.б. угуп калгам Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш. Атамбаев Жусуп Мамайга Ак-Шумкар менен Кыргыз Эл баатыр деген наам берет экен деп. Бирок ал жылы андай болбоду. Андан бери дагы көп убакыт өтүп кетти. Ушул ж.б. окуяларды жазып жатып мен дагы ичимден оп баракелди улуу сөздү улаган чоң атам Жусуп Мамайды э... Жараткан көр асабынан коргой көр деп Теңирге жалындым. Э...Жараткан ушул жалынганымды кабыл кылакөр деп ичимден кайталадым!!! Кыямат кайымда

бейишинден орун бере көр деп турдум дагы кайталап. Кайра-кайра ичимден кайталадым тилек кылдым! Жусуп Мамай менен жолугушуунун экинчи күнү дасторкондо чоогуу олтуруп кайрадан чукулдан таанышa баштадык. Келгендердин баарысы Ат-Башыда төрөлгөнүбүздү бирок азыр Нарын шаарында жашап жаткандыгыбызды айттык. Сөз башталып кайрадан а дегенде Шермамбетти таанышытырып толук жети атасын билбей тургандыгын айттык. Эгерде жети атамды тапсам тай соем деп жатат дедим. Манасчы: Ыя...деп жылмайып тай сойбой эле койсун, кой сойсо болот деди тамашалап. Дасторкондо олтургандар дагы күлүп калышты. Кайсыл уруудансың балам деди манасчы, сарбагышмын андан чагалдакмын деп шар жооп берди Шакем. Билген аталарыңды айтачы деди эле жолдо кайталап барган аталарын атады. Манасчы бир топко унчукпай калды. Убакыт өтүп кеткендиктен мен и.. манасчы билбейт го деп ичимден ойлоп жатсам Алмаз Акматалиевичти сурады черикмин, чериктин ичинен акчубакмын деди. Барыктабасты сурады черикмин чериктин ичинен күпчөкөймүн деди. Мени сурады. Мен черикмин, чериктин ичинен сазанмын дедим. Ошентип сөз кайра Шермамбетке багышталды. Кана ручке кагазыңар барбы жазгыла деди манасчы. Шекем шаша-буша менден ручке алып жазып кирди, жети атасын таап алды. Кудай кылбасын Шермамбет жерге батпай Каке сөз боюнча уйгур досторума айтып азыр тай сойдурам деп калды. Алмаз Акматалиев манасчынын сөзүн эстеп Шаке кой эле сойдур деди. Ошентип бизге бир тыйын төлөтпөй алып барып алып келген Шакеме кытайда жүрүп кайрадан конок болуп уйгур досу сойгон койдун этин мейманканага алдырып алып төрт нарындык баарлашып олтурдук. Эртеси эртең менен Жусуп

Мамай чоң ата экөбүз болуп кайрадан кеп куруштук. Сөздөн сөз чыгып олтуруп э...балам сазандын ичинен кимисисиң деп калды. Сазандын ичинен атабызды Эшкулу бий, Эшкулу чечен, Эшкулу кары дешчү экен. Үчүнчү өнөрү куранды жатка билген киши болгон деп укканмын. Атабыз Эшкулу көтмалдыдагы хан шайлоо курултайына катышып Ормон такка олтурганда биринчилерден болуп сөз алып кызыл тебетей кийдиңиз кыргызда айтат «хан тукумун кайырчы деп-каадасын билбей эл башкарса эли-журту айылчы деп» аксак менен тексекке тең болуңуз дептир деп мен таяэнемден уктум эле дедим. Ой...балам бу сен кайсыл Эшкулун айтып жатасың деп калды. Кайра-кайталачы деди. Мен кайра кайталап өз атам Сейтакун атысы Бокой, аныкы Кутуке, аныкы Солтоной, аныкы Эшкулу аныкы Сазан аныкы Ырысбай анын атасын хан Онтогор деп аташчу экен дедим. Ошондон кыргызда «Онтогор баатыр хан болгон ошондо дүйнө тар болгон» деп айтылып калыптыр чоң ата дедим. Онтогор кайдан кандай болуп ажал тааптыр деди манасчы. Чоң ата менин укканыма караганда Калмак чапкынында кармашып жатып ушул какшаалда курман болгон экен. Баатырлыгы менен бийлигинин катуулугуна байланыштуу жогорудагыдай кеп калыптыр дедим. Бери жакын келип олтурчу сен эмне менден алыстап олтурасың сен кадимки чоң олуянын тукуму турбайсыңбы деп оң колумду кармап алды. Ата-Эненин эрке сарысы болуп чоңоюп кароо болуп калгандыктанбы мен дагы өзүмдү олуянын тукуму десе ыңгайсыз сезип турдум. Буга чейин атаң олуя болгон десе ынабай жазып келген эмгектериме чагылдырып бербей келдим эле. Бирок куранды жатка билген «кары», «чечен», «бий» чагатай тилинде эркин жазган билимдүү адам болуптур деп укканмын. Ажыбектин заманында сарт-кечүүгө боз

үйлөрдү тиктиртип медересе ачтыртып элдин билимсиздигин жоюптур дешет дедим. Манасчы кеп улап келип э...балам сенин атаң Эшкулу тууралуу мен атактуу тарыхчы Үсөйүн Ажыдан уккан элем. Орус падышасына чериктерди Турдуке, Карымшак кошом деп курултай чакырып катасы жок кат жазган киши таппай атаңды кадыр салып аттап тондоп Чоң-Какшаалдан алдырып келиптир. Орус падышасына жазган ошол каты Ажыбектин уулу Абыласан датка экөө жазыптыр. Мен бул маалыматты дагы калгандардан сурашым керек экен деп койду. Манасчы мени көпкө карап туруп...балам Эшкулунун анык тукуму турбайсыңбы негизи арам оокатка барбай жүр деп кыска айтты. Кызыр-Аллейхисалам жылоологон бул улуу инсандын мага айтып берген тарыхый маалыматтары зор жаңылык жана азыркы кезде менин жанымда медер болуп жүрөт. Ошондон кыргызда: «Эшкулу бий, Кутаалы, Элден чыккан мыкты экен. Ар нерсеге ыктуу экен, Чечен сүйлөп жыкчу экен» деген кеби калыптыр.

## Олуя

Кыргызда жаман өзүн мактайт деген жакшы кеп бар. Анысы сыңарындай Эшкулу олуя тууралуу уккан окуяларымдын айрымдарын жазып кетейин. Бир жылы Кокон бийлиги Байдөбөт деген атактуу баатырын баш кылып нарындагы Ажыбек баатырдын элин талкалап келүү үчүн жиберет. Жайдын толуп турган мезгилинде Көк-Арттын белин ашкан Байдөбөт Арпага келип түнөп ат чалдырып эртеси Ат-Башыга карай жол тартат. Келе жаткан жоо тууралу кабардар болуп Бошубек баатырга туусун көтөрткөн Ажыбек Какшаалдан Атбашыга түшүп Нарында турган Карачунак-Атамбек баатырга кабар берип салт боюнча жортуулчуларды азыркы «Келте-Тумшук» деген жерден Зор-Калча, Көкбет-Татыбек,

Тартак-Мамбет баатырлар болуп тосот. Черик колу топтошуп келген жоодон кабар алат. Жайдын толук кезинде карагер аргымактын тизгинин ээрдин кашына үч ороп башындагы тулгасын желке жагына түшүрүп төшүнө кийген зоотун ачып аргымактын үстүндө уйку-соонун ортосунда ат үстүндө термелип келе жаткан душмандын сүрүн дүрбүдөн көргөн Бошубек баатыр таң болот. Жоонун көп колу менен Байдөбөттүн сүрүнөн чочулаган Бала-Бошубек Келте-Тушуктун үстүндө мандаш уруп олтурган агасы Зор-Калча баатырга кабар кылат. Зор-Калча баатыр менен иниси Бала-Бошубек «душман ача суусуна келип калды баатыр деп» апкаарып айткан сөзүн уккан Ажыбек дагы шашып кетип Ормон хан досу ээр токуму менен тартуулап берген карагер аргымагына үсөнгү теппей минип бастырайын десе ат баспайт. Катуу темингенде кыбыланы карап турган карагер кишенеп кетенчиктеп чатын ача калып кан аралаш заара ушатат. Туу кармаган Көкбет-Татыбек менен Бала-Бошубек баштаган эр жүрөк жоокерлер жакасын кармап Кудайга тобо кылышат. Буларга күбө болуп турган Ажыбек баатыр эсине келип чочуп кетип агасы Эшкулу олуядан бата албай бара жаткандыгын эстейт. Келте-Тумшуктун үстүндөгү көк чөптө мандаш уруп кыбыладагы Кошой-Коргон менен Чеч-Дөбөнү карап олтурган агасына аттап-бутап шашып барып бата сурайт. Олуя: «Оомийин О...Жараткан атадан балага өзүң белек кылган жерибизди өзүң сактай көр. Өзү катылгандарды өзүң жазала, нээти бузуктарды жерибизден өзүң тазала» деп жатканда олуя өсүп турган шибер чөптөн кере карыш өйдө көтөрүлүп абага каалгып турат. Буга чейин олуянын мындай окуясын көрбөгөн Ажыбек менен черик жоокерлери аң-таң болот. Батасын улаган олуя «О Жараткан баатыр иним Ажыбек башында турган жоокерлеринин колдорунан

айбалтасын, буттарынан кере тепкен үзөңгүсүн түшүрө көрбө! Бабаңар Кошой менен Алмамбет жылоолосун атаңар Манас менен Бакай маңдайыңардан тоссун. Жинди-Карашер атыккан Байдөбөт ашынган баатыр дечү эле. Чыгым көп болоор. Чымыркаиып чыдап салгылаш баатыр иним» деген экен. Аңгыча абада каалгып турган олуя жерге түшкөндө тегеретесиндеги боз үйдүн оордунан чоңураак жер жалындап күйүп барып өчөт. Олуя айткандай мына ушул чабышта Ажыбек аз жерден Байдөбөт баатырдын сайган найзасынан аттан түшүп кала жаздайт. Кудайлаган жоокерлер намысына келет. Кара-шер атыккан Байдөбөт баатырдын чапкан айбалтасы жаза тийип Ажыбектин оң буту сынат. Ат көтөрө албас Тартак-Мамбет жөө салгылашып, аны көп жоодон коргоп жүргөн Зор-Калча баатырдын жанына карагер менен келип калган Ажыбектин сынган бутун ээрдин канжыгасына бек бууп жаткан Зор-Калча кана чыныгы шер болсоң олуя агаң Эшкулу айткандай же ажалың же азабың эми жекеге чык деген экен. Чын эле Байдөбөт менен Ажыбек эки шер жекеге чыгып чай кайнам салгылашат. Байдөбөттү акыркы күчү менен Ажыбек араң айбалта менен башындагы тулгасын жара чаап аттан түшүрөт. Сынык буту байланган канжыганы үсүп алып аттан жерге түшкөн Ажыбек Байдөбөттүн төшүн жарып жүрөгүн сууруп алса жүрөгүнүн учунда эки кылы болот. Өзү менен чогуу салгылашка барган жоокерлерине чеңгелиндеги кармап турган жүрөктү көрсөтүп мына менин ажалым ушул баатырдын колунда болмок экен деген аяр санжыра кеби ушул кезге чейин кытайлык кыргыздарда айтылып келет. Ошол Эшкулу-олуя кийин иниси Карымшак ханга керээз кебин таштап менин сөөгүмдү Кашкардагы Аппак-Кожонун жанындагы Куплай-Кожом мазарына

койдур деген экен. Айткандай эле кийин Кичи-Ортокто турган олуя каза болот. Хан Карымшак элге жарыя кылып агамдын керээз кебин аткара албадым. Орус төрөсүнө сөөктү кашкарга алып барып койгонго жардам сурап кайрылсам унчукпады. Торугарт-Ашуусунан чериктер экиге бөлүнүп турабыз. Олуянын сөөгүн белгилүү жер Келте-Тумшукка коёлу. Эгер менин көзүм өтүп кетсе мени дагы ошол агамдын жанына жашыргыла дегенде ал жерде инилери Татыбек баатыр менен Матай бийлер бар экен. Сөөк коюуу аземи бүтүп Келте-Тумшуктан Кичи-Ортокту көздөй эл чубайт. Катар турган боз үйлөргө хан Карымшактан мурда агасын жоктогон Матай бий «эсил кайран олуям ой...эми кайдан көрөйүн» деп өкүрүп түшкөн дешет. Атамдан уктум эле Эшкулу бийден Солтоной, Эсенгул, Алымкан. Сынчы бийдин эки баласын карап «Солтоной менен Эсенгулу эгиз тура-Эл мүдөөсү тегиз тура» деген кеп калтырыптыр. Солтонойдон Кутуке, Төрөгелди, Байтөк, Тайлак, Намасбек, Бөкөнбай. Эсенгулдун айтылуу далысы жерге тийбеген казак, кыргыз, кытайга белгилүү Жаркынбай Жакып балбандар. Башкайыңды мактанып «Мүсүралы балбан төө көтөргөн, Жаркынбай-Жакып эл көтөргөн» десе теңир-тоолуктар бул үч балбандын эрдигин мактап «Атбашынын үч Кошоюу дешчү» экен. Ошол Намасбек атабыздан Кара-Молдо. Молдо атабыз тирүү кезде Сарт-Кечүүгө айыл ат менен гана каттап турат. Бир жолу бир топ айылдыктар менен чогуу Ат-Башыга бара жатканбыз. Каракочкул кыпкызыл болуп сайдын бетин бербей мелтиреп тамыры менен жулуп алган теректердин агындысын ары-бери аңтарып агып жаткан Ат-Башы дайрасын кечкенден коркуп сайдын кырындагы жарда суунун сүрүнө кызыгып катарлап туруп калдык. Аңгычакты атбашы жактагы токойдон атчан бир адам аталган

дайра жок болуп тургандай атын жай илкитип бастырып суу кечип бизге чукул келди. Карасак Кара-Молдо атабыз экен. Угуп жүрчүбүз аяктагы сууну айран кылып дуба окуйт деп. Молдо атадан баарыбыз чочуп жүргөндүктөн жапырт салам айтып жибердик. Жай алик алган молдо атам кайда сарткечүүгө бара жатсыңарбы деди. Ооба деп жооп берип сууну кече албай коркуп тургандыгыбызды айттык. Мени «тентегим» деп жакшы көрүчү. Мага карап кана тентегим мени ээрчигиле бирок бир дагы бирөөң аркаңды карабай кеткиле деди. Биз сууну кечкенчекти бир топко сайдын кырындагы жардын боюнда турдук. Менимче ошол убакта молдо атабыз суугa дуба окуду окшойт. Анан бир убакта эми кече бергиле деди. Кечип кеттик. Сайдын жээгине чыкканда тосмого тосулуп турган сууну кое бергендей «шар деп аккан суунун катуу добушун» уктук. Бирок артыбызды карабай аттарды бастырып кеттик...

### Керемет окуя

Ошентип Кытайга барган сапарыбыз дагы карып кайра Кыргызстанга кетебиз деп калдык. Ошол кетебиз деп калган күнү мага жакын олтурган манасчы Жусуп Мамай акырын үн чыгарып Каныбек балам кайра келе турган болсоң өзүң жалгыз кел. Атаң Ажыбек баатырдын айбалтасы менде бар алып кет деп калды. Аң -таң эле болуп калдым. Бул тууралуу 2003-жылы басмаканадан жарыкка чыккан Ажыбек баатыр деген эмгегиме дагы жаздым эле. Чоң атабыз Жусуп Мамай жана Мамбет Асан байке менен жакшы учурашып коюп эртең менен эрте Шермамбеттин Кашкар шаарындагы досторуна конокко жөнөдүк. Бат эле Артыштан Кашкарга жетип бардык. Ал жерден Аппак-Кожонуну мобзелейине токтоп толук кыдырдык көрдүк. Мен энемден укканмын ушул жерге айтылуу Сазан уулу

Зор-Калча баатырдын сөөгү коюлган экен деп. Бул сөөк коюуу аземин өз колуна алган Якуб-бек *(Жакыпбек-Бедөөлөт)* чогулган элге кайрылып сөз алып кыргыз менен сартта айтат экен «Кыргыздын өлүгү ичке жатпайт-Сарттын өлүгү тышка чыкпайт» деп баатырдын арбагы ыраазы болсун деп жаңы бышкан дандыр нандарды ошончо чогулган элдин көзүнчө бирден тараттырган экен. Ал эми сөөктү ороп барган ак кийизди ошончо эл «тапкан адам экен» деп тумар кылыш үчүн кесип талап кетиптир. Мына ушул хандын кеби Теңир-тоо менен Кашкар элинин арасында айтылып калганы ошол тура. Ошентип Кашкарда эрте конок болуп эртелеп Кыргызстанга кайра жол тарттык. Бирок, менин ичим чыкпай ага чейин губернатор Мамбет Асан акеге айткан тапшырмам боюнча жаман кабар укканмын. Каныбек таякең Өмүрбай болуштун кызы Бурулуш эже өткөн жылы каза болуп калыптыр. Мен ал эжеңди издеттим. Уулу Мамбеторозо чукулда соттон пенсияга чыгып партиянын тапшырмасы менен азыркы күндө силерче айтканда Оштун тушунда *(айылдын атын унутуп калдым)* экен деген. Мен ичимден кейип. Эми энеме синдиңиз каза болуп калыптыр деп кантип айтам андан көрө тирүү экен таппадым деп эле айтып коёюн деп ичимден ушул чечимге келгенмин. Жакшы конок болуп анан сапарыбызды Нарынды көздөй уладык. Кашкар шаарынан жеңил машине менен чыгып бара жатканда ошол жерге сөөгү коюлган Ажыбек, Зор-Калча, Турдуке, Айдарбек, Абыласан баштаган улуу инсандарга куран түшүрдүм. Бата кылып жатсам кыраакы Алмаз Акматалиев байкап калды. Ой...Каке эмне ичиңден күбүрөнүп эле жатасың деди. Мен жогорудагы болгон окуяны айтып бердим. Энеме синдиңиз каза болуп калыптыр деп кантип айтам. Энемдин өз атасы Мамырбай анын атасы Чагарак-

Куйрук-Чарт-Аяз анын атасы Зор-Калча баатыр. Ушул Калча баатырдын *(Калча бийдин-К.Б.)* сөөгү жанагы Аппак-Кожонун мобзелейинин жанындагы Куплай-Кожом-Мазар деген жерге Якуб-Бектин *(Бедөөлөттүн)* башчылыгында коюлуптур дедим. Аңгычакты жеңил автоунаабыз «топодогу постко» келип токтоду. Ошентип биз дагы жеңил машине дагы кесекке туруп калдык. Машиналар катар тизилет. Биздин кесек келгенче деп Алмаз Акматалиев э...Каке балдарга бирдеме алып алалы деп катар турган магазиндерди кыдырып жөнөдүк. Чогуу келе жатканбыз. Аңгычакты бир магазиндин тушуна келгенде Алмаз, Шермамбет, Барыктабас ал магазинге кирбей ары басышты. Мен каза болуп калды деген таяэже тууралуу ойлонуп келе жатып артта калыптырмын. Баягы үчөө кирбей кеткен магазинге кирип калдым. Кирсем ал киши дагы уйгурга окшогон абдан эле каратору киши экен. Мунусу дагы уйгур турбайбы деп кубүрөнүп сүйлөп жибериптирмин. Эмне деп жатасыз мен деген атбашынын калинин деген колхозунан келген черикмин десе болобу. Чочуп кетип кечирим сурап туруп калдым. Уялып кеткендигимден соода кылдым. Эмне тиги жолдошторуңуздан калып калгансыз деп калды. Кийин билсем совет мезгилинде Кытайга барып туруп калган жердеш экен. Таанышып ал жайды сураша кеттик. Энемдин сиңдисин айтсамбы же айтпасамбы деп туруп Бурулуш эже тууралуу айтып уулу Мамбозорону сурап калдым. Кайсыл сот болуп иштеп жүрүп жакында пенсияга чыккан Мамбеторозону сурап жатасызбы деди. Мен ооба демиш болдум. Ал такалбай туруп эле ал менин кудам болот деди. Энеси Бурулуш менин чоң кудагыйым болот деп калды. Мен окшош киши айтып жатабы деп көңүл бургум келбеди. Сизди азыр телефон менен

байланыштырайынбы деп бурчта турган телефонду алды. Бир нече жолу звонок барып анан телефонду алган киши менен сүйлөшүп жатты. Менимче мен түшүнбөгөн уйгур тилинде сүйлөштү окшойт. Анан кыргызчага өттү дагы телефонду койду. Азыр бир 10-15 минутадан кийин сиз менен Бурулуш кудагыйды байланыштырат деди. Үйүнөн чакырып келет жакын эле деди. Кобурап турду. Эжеңиздин жакшы бир күйөө баласы бар эле жана жакшы көргөн кызы бар эле каза болуп калып эжеңиздин кичине шабайы сууй түштү деп калды. Кирпичтен тамы бар. Жалгыз эле ошол кудагыйга өкмөт карап кирпичтен там салып берген деп кошумчалады. Айткандай эле бир маалда телефон чырылдады. Дүкөнчү телефонду алып сүйлөшүп туруп кудагый советтен бир чети эжеңиздин уулу, бир чети өз иниңиз келиптир деп мага телефондун турубкасын сунду. Мен трубканы алып бир аз абкаарып. Эже жакшы жүрөсүзбү дедим. Жакшы айланайын, жакшы деди оор басырыктуу үн. Эже сиздин атыңыз Бурулушпу дедим. Ооба балам деди эже жай гана. Сиз кадимки эле Өмүрбай болуштун кызы болосузбу дедим. Дагы ооба балам деди. Мен ошондо толкунданып кетип Мен ошо Өмүрбайдын агасы Мамырбай болуштун кызынын уулумун. Атым Каныбек деп калдым. Телефондо үн жок. Э...эже ошол Мамырбайдын дагы Өмүрбайдын дагы атасы ким дедим. Телефонго жан кирип Жүсүп бий деди. Анын атасычы десем баягы үн кайрадан Калча бий деди. Мен ошондо чыдай албай ошол сиз айткан Калча бийдин агасы Эшкулу бийдин уулу Солтонойдонмун дедим. Э балам сен Сейтакундун уулусуңбу деп калды. Ооба эжеке дедим. Атамды билгени совет убагында эле энем көрбөгөн сиңдиси жана иниси Мамбеторозо менен кат алышып туручу. Ошондо эже ыйлап жиберди. Ооба балам мен сенин

энеңдин сиңдиси болом деди. Азыр кайсыл жердесиң балам деди ыйлап жаткан үн. Эже мен мынабы топодогу постко келдим десем. Балам мен ошол топодон 10-15 чакырым өткөндөн кийинки Ак-Жар деген айылда турам деди. Келгениңе канча болду эле деп калды. Эже келип сапар карыгандыктан кетип бара жатык эле дедим. Эже телефондон унчукпай калды мен телефонду дүкөнчүгө бердим. Ал сүйлөшүп туруп шаша-буша телелфонду коюп калды. Баягы дүкөнчү экөбүз эшке чыгып Алмаз Акматалиевди көздөй басып бара жаттык. Мен болгон окуяны биздикилерге баян кылып эже каза болбой эле тирүү экен ушул постон өткөндөгү Ак-Жар деген айылда турат экен дедим. А дегенде алар окуяны толук укту бирок ишенип ишенген жок. Мен дагы түк пейил болуп турдум. Артымды карай калсам баягы дүкөнчү көздөн кайым болгонсуп таптырбай калды. Мен ансайын шекшине баштадым. Ошентип документтерибиз текшерүүдөн бүтүп топодогу постон чыктык. Баягы 10-15 чакырым жүргөндөн кийин жол боюндагы кичине айылдын боюндагы көчөгө бир канча эл бизге колун булгалап тосуп калды. Алдыңкы машине токтоду. Карасам баягы дүкөнчү ошол жердеги туугандарды чогултуп жүрүптүр. Ал жерден жапырт түшүп учурашып калдык. Мен энеме окшош киши издеп алек болуп турсам жаныма келген баягы шыляпа кийген карадүкөнчү тигине эжеңиз тигил киши деди. Баягы топтошкондордон бир аз алыс жалгыз турган чүкөдөй болгон кызыл кемпирди көрсөтүштү. Мен бат басып барып учурашып калдым. Сен жездем Сейтакундун уулусуңбу айланайын деп калды. Мен ооба эжеке дедим. Жүргүлө үйгө деп баштап басты. Чын эле үйү бышкан кирпичтен экен. Үйгө кирдик эже менин жанымдан чыккысы жок жанаша олтурдук. Алмаз Акматалиевдин уулу Данчо жаны калбай сүрөткө

тартып жүрдү. Бир эки чыны чай ичкенден кийин Бурулуш эже э...балам актын тукуму эмессиңби ушул быйыл бир жакшылык болот го деп төлгө кылып тай байлап турдум эле кана кыбыланы карап байланбаска бата кылалы эшике жүргүлө деп калды. Алмаз баштагандар убакыттын жок экендигин айтып мени эжеге тааныштырып жатышты. Эже дагы бир эки кайталап анда козу бар эле ошо козуга бата кылып мууздоосун ооз тийип кет балам деди. Анда дагы шашып бара жатканыгыбызды айттык. Эжени карасам менин колумду кармап алыптыр. Мен ала келген белектеримди «сиздерди таппадык дегенинен» мынабы деп жазып алган баракчаны Бурулуш эжеге бердим. Ал киши ошол Артыштык артист-ырчы экен. Өзү сазандын жоош деген кичи уругунан экен деп айтып бердим. Алар таап алабыз деди. Бирок бир канча үй-бүлөлүк сүрөттөрүм жанымда калды эле аларды бердим. Биз эженикине келгенде чын эле Мамбеторозо аке жок экен тигил Оштун тушундагы деп бир айылды айтып партиянын тапшырмасы менен кеткендигин кобурашты. Ошентип шашып-бушуп Нарынга аттандык. Жолго чыкканда ойлонуп келе жаттым. Өзүмдүн мококтугумду чоркоктугумду ойлоп ий...атаңдын оозун урайын көр дүйнө жакшы тукумдан мендей жамандын туулуп калгандыгын кара дедим....ичимден. Ошентип Нарынга келип бир жумадан кийин Баш-Кайыңды айлындагы энеме бардым. Баардыгын айтып бердим. Кап балам жок дегенде ошол козунун муузтоосун ооз тийип келсең болмок экен. Кайра барам деп жатасың бара албайсың го деп кесе айтты. Чын эле Ажыбек баатырдын 200 жылдыгы менен Казыбек казалчынын 100 жылдыгы Нарын менен Ат-Башынын Булаң-Баш ат майданында өтө жогору республикалык деңгээлде өттү. Иним Абдылдабек экөбүз эки атабызга куран окутабыз деп үч боз үй

тигип бир жылкы менен бир ирик сойдук. Тиги дүйнөлүк досум Мамбетаитов Таалайбек Жумагулович *(Ормон менен Ажыбектей)* баш болгон ага-тууугандарды чакырып бата алып куран окуттук. Анда энем тирүү эле аяш уулу Таалайбек алып келип кийгизген баркут жашыл чепкенин өлөөр-өлгөнчө чечекен жок. Телп...телп...телп этип жүргөн эмгектерим кайтты. Ажыбек баатыр китебим жарык көрдү. Сүйүндүм тууугандар куттуктап жатышты. Торудан Сейиз чоң ата баш болуп келип кементай калпагын кийгизип. Айланайын актын тукуму эмессиңби ушул тоюңду Сейтакунум көрсө жакшы болот эле кап деп кейип калды. Жамандыгымдан бүткөн боюм жашып араң турдум. Азыр мен Черик-Ата коомундамын черик тууралуу тигиндей жаздым черик тууралуу мындай кылдым деп көкүрөк койгондордун бүт баары мен Ажыбек менен Казыбек деп жүргөндө чоң уйкудан ойгоно элек болушчу. Аны Төлөбай Сейдакматович Кеңешов, Мирбек, Акматалиев, Аскар Мааткабылович Салымбеков, Алмаз Акматалиев, Нарынбек Айдаралиев, Шермамбет Орозалиев, Барыктабас Белековдор жакшы билишет. Ошентип ушул тойдон кийин улуу агам Конокбай дүйнө салды. Эми кытайга баралык деп жатканда иним Казыбек дүйнө салды. Андан кийин камынып жатканда энем Күкү өзү дүйнө салды. Ошону менен Жусуп Мамайга барып Ажыбек баатырдын айбалтасын сурап ала албай калдым. Өмүрбай болуштун кытайдага кызы Бурулуш эжеге, 80 жаштан ашып калган бирок 40-50 жылдай ооруп келген Дилдекан энемди сиңдисине алып бара алган жокмун. Себеби энем Ак-Сай менен Торугарттын түтөгүн аша албайт эле. Кытайга барып келүү ой-максатыбыз энемдин айтканындай болуп туура чыкты. Ага дагы тобо кылдым!

## Казыбек

Бир кездерде кыргыз, казак, өзбек элине ак таңдай акындыгы менен ат кашкасындай белгилүү болуп өмүр сүргөн Казыбек казалчыны ким билбейт. Акын тууралуу залкар инсан Жусуп Мамай менен сүйлөшүп калдым. Ошол жолугушуудагы окуяларды бүгүнкү күнгө чейин бирөөлөргө толук айтып-жазбасам дагы айрымдарын жаңылык катары кошуп кетейин. Сөздөн сөз чыгып олтуруп манасчы Кыргызстанга келгенде атактуу улуу инсандар Ч.Айтматов, Т.Сыдыкбеков ж.б. менен жолугушуусун айтып берди. Кеп арасында Казыбек Мамбетимин уулу камактан бошонуп келип кийин Фрунзе шаарында каза болгон экен деген кепке кызыгып турдук. Кепти толук баштаардан мурда Жусуп Мамай бизге эскертүү ирээтинде балам бул менин кебим эмес бул кепти мен Түгөлбай атаңардан Кыргызстанга барганда укканмын деди. Бай, болуш деген жалаалар менен камалган Казыбек түрмөдө жатып ыр түрүндө Сталинге кат жазат. Ал кат Кремилге жетет. Мамлекет башчы НКВДга буйрук берип камакта жаткан казалчыны Москвага алып келүүсүн тапшырат. Поюс жол менен борборго келген казалчыны бийликтин буйругу боюнча таза жуунтуп киймин алмаштыртып жаңыртып жолугушууга даярдашат. Ошентип көптөн күткөн жолугушуу болот. Жолугушуу оор башталып казалчыга совет мамлекетин мактап-даңктап ырдоосу сунуш кылынат. Бирок, Казыбек бул сунушту кабыл алуудан баш тартат. Ошентип Сталин стол үстүндө турган эки тамекинин бирөөнү алып тартуусун сунуш кылат. Тамеки тартылып бүтүп жолугушуунун аягында НКВДга Казыбекти бошотуу тууралуу буйрук берет. Ошентип камактан бошонгон Казыбек Фрунзе шаарына келгенде Т.Сыдыкбеков ж.б. тосуп алышат. Түгөлбай менен сүйлөшкөн Казыбек мен көпкө жашабай калдым...Сталин менен жолугушууда мага уу кошулган тамеки тарттырды окшойт деп болгон окуясын айтып берет...

## Кош канат

Дасторкондо чоогуу олтурган Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу облусунун ошондогу губернатору мага карап Каныбек бу Алмаз мага ини болот экен сага кандай тууган болот деп калды. Байке Алмаз Акматалиевичтин калпагы ушул келген үчөөбүздүн калпагыбыздан мурда казак менен өзбекке бул жагы жалпы кыргызга көрүнүп калган. Ошон үчүн улуудай сыйлайбыз. Бирок салт боюнча бир чети иним бир чети бир урууданбыз дедим. Анда иниңдин бир эки жоругун көзүнчө айтып берейин деп калды. Алмаз ой...Мамбет Асан аке ал жорукту тим эле койбойсузбу деди. Мамбет Асан аке сөз баштап. Туз бюруп мен алгачкы жолу Кыргызстан менен катташып жатканда Нарынга барып калдым. Анда мен дагы бул жакта иним Алмаз силерде губернатордун замдары экенбиз. Сый урмат жакшы болуп бир атадан тараган кандаштарыбызга ичибиз эсилип бирок ачыкка чыгарбадык. Бир күнү Алмаз эс алып жаткан бөлмөгө келип Мамбет Асан аке бу бизде тогузторо деген жер бар ага бара жатканда Кара-Гөө деген ашуу көп повороттон турат, көрдүңүз беле деп калды. Мен жок деп жооп бердим. Анда эртең көрсөтөм деди. Эртеси бизди Нарын аэрапортуна алып барып кош канат деген самолетуңарга салып тогузторого учуп калдык. Кош канат конуп турган жеринен учуп чыгып нарындын үстүнөн эки-үч жолу айланып анан көтөрүлүп алып күн батышты карай жөнөдүк. Айраплан бийиктегенден бийиктеп бир маалда Алмаз самалеттун терезесин карап алып Мамбет Асан аке тигине Кара-Гөө деген мынабы ашуу деп сөөмөйү менен тоо бооруна салынган автомобил жолду көрсөтүп жатты. Карасам чын эле тоонун боорунда салынган кыйма-чийме повороттору көп жол экен.

Мына ушул Кара-Гөө ашуусу көп поворттон турат дегенде эле учуп бара жаткан самолет көзүң жамандыкты көрбөсүн тарк-тарк-тарк этип келип эле өчүп калса болобу. Келмем оозума келип Алмазды карсам жаны калбай тигил жердин атын мындай дейт, бул жердин атын тигинде дейт деп эле бейкапар сүйлөп бара жатат. Мен ичимден бу Алмаз самолеттун өчүп калгандыгын укпай калды го дедим. Эми эмне болот. Кап Нарынга бекер келген экенмин. Кое туруп балдардын жакшылыгын көргөндөн кийин деле туугандарга келсем болмок экен. Ушунча бийиктиктен куласак эмнебиз калат. Баягы Мамбет Асан туугандарына барып самолоттон кулап өлүптүр дешет го деген ойго келип калганда баягы айраплан тарк-тарк-тарк этип келип от алып кетсе энем эркек төрөгөндөй сүйүнүп кеттим. Алмазды карасам дагы эле баягысындай бей капар сүйлөп жатат. Кулагыма эч нерсе кирбеди деп күлүп жатты. Бирок мен корккондумду эч кимге билдирбедим. Тогуз тороодон кайра келип мейманканага жатып калдык. Эртеси Алмаз келип Мамбет Асан аке жүрүңүз көлдү көрсөтүп келем деп калды. Коркконум баягы айраплан. Бирок айла жок келип кош канатка түшүп көлгө учуп жөнөдүк. Көзүң жамандыкты көрбөсүн көлдүн үстүнө келгенде баягы айраплан дагы өчүп калса болобу. Ошондо жаман корктум. Кургакта өлсөк сөөктү издеп табат көлгө чөгүп кетсек ким табат деп сарсанаа болуп бара жатсам баягы айраплан дагы мурдакыдай болуп от алып кетти. Сүйүнгөнүмдү айтпа. Кийин билсем ал айраплан ошентип өчүп кайра ошентип от ала берет турбайбы. Толук билгенден кийин ичимден көпкө күлүп жүрдүм деп калды...

## Манас тууралуу укканым

Ошентип кытайда ар-кандай реформа жүрүп кудай кылбасын алды камалып, аркасы жалган маалымат таратат дегендер суралып турган маал болчу. Бир күнү үйдүн эшигинин алдына кичине жеңил аскер машине келип токтоп калды. Мындай окуяны башымдан мурда дагы өткөрүп суралып коркуп калган жаным негедир жамандыкты сезгендей болдум. Аңгычакты баягы машинеден түшкөн аскер кийимчен белинде куралу бар эки жигит жанына бир кыргызды ээрчитип биздин үйгө кирди. Көрсө ээрчип келген кыргыз котормочусу экен. Баягы аскер жигиттин бири гана сүйлөп, анын сөзүн кыргыз жигит которуп берип жатты. Сөздүн башында кыргыздын манасын айтып жазган Жусуп Мамай деген сиз болосузбу деди хансу. Шашканымдан ооба деп кыска жооп бердим. Сизди тийиштүү жерге алып келгиле деп бизди бийлик жиберди. Даяр болсоңуз азыр алып кетебиз деди. Мен бул кепти укканда чочуп эс учумду жыйып санаам санга бөлүнүп камалат экенмин деп баягы кыргыз котормочуга жалт карадым окшойт. Котормочу мени карап эмне кебиңиз бар сурап жатышат деди. Мага бир күнгө руксат берише алат бекен деп сурадым. Котормочу которду. Бир күндүк мөөнөттү эмнеге сурап жатат деп тактап атат эмне дейин деп котормочу мени карады. Мен айттым өзүң билесиң мусулмандардын шартында эгер камалып калсам келемби-келбеймби ага-тууган, эли-журтту көрөмбү көрбөймбү, акыркы жолу коштошуп калайын. Коштошуунун шарты малга бата кылып союлат, ага-туугандарга жаман айтасам даам үстүндө кечирим сураш керек дедим. Котормочу кабагын карыш кылып туруп түшүндүрдү. Баягы келгенден бери сүйлөп жаткан хансу чоңу эмес экен жанындагы сүйлөбөй турганы чоңу экен. Экөө бири-бири менен

өздөрүнчө сүйлөшүп бүтүп анан котор деди окшойт. Котормочу жай гана эртең кечке чейин руксат берди деди ылдый карап. Мен унчукпадым. Ошентип шашлыш ага-туугандар, үй-бүлөмө түлөө өткөрүп колдо бар тамак берип эгерде мен силерге катуу айтып койсом кечирип койгула бу сапар дагы Манас тууралуу суралат окшойм ошон үчүн силерден бата алып коюууну туура таптым дедим. Тартип катуу болгондуктан биздин үйдөн ага-туугандар көп сүйлөгөндөн алыс болуп бат эле тарашты. Ошол түнү түнкү саат 2-3 ортосунда баягы үч киши келип мени үйдөн белгисиз жакка алып кетишти. Бир нече көп күн жүрдүк окшойт. Бир жерге барганда таңылган көзүмдү жана башыма оролгон чүпүрөктү чечишти. Көпкө жарыкты карай албай бара-бара көндүм. А күнү мен олтурган жерге эч ким келген жок кирген дагы жок. Бөлмө чакан бөлмө экен. Терезеден карасам короо чоң. Алма бактар катар-катар тигилиптир. Бөлмөнүн бир бурчунда орточо эскинин жаңысы болгон олтургуч коюлуптур. Анын үстүндө тегис тизилген ак барактар жана жанында жаза турган карандаш менен өчүргүч, калем турат. Бир бурчунда андан жапыс олтургучта кызыл телефондун аппараты чаңы таптаза болуп аачылыптыр. Андан бөлөк мен жатып олтура турган темирден жасалган кроват. Бөлмө таза жана сүрдүү экен. Таңды таң атканча уйкум келбей бурчта турган бюмдарга таң болуп эми кандай чечим болоор экен деп күтүп турдум. Таң агарып киши караанды көрүнүп калганда бөлмөнүн эшиги акырын ачылды. Карасам баягы аскер кийимченден бөлөк башка шыңга бойлуу аскер кийим кийген кытай улутундагы адам аркасына баягы кыргызды ээрчитип алып кирип мага карап сүйлөй баштады. Котормочу которуп турду. Кандай уктадыңыз деди баягы чоочун аскер кийимчен. Унчукпадым. Анан кайра сүйлөй баштады. Сизди

бул жакка эч кимге көрсөтпөй алып келгендигибизди билесизби деди. Мен жок деп айттым. Анда мени угуп туруңуз кыргыздар качан дагы болсо биздин улуу ханыбыз Эсенкан менен Коңурбайды, Жолой менен Нескараны жамандап айтып, жамандап жасып дагы келесиңер. Эгерде сиз чын эле манасчы болсоңуз, эгерде сиз чын эле манасты айтып жаза турган болсоңуз анда сизге өкмөт тарабынан шарт коюлду деди. Мен котормочуга карап ал кандай шарт экен дедим акырын. Котормочу анын кебин кайра которду жана аскердин сөзүн төкпөй чачпай толук айтып берип жаткансыды. Баягы аскер кийимчен адам мага карата бир кадам таштап сизге берген бир гана сыноо ушул, ушул бөлмөдө жатып иштеп эч бир документ, эч бир адабият колдонбой манасты жазасыз. Бул өкмөттүн көрөтмөсү. Сиздин жаныңыздын аман калышына арачы боло турган жалгыз гана ошол жаса турган манасыңыз. Сиз кандай жазбаңыз биз ошондой бир дагы тамгасын оңдобой туруп чыгарууга даярбыз деди. Эс алып короого чыга турган болсоңуз, тамак-аш керек боло турган болсо тигил бурчтагы телефонду көтөрүп коюп туруңуз. Короо-жайды сизге кайтарган солдат көрсөтөт деди. Ошондо турган оордумдан өзүмдү кое берип шалдырай түшүп олтура кетиптирмин чочуп кетип кайра тура калдым. Кытай улутундагы аскер киши билинээр билинбес мага ошондой көрүндүбү ууртунан жылмайгансыды. Жалт карай калсам тигил котормочу кыргыз дагы мага ошондой абалда карап тургансыды. Ошентип бул эки адам бөлмөдөн жай басып чыгып кетишти. Мен өзүмө келе албай көп күндөн бери уктабагандыктан бир нече сааттан кийин уйкуга кетиптирмин. Көзүмдү ачсам таң агарып калыптыр. Барып бурчтагы телефонду көтөрүп кайра ордуна койдум. Эшик ачылып мени караган солдат мени менен кошо эшке чыкты. Көпкө

алма-бакты аралап басып жүрдүм. Түшкө маал баягы экөө кайра келди. Менин дагы эле өзүмө келе элегимди байкаган кыраакы аскер кийимчен киши котормочуга карап узак сүйлөгөндөй болду. Котормочу мени карап сизден сурап жатат эмне жумушка кирише элексизби деп жатат. Эмне керек кете электе сурап калыңыз деди. Мен болгонун ошондо айттым. Беш маал даарат алып, 5 маал намаз окуймун кандай болот дедим. Ошентип кыскасы мага ошол жокчулук кездеги шартка ылайыктуу келген орто шартты түздөп беришти. Бирок манасты жаса баштайын десем үсүл-кесил эсиме келгеним менен кыйналдым. Өзүмө такыр келе албай манасым бирде оозума келсе бирде жок болуп турду. Бир жумача намасымды окуп кудайга жалынып ыйлап дагы жүрдүм намазымды үзбөй окуп дагы жүрдүм. Көрсө ошонун баары мени кайтарган адам аркылуу аскер киймчен кишиге жетип туруптур. Бир жумадан өтүп калганда өзүмө келип баягы бөлмөнүн бурчундагы кагаз менен жаза турган калем сапты пайдалана баштадым. Ошентип деп мага кайрылган Жусуп Мамай атабыз жылмайып Манас бабаңды жазышка кириштим. Өзүмө убакыт болжоп алдым. Намас окуй турганда эшке чыгып даарат алам. Үйгө кирип намаз окуймун. Кудайга жалынам, мени элге-журтка уят кылба деймин. Белгисиз жерге келгениме бир жылдан ашып калган. Баягы жазгандарымды алыш үчүн мага тааныш аскер киймчен киши котормочу менен келет. Ал кишиден бөлөк эч ким келбейт жана ал кишиден бөлөк ал жумушту эч ким алмашпайт. Таң болом. Үй-бүлөм тууралуу сураганга болбойт. Аны өзүм деле жакшы билем. Бирок сурагым келет. Бара-бара баягы котормочу кыргыз менен кытайдын дагы бетине кызыл жүгүргөнсүдү. Мени бүркөө кабагы менен карабай калышкан. Ошентип Манасты кайрадан жаса баштадым. Жанымды аяган жокмун.

Намазымды үзбөй окудум. Манасымды үсул-кесил чала жасып салбайын деп өзүмчө күңгүрөнүп ичимден айтамын кайра-кайра толуктап жасамын, шашкан жокмун. Ичимден күңгүрөнүп айта баштаганда кайтарган кытай аскер а дегенде мени ооруп калдыбы деп чочулаган окшойт. Доктурлар келди. Таза болгондуктан котормочу кыргыздан толук сурап билген окшойт. Кийин менин кээ бир учурда күңүрөнүп манас айтканыма көңүл бурбай дагы калды. Манасты жазышымча жаздым. Мени үрүмчүгө алып келишти. Кудай кылбасын килем төшөп тосуп алышты. Ошентип арадан бир канча ай өткөндөн кийин үйгө башка хансу менен башка котормочу келди. Котормочу: Сиздин эмгегиңизди баалаган Бээжин ажылык сапарга Меке-Мединага барып келеби деп жатат. Барасызбы деди. Энем эркек төрөгөндөй сүйүнүп кеттим. Ошентип эки кишинин коштоосу менен ажылык сапарга барып келдим. Көп жерди кыдырдым деди улуу манасчы бир аз жылмайып. Мен жөнүндө эстей турган болсоң ушуларды эстей жүр. Эми бир келсең өзүнчө жалгыз кел. Сен олуя Эшкулунун урпагы турбайсыңбы деди дагы кошумчалап. Атаң Ажыбек баатырдын айбалтасы бар деп акырын айтты. Дагы таң болдум. Кытайдан Кыргызстанга кетээрде таякчан турган Жусуп Мамай чоң атамдын жанына жалгыз басып барып чоң ата бардык көртурмуш Кудайдын буйругу менен болот дечү Ороз болуш кызы Калыйча менен энем Дилдекан. Мен сизди Кудайга аманат кылдым дедим. Чочуп кеткен манасчы олбурлуу оң колу менен колумду бек кармап көпкө кое бербей туруп э...айланайын сен эмне деп жатасың. Олуя Эшкулу атаңды сөзмөр чечен дешчү сен ошондой турбайсыңбы. Сен эмес Мен сени Кудайга аманат кылдым. Мен көп жашка бардым. Көптү көрдүм деди сабырдуу гана жылмайып. Эмне дээримди

билбей аяр кучактап жалгыз сүрөткө түшүп, аппак периште аралаган сакалы менен жаагынан билинээр билинбестей кылып аяр жыттагансыдым. Кийин бир жылдары Нарын облустук телерадиоберүүсүнүн директору Б.Калыков телефондон Каныбек Кытайга бара жатабыз Жусуп Мамай чоң атаңызыга эмне кебиңиз бар деп калды. Мен, барсаңыз салам айтыңыз. Ажыбек баатырдын айбалтасын сурай келиңиз, мени айтты деңиз. Берсе Бишкектеги музейге коелу дедим. Калыков Бейшенбек, Оморов Абдылда ж.б. Кытайга барышыптыр. Бейшенбек менин саламымды улуу манасчыга айтканда эле чоң атаңыз угуп туруп ооба, ооба ал жигиттер келген ошондой сөз болгон дептир. Сөз жаңы эле башталып калганда Кытайдын сакчылары кирип келип алардын коштоосу менен Торугартты ашып Нарынга келип калдык деп капа болгондугун угуп калдым.

## Кыргыз телеберүүсү

Ак калпагы өзбек, казак, түрктөргө белгилүү болуп келе жаткан кадырлуу агабыз Осмонакун Ибраимов мырза Баракелде булагына «Дегеним, Кыргыз-түрк Манас университетиндеги мен жетекчилик кылган Чыгыш тилдер кафедрасында кытай тили бөлүмү да бар, ал бөлүмдө Конфуций институтунун адистери иштейт. Ал мугалимдер Жусуп Мамайды жалпы эле Шиңжаң-Уйгур автоном районунун эң бир атактуу адамы, легендарлуу инсаны катары карашат. Ошол Жусуп Мамай атабыздын ат көтөргүс аброю бар үчүн Кытай Эл Республикасы бюджетинен ЮНЕСКОго миллиондогон доллар акча бөлүп, "Манасты" дүйнөдөгү сейрек кездешкен руханий мурас катары сактаганга жана коргогонго спонсор болгон эле. Ырас, мунун маанисин түшүнгөн бар, түшүнбөгөн бар. Биздин айрым жарма патриоттор аны теңирден тескери

кабыл алып, кээ бир дөөпөрөстөр Жусуп атабызга тилин да тийгизип, акааратын да айтып ийди го, аттиң... Чын-чынына келгенде муну биз "Манас" эпосун бүт цивилизациялуу дүйнө колдоп, жалпы адамзаттын орток менчиги деп кабыл алып жатат деп түшүнүшүбүз керек эле. Ошон үчүн 1994-жылы Бириккен улуттар уюму атайын чечим чыгарып, "Манастын" 1000 жылдыгы бүт дүйнөдө белгиленгенин билишибиз керек эле. Айтор, улуу манасчы Жусуп Мамайдын арабыздан кетиши кабыргабызды кайыштырып, оюбузга көп нерсе келип турган кез. Ошону менен бирге ичибизде сыймыктануу сезими, ал кишинин арбагына тереӊ ыраазычылык сезими да башбагып турганын кантип жашырабыз. Анткени ал киши адамдык, инсандык милдеттеринин баарын так өтөп, кыргыз элине кылым унутпай турган кызматын кылып кетти»-деп белгилептир. Ооба бул кепте чындык бар. Мен дагы көзүм менен көрүп кулагым менен уккан бир окуяга кайрылып кетейин. Теле «Улутман» деген көрсөтүү берип жүрүшөт. Көрсөтүү алыскы, жакынкы тарыхый баяндарга сары эсеп салып жакшы иш жасоодо. Ал берүүнү атактуу обончу, ырчы карачечекей агабыз Түгөлбай Казаков жетектейт. Чындыгында убакытка карап көргөндө көрүп, көрбөгөндө кайталоосун көрбөбүз. Ушул улутман-берүүсү бир жылдары Жусуп Мамайдын жазган Манасы тууралуу көрсөтүү берип жатыптыр. Бул Манас чыгармасын Кытай Эл Республикасы ЮНЕСКОго өткөргөндүгү же болбосо өткөрө тургандыгы тууралуу кеп козголуп жаткан экен. Катышкандар толук эсимде жок кеч көрүп калдым. Кеп куруп жаткандардын арасындагы окумуштуу бир эжекебиз сөз сүйлөп аты жөнүн унутуп калдым Жусуп Мамайды калпычы киши кылганга чейин барды. Андан дагы ал эжекебиз кокус мен ал Жусуп

Мамайга жолугуп калсам «ушул тууралуу» сурайт элем деген кеби куйканы куруштурду. Анан дагы алып баруучу менен катышкандардын бир тобу Жусуп Мамайдын Манас тууралуу көргөн түшүн сынга алышты. Ошондой болуптурбу түшүндө манасты чын эле жыгыптырбы... дегендей бүдөмүк ойлорун дагы ортого салышты. Бул баарлашууга катышкандардын көбү сегиз урпагын айтып жазган манасчыга каршы ой-пикирлери бар экендиги телекөрүүдөн толук эле байкалып турду. Кийин бул ж.б. кеп-сөздөн улам эл арасында Манас эпосун кытай мамлекети ээлеп алыптыр ошон үчүн кытайлык кыргыздар ЮНЕСКОго каттатыптыр деген ж.б. оорду жок ой-толгоолорду айтып жүрүштү. Ушул берүүнү уккан жана көргөн Нарын-Ат-Башыда тургандардын бир тобубуз кеңеш куруп «Жусуп Мамайды коргоо» коомун уюштуралы деп сүйлөштүк. Арабыздагы дагы бир акылдуу улуу агабыз койгула балдар аларды жайына койгула чындык жеңет ал кишини коргоо боюнча коом уюштурсаңар анда чериктер уруулашып ураандашып жатат дейт. А кишини Кудай өзү колдойт деп койду. Кээ бирлери байке эмне тиги чоң атабыз Турдакун Усубалиевди мрамор менен шаар салган деп сынга алганда кочкорлуктар коргоо коомун уюштурушуп чыкпады беле. Аларга руксат бизге келгенде эле ушундай болуп калабы дешти. Бирок улуунун кебин угуп чоңойгондор тынчып калдык. Көрсө азыркы кыргызстанда жашагандардын айрым урууучул-урукчул инсандары Манас чыгармасын ушул уруудагы инсандар агана айтып келген, ошол урууда инсандар гана жаза алат деген ой-толгоолору бар окшойт. Анда ошол кыска ойлуу кыргыздар 1922-1944-жж. жокчулук мезгилде атактуу манасчы Сагынбай менен Саякбайды Ыбырай Абдрахманов өзү менен атбашыдага үйүнө алып келип, чырактын жарыгында манасты кагаз бетине түшүрүп

жазгандыгын билбейт болуш керек. Билген болсо ошол берүүдө калыстыкка келип Сагымбай, Сякбай ж.б. атактуу манасчы аталарыбыздын өмүр баяндарын ирээтке келтирген манасты кыргыздардын арасынан кагазга биринчилерден болуп түшүргөн Ыбрай-Манасчыны эскеришмек. Ал улуу инсандын өтө жокчулук, оорчулук мезгилде КР Улуттук Илимдер Академиясында иштеген зор эмгектерин баалап 2018-жылы Ыбырай-Манасчы 130 жашка чыгат ошого карата 57879 сап ырдан турган манасын жарыкка чыгаралы деп «жарма патриоттор» биринен экинчисине карата сөз таштамак. Андан кийин Ыбырайдын унутулуп калган айкелин Филармониянын алдындагы манасчылардын катарына коелу деген маанилүү ынтымакты чакырган демилгесин көтөрмөк. Бул демилге эмне көтөрүлбөйт. Себеби черик уруусунан жакшымын деген 100 кишисине жолугуп калсаңыз анын 90 кетмен чапкандар 10 окумуштуу-кызматчы болуп эсептелет. Ошондуктан азырынча Ыбырай-Манасчынын урпактары башкалардай кең пейилдүүлүктү көрсөтүп маданият менен илим билимге баш оту менен кирип кээ бир дептутатар менен ишкерлердей миллиондогон акчаларды ошол багытка жумшагандарын көрө элекбиз. Андай инсандардын көбүнүн көзү өтүп кетиптир. Азыркы олку-солку заманда байый калдым деген нарын менен атбашылык Ыбырай-Молдонун туугандары 90 жылдан бери архивдерде жаткан эмгектерин типографиядан чыгарткандан көрө калп эле чогула калып казан-казан эт салып мааниси жок сөздөрдү сүйлөп-сүйлөбөй тарап кетишкенди жакшы көрүп жүрүшөт. Деги эле Ыбырай-Манасчынын билимдүү, билгич, окумуштуу, жогорку кеңештин депутаты, жазуучу, журналист, губернатор, мэр, аким жана ишкер болгон уулдары барбы бар болсо алар коркок экендиги белгилүү. Самарканд шаарында шамал

башталыптыр десе башы-көзүн Ат-Башы менен Нарынга алып келип ката калышат. Мындай шамал болбосо аларга Ат-Башы менен Нарындын кереги деле жок. Ар бири өзүнчө кыйын өзүнчө «каке» боло калышат. Ар кими ар кайсыл байдын этегин кармап алган ага тик карап сүйлөп, тик карап мамиле жазай албайт. Ошон үчүн бул уруунун тарыхы, маданияты, улуу инсандары, чек коргогон эл баккан эмгектери совет мезгилинде 70 жыл боюу жогорудагыдай жазылбай келсе, эгемендикти алганга 24 жыл болсо дагы ошол тарых, ошол турушу, ошол кейпи менен эле келе жатат. Буга мисал 2013-жылы Нарын шаарынын 145 жылдыгын шаарды негиздеген Турдуке, Карымшактын 200 жылдыгын өткөрө турган болгондо Ыбырай-Манасчынын окумуштуумун жана ишкер баймын дегендери укмаксан-билмесен болуп башын бишкекке катып сүйлөбөй дудук болуп туруштү. Мына ушул тарыхый иш-чарага депутатыбыз К.Самаков миллондогон акчаларды берсе, Президент А.Ш.Атамбаев өз фондусунан 300 миң сом ыроолоду. Эмнеге Ыбырай-Манасчынын эстелиги манасчылардын катарында жок, аты бир дагы мектеп, бир дагы көчөгө берилбейт архивдеги узак жылдардан бери сакталып келген эмгектери жарык көрбөйт. Себеби Атбашы менен Нарында турган Ыбырай-Манасчынын азыркы жаман-жуман урпактары өздөрүнүн атын чыгаруу менен алек. Алар эмнеге Балбайды ыр менен роман кылып жазгандай ата тегин жаза албайт. Ыбырай-Манасчынын араб ж.б. алфавиттеги эмгектерин которуп жазайын ал эмгектерди чыгарайын дегендердин акылы ас чөнтөгү бош. Улутман телеберүүсү Ыбырай-Манасчы жана ал улуу инсандын эмгектери менен жакшы тааныш эмес болуш керек. Ошол сыяктуу эле кытайда жашаган Жусуп Мамайдын эмгегин улутман берүүсү кайдан толук билсин. Ошон үчүн манастын заманындагы

алачапандар: «богу сасык кыргыздар-бириңерге бириңер жакшылык кылбайсыңар» деген кепти бекер айтпаса керек. Бул туура! Ушул берүүбү же башка берүүдөбү Жусуп Мамай тууралуу кеп болуп ага ошол кездеги маданият минстри С.Раев, акыйкатчы Турсунбек Акун ж.б. инсандар катышып Жусуп Мамай башында турган кытайлык кыргыздардын манасты ЮНЕСКОго каттатууга карата күнөөсү жок экендиги аныкташканда «жарма патриоттордун» сөздөрү тык токтоду. Ошентти... Атабыз Жусуп Мамайдын кыргыз элине карата аткарган ой-санаасы ак экендиги Кыргыз Республикасынын Президентти Алмазбек Шаршенович Атамбаевдин Жарлыгы менен дагы дүйнө жүзүнө далилденди. Жалпы ушул ж.б. жазылган эмгектерге камтылгандай Карахан доорунан Моголстан дооруна, Цинь, Кокон, Кашкар доорунан Орусия империясына чейинки мезгилдерде Кашкардан Нарынга чейинки зор мейкиндикти ээлеген Кара-Чериктер ушул Улуу мекенибиз болгон Кыргыз Республикасына *(Кыргызстанга)* качан да болбосун «ишенич менен таянычтын туруктуу түркүгү болуп келген» деген элдик тарыхый бүтүмү чындык болуп эсептелет. Аккан арыктагы суу бүгүн тартылып калса, эртең толтура болуп агат. Ага кейиштин кереги деле жок. Аны Теңир өзү билет. Илгерки бир оозунда келмеси бар инсан айткандай «Куурайдын кургап калган жалбырагындай шуудурабай-Жалгыз теректин саргарып түшпөй калган жалбырагандай жалдырабай» калп эле ураанчыл болбой, тарыхты бурмалабай же атайын эле жазбай койбой, тынч жашап, Эркин Мамлекетибизге ак жана калыс эмгектерибизди жумшайлы. Ардактуу сөзмөр окумуштуу агабыз Осмонакун Ибраимов мырза жазгандай «калп эле жарма патриоттордон болбой» чыныгы патриоттордон бололу! Бар бол Кара-Кыргыз урпагы!!!

## Теңир өзү берген

Айетул-курсии дубасында: «Алладан башка теңир жок. Ал тирүү жана түбөлүктүү. Ал үргүлөбөйт да, уктабайт. Көктө жана жерде эмне бар болсо, баардыгы аныкы. Анын уруксаты болбосо, анын жанында ким шапаат кыла алат. Алардын алдында жан артында болгон ар нерсени билет. Анын билиминен, анын каалоосунан сырткары эч нерсени биле алышпайт. Анын Курсиси *(билими)* көк менен жерди каптап турат: аларды коргоо Ага эч качан оор келбейт. Ал «өтө бийик жана өтө улуу» деп жазылган дедик. Ооба...жогорудагы дубанын маанисинде айтылгандай Жусуп Мамай атабыздын бактысын жаратман Теңир өзү берген. Ошон үчүн Алланын билими көк менен жерди каптап турат буга ишениш керек. Биз болгону ошол бизге берген билимин эли-журтубузга таратканга себепкер гана экендигибизди дагы унутпашыбыз керек.

Бул осуятты эстен чыгарбай көңүлдүн борборуна кармап жүрөлү!!!

Манасты менден бөлөк эч ким айта албайт дебейли!!!

Манасты менден бөлөк киши жазалбайт дебейли!!!

Маңдайга бүткөн ырыскы менен жашайлы!!!

Чоң-Казатта Манас менен Алмамбет бабаларыбыз бири-бирине такыба кептерин аманат катары таштагандай чоң атабыз Жусуп Мамай менен кечирээк канжыгадан көрүшөлү. Теңирдин буйругу менен «Кызыр Аллейхи Салам» жылоологон Жусуп Мамай атабызды кыямат кайымда Мухаммед-Мустафанын *(Ага тынчтык болсун)* шапаатынан кур калтырбасын!

Алла бизге чоң атабыздыкына окшош бакты-таалай, жаш берсин!!! Бул дүйнөдө кар кылбасын! Теңирден эки дүйнөбүздү ырыстуу кылган ыйман менен дөөлөттүү карылык сурайлы!!!



Профессор А. Акматалиев,
губернатор Мамбет Асан,
улуу манасчы Жусуп Мамай



Ишкер Ш. Орозалиев,
Жусуп Мамай,А. Акматалиев



Ш. Орозалиев, К. Бокоев, Жусуп
Мамай, Мамбет Асан



Журналист Б. Белеков,
Жусуп Мамай,
К. Бокоев



**Кытайлык кыргыздар,
Жазуучу - Журналист
К. Бокоев, Жусуп Мамай,
Б. Белеков**



**К. Бокоев, Жусуп Мамай,
Б. Белеков**



**Каныбек Бокоев, Жусуп Мамай**



**Шермамбет, Алмаз, Данияр,
Каныбек, Барыктабас**



Аппак-Кожонун мавзолейи
Барыктабас, Данияр, Алмаз,
Каныбек.



Барыктабас, Алмаз, Шермамбет,
Каныбек



Алмаз, Данияр, Каныбек



Барыктабас, Шермамбет, Данияр,
Каныбек



Каныбек, Кытайдагы Өмүрбай болуштун кызы Бурулуш



Каныбек, Бурулуш эже, Туугандары, Дүкөнчү



Каныбек, Эжем Бурулуш, Кытайлык туугандар, Данияр



Бишкек, филармония- Өмүрбек Дөлөев, советтик-партиялык ишмер Жаныбек Турсунов жана Каныбек.


Сейтакун, Куку, Курманбек, Батыш, Коңокбай, Калыйча, Сакиш,
Казыбек, Каныбек, Кадыр, Турсунбүбү, Абдылдабек, Камчибек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Сайф ад-дин ибн дамулло, Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтардын жыйнагы (Мажуму Атут-товарих) Акыл мамконцерни.Б.: 1996.
2. А.Н. Бернштам. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер.Б-2004..
3. Б.Джамгерчинов. Присоединение Киргизии к России. Б-1959.
4. С. Аттокуров. Кыргыз Санжырасы. Б- 1995.
5. Ж.Ө.Осмонов, А.А.Асанканов. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Б.: 2003.
6. В.М.Плоских. Биздин Кыргызстан. Популярдуу тарыхый энциклопедия.- Б-2004.
7. К.Усенбаев. Ормон хан. Б-1999.
8. Ө.Осмонов. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Б-2007.
9. Нарын облустук мамлекеттик администрациясы, Нарын мамлекеттик университети "Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына, Ажыбек баатырдын 200 жылдыгына, Казыбек казалчынын 100 жылдыгына арналган "Ажыбек баатыр жана анын доору", "Казыбек казалчы жана анын адабий мурастары" аттуу Республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Н-2003. 20-21-сентябрь.
10. Нарын облусу энциклопедиясы.-Б-1998.
11. Минстерство образования и науки КР. Кыргызско-Узбекский университет. Журнал: Наука образование техника. Мат., Международной научной конференции. Ош-2009.
12. Кыргыз Республикасынын УИА. Тарых жана маданий мурас институтунун № 2 журналы. Б-2009.
13. Токторбек Өмүрбектегин, Тынчтыкбек Чоротегин Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы (1855-1868). Б-1992.
14. К.Жуспов. Кыргыздар 2 том. санжыра, тарых, мурас, салт-Б.:1993.
15. Ж.Токтоналиев. Хан Ормон.1-2-т. Б-2000.
16. Т.Өмүрбеков. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу ж-а орду (19-к ортосу-20-к.башы) Б-2003.
17. Б.Джамгерчинов. Кыргыздар Ормон хан доорунда Б-1998.
18. К.Жусупов. Кыргыздар. 3-том. Жусуп Мамай. Санжыра. Тилекматтын баяны.Б-2004.
19. Ы.Абдрахманов. Черик уруусу тууралуу кол жазма. Ат-Башы а. 1958.
20. Тышкы иштер министерствосу. Кыргыз-Кытай мамлекеттик чек арасы жөнүндө материалдар жана документтер.Б-2003.
21. Т.Өмүрбеков. Боромбай.Б-2003.
22. Ө.Осмонов. Тагай бий.Б-2007.
23. А.Койчиев. Мухаммед-Кыргыз (Тагай бий).Б-2003.
24. Гезета "Русская Америка" о кыргызской государственности. Б-2003.
25. Кыргыз Туусу гезити. Ажыбек улуттук баатыр № 93, 11-13-декабрь 2001.
26. К.Бокоев. ж.б. Ажыбек баатыр (Даректүү баяндар).-Б.:2003.
27. К.Бокоев. Кыргыз башкаруучу Баймурат-Төрө жана тарыхый улуу инсандар.-Б.: 2006.
28. К.Бокоев. Ажыбек баатырдын ашы жана Калча бийдин күлүгү.Теңир-Тоо гезити, 23-август 2003-ж.
29. А.Салымбеков, К.Бокоев. Бабабыз Кошой жердеген Атбашы 21-к. босогосунда -Б. Учкун "АК", 2001.
30. К.Бокоев. Нарындан Кашкарга чейинки улуу инсандардын кыргыз тарыхындагы орду ж-а мамлекеттик ишмердүүлүгү (ХХ к.ХХ к. башы).Б-2010-ж.
31. Нарын ООИБсы, К.Бокоев. Нарын милициясы.Б-2011-ж.
32. АКипресс, Баракелде сайтына чыккан материалдар

## МАЗМУНУ

Киришүү........................................................ 4
XX жана XXI кылымдардын тирүү Гомери
Жусуп Мамай атабыз дүйнө салды..................... 15
Карт-Нарындын жаңылыктары........................... 21
Жусуп Мамай менен Артыштагы жолугушуу..... 23
1999-жыл........................................................ 38
2003-жыл........................................................ 41
Таанышуу........................................................ 53
Жусуп Мамай эмне үчүн Кытай Эл
Республикасында жашап калган........................ 55
Хан көтөрүү курултайы 57
Каргыш............................................................ 59
Орустарга ыктоо............................................... 63
Таза тарыхты окутуу......................................... 64
Ата-Баба тарыхын баалоо.................................. 67
Кыргыз-Журтунун тагдырын чечкен Курултай.. 70
Кыргыз-Кытай чегинин бөлүнүшү....................... 72
Жерге жайгашуу жана бөлүшүү......................... 77
Санжыра.......................................................... 82
Нарын жана Каракол шаары.............................. 83
Өмүрзак кыштоо............................................... 88
СССР............................................................... 90
Чындык............................................................ 95
Сапарга чыгуу.................................................. 97
Олуя................................................................ 110
Керемет окуя................................................... 114
Казыбек........................................................... 121
Кош канат........................................................ 122
Манас тууралуу укканым.................................. 124
Кыргыз телеберүүсү......................................... 129
Теңир өзү берген............................................. 135
Сүрөттөр сүйлөйт............................................. 136

*Китептин чыгышына демөөрчүлүк кылган инилерим Абдылдабек менен Мамбетасанга ыраазычылык билдирем.*

**Бокоев Каныбек Сейтакунович**

ЖУСУП МАМАЙ
МЕНЕН
АРТЫШТАГЫ ЖОЛУГУШУУ

(эскерүүлөр, ой-толгоолор, тактоолор, суктануулар)

Редактору: Турдукулова А.

Корректору: Эркинбек кызы Жанара

Компьютердик калыпка салган: Эркинбек кызы Жанара


Техн.редактору: Кочоров А.

Басууга 10.11.14. берилди. Форматы 60х84 $^1/_{16}$. Офсеттик кагаз.
Офсеттик басуу. Көлөмү 5,18 б.т. Нускасы 375 д. Заказы 340.

720044, Бишкек, Сухомлинов көч., 20.
“Текник” ББ КМТУ, т.: 54-29-43
E-mail: beknur@mail.ru

Китепке ой пикирлериңиздер болсо ушул байланыш телефондорго чалсаңыздар болот 0550- 28-10-87; 03522-5-01-34.

**Фарс тилиндеги «Мажму-атут-товарих», Кытайлык кыргыздар Куртүкө уулу Барыктабас, Үсөйүн Ажы, Жусуп Мамай; Нарындык Ыбрай Абдрахманов, Сабыр Аттокуров, Ороз болуш кызы Калыйча жана Тагайболот уулу Токтобайлардын эмгектеринен жалпылап жаңыча иштелип чыккан болжолдуу Черик уруусунун генеалогиялык таблицасы**




Эскертүү: ушул таблицага КЭРна барган үчөөбүздүн эле кыскача маалыматыбызды бердик. Негизи Атан бийден Каныбекке чейинки маалыматтарды дагы бир эмгекке кези келсе берээрбиз!



Бокоев Каныбек Сейтакунович 1957- ж. Кыргыз ССРи, Нарын обл., Ат-Башы р., Баш-Кайыңды а.т.. 1964-1974-жж. С.М.Киров ат. орто мектепте. 1975-1977-жж.ГДР «Альимпишесдорф» аймагындагы ГСВГнын 83-гвардиялык полкунда СА катарында. Фрунзе ш. СССРдин 50 ж. ат. КМУинин юридикалык факультетин бүтүргөн. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызматынын, КР Чек ара кызматынын, КР ИИМнин, СА отличниги. 1978-1999-жж. КР ИИМ караштуу Нарын-Ысыккөл ОИИБсынын карамагында. КР УИАнын Тарых жана маданий мурас институтунун илим изденүүчүсү. КРнын Улуттук жазуучулар, журналисттер союзунун мүчөсү, Ат-Башы р. Баш-Кайыңды а., Нарын обл. ардактуу атуулу. Россия Федерациясынын Мамлекеттик Думасынын «Бирдиктүү Россия» фракция тарабынан Россиянын Афганистан ветерандар союзунун «Эрдик жана Ата-Мекен үчүн» күжүрмөн ж-а КР ЖК 1994-ж.10.10. №1591-П Токтомуна ылайык «Кыргыз милициясына 70 жыл» ж.б. медалдар м-н сыйланган. 2001-ж. Бабабыз Кошой жердеген Ат-Башы XXI к. босогосунда (райондун 70 ж. карата). 2003-ж. Ажыбек баатыр. 2006-ж. Кыргыз башкаруучусу Баймурат-төрө ж-а тарыхый улуу инсандар. 2010-ж. Нарындан Кашкарга чейинки Улуу инсандардын кыргыз тарыхындагы орду ж-а мамлекеттик ишмердиги (19 к., 20 к. башы). 2011-ж. Нарын милициясы энциклопедиясын жазган ж-а эмгектери жарык көргөн. 2013-ж. 17-сентябрда Теңир-Тоолуктар эле эмес Кыргыз тарыхында биринчи жолу Нарын ш. негизделгендигинин 145 жылдыгы Турдуке баатыр м-н хан Карымшактын 200 ж. өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш.Атамбаев менен РФ Президенттери В.В. Путинге ж-а Д.А.Медведевге демилге көтөрүп, кат жазып маарекелерди өткөрүүнү коомчулук менен бирдикте ж-а КР Президентинин аппаратынын бөлүм башчысы Мира Аскеровна Карыбаеванын калыс ж-а көрсөтмө каты аркылуу ишке ашырганга жетишкен.